кырг
Ш 463.25
Д 86

Дүйшеев Жумакадыр

СҮЙЛӨӨ МАДАНИЯТЫ ЖАНА СТИЛИСТИКА

II китеп

Бишкек 2007

Ш163.25-72

Ш163.2
Д 26

Кыргыз Республикасынын Билим, илим
жана жаштар саясаты министрлиги
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук
университети
Кыргыз филологиясы факультети
Кыргыз тил илими кафедрасы

Дүйшеев Жумакадыр

СҮЙЛӨӨ МАДАНИЯТЫ ЖАНА СТИЛИСТИКА

II китеп

Студенттер, мугалимдер үчүн окуу куралы

Бишкек – 2007

АРХ

УДК 80/81
ББК 81.2 я 7
Д 81

Кыргыз Республикасынын Билим, илим жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарына, журналисттерге, мектеп мугалимдерине окуу куралы катары сунуш кылынган.

Дүйшеев Жумакадыр.
Д 81. **Сүйлөө маданияты жана стилистика. II китеп.** Жогорку окуу жайларынын филология жана журналистика факультеттеринин студенттери, мектеп мугалимдери үчүн окуу куралы. – Б., 2007. – 192 б.

ISBN 9967-22-806-9

Окуу куралынын экинчи бөлүмүндө стилистика, анын бөлүнүшү, стилистикалык каражат, маани, ката жана норма теориялык жактан анализденип, эмоционалдык-экспрессивдик боёкчо менен функционалдык стилдин түрлөрүн, оозеки жана жазуу речтин колдонулуш ыкмаларын өнүктүрүү каралат.

3106
НАЦИОНАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА Кыргызской Республики 2009 г.

УДК 80/81
ББК 81.2 я 7

Д 4602000000-05
ISBN 9967-22-806-9 **© Дүйшеев Жумакадыр, 2007.**

КИРИШ СӨЗ

Республикабыздын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде эле эмес, жогорку окуу жайларында да кыргыз тил предметин окутууда студенттердин окуучулардын оозеки, жазуу түрүндөгү байланыштуу сүйлөөсүн, сүйлөө маданиятын өнүктүрүү жагына, улуттук тилибизди практикалык максатта пайдалана билишин камсыз кылууга, үйрөтө билүүгө басым жасалууда. Анткени учурдун талабына ылайык, лингвистиканы, б.а., тил жөнүндөгү окууну тилдик системалык бирдик катары эле окуп үйрөнбөстөн, сүйлөөнүн тексттик лингвистикасын да, б.а., информациялык коммуникациянын катышуучуларынын сүйлөөсүндөгү анын акыл-эсине, ой жүгүртүүсүнө ылайык пикир алышуунун кырдаалынын деңгээлиндеги сүйлөөнүн прагматикалык жагынан бөлүнбөгөн типтүү чыгармачылык кубулуш катары окутулууда.

Азыркы илимий изилдөөлөрдө лингистикадагы байланыштуу сүйлөө маселеси адамдардын сүйлөө ишмердүүлүгүнө (окуу, угуу, сүйлөө, жазуу) карай жаштардын ой-пикири сүйлөмдөр менен эмес, андан чоң бирдик – текст аркылуу ишке ашары эске алынууда. Ошондуктан байланыштуу сүйлөөнүн өзөгүн түзгөн текст гана тил каражаттарынын колдонулуш өзгөчөлүктөрүн изилдеп, үйрөнүүчү материал катары каралып келген. Эми тексттин өзү изилдөөнүн объектисине айланып, тексттин мыйзам ченемдүү түзүлүшү, анын маанилик, тематикалык курулушу жана стилистикалык байланыш өзгөчөлүк жолдору психологдордун, лингвисттердин, методисттердин, адабиятчылардын изилдөөлөрүндө зор кызыкчылыкты туудуруп келет.

Ушундан улам, ар бир жогорку билимдүү адистин оозеки жана жазуу сүйлөөсүн өнүктүрүп, сүйлөөнү теориялык жактан эле эмес, практикалык жактан ким менен, качан, кайсы жерде, кандай максатта, пикир алышуунун кырдаалына карай сүйлөөнүн адебин сактап, тилдин мыйзам ченемдүүлүгүндө (сүйлөө процессинде) чыгармачылык менен колдоно билүүсүн өнүктүрүү максатын көздөйбүз.

Келечектин педагогдору студенттерди, мугалимдерди (жаш өспүрүм окуучуларды) адабий тилдин орфоэпиялык, лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоо нормаларын туура сактап, оозеки сүйлөөдө, жазууда болсун, аларды орфографиялык, пунктуациялык сабаттуулукка ээ кылып, туура жана мыкты сүйлөөнү түзө алгандай абалга жеткирүү максатына ылайык иш алып бардык. Алар тил менен сүйлөөнү айырмалап билип, адабий тилдин нормасын толук өздөштүрө алуусун камсыз кылууга аракеттенебиз.

Сүйлөөнүн коммуникативдик сапаттарын толук өздөштүрүп, пикир алышуунун кырдаалына ылайык тилдин, сүйлөөнүн стилдерин аныктап, сүйлөөнүн адебин сактай алгандай болушу керек.

Тексттин кайсы гана түрүнө болсун, лингво-стилистикалык анализ жүргүзүлүп, айрым көркөм адабий тексттердеги сүйлөөнүн функционалдык маанилик түрлөрүндөгү (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) сөздүн эмоционалдык-экспрессивдик жана өтмө маанилеринин колдонулуш зарылчылыгын текст түзүүдө же оозеки пикир алышууда антоним, синоним, омоним, көп маанилүү сөздөрдү ылайыгына жараша тандап, иргеп пайдалануунун стилдик ыкмаларын аныктай билүүгө машыктырып, ал жөнүндөгү билгичтигин калыптандыруу максатын көздөйбүз.

Сүйлөө маданиятынын адабият сабагы менен тыгыз байланыштуулугун түшүндүрүп, көркөм адабияттын

тилин, андагы автордук, персонаждык сүйлөөнү баамдап, көркөм сөз каражаттарын талдап, туруктуу сөз айкаштарынын колдонулуш максаттарын, стилдин ар түрдүү милдеттерин аныктай алууга жана аларды талдай билүүгө көнүктүрүүгө үйрөтүүгө ылайык иш алып барабыз.

Студенттердин, окуучулардын сөзүнүн бай жана ар тараптуу болушу үчүн, ар биринин сөздүк корун көбөйтүү үчүн текст менен системалуу иш жүргүзүп, мааниси анча так эмес, белгилүү болбогон сөздөрдү, синонимдик катарлардын керектүүлөрүн жазуу же оозеки сүйлөөсүндө колдоно алышын камсыз кылуу ишин колго алабыз.

Ошентип, 1- китептеги сүйлөө маданияты боюнча айтылган ой-пикир экинчи китепте улантылып, бирин-бири толуктайт. 2- китепте негизинен стиль, стилистика, анын коомдун ар кандай тармактарында, чөйрөдө пикир алышуунун кырдаалына, экстралингвистикалык өзгөчөлүктөргө негизденип колдонулушу, бөлүнүшү, стилдин түрлөрү колго алынат. Айрыкча, стиль, стилдик маани (стилдик боёкчо), алардын колдонулушу боюнча мисалдар берилип, кенен пикир айтылат.

СТИЛИСТИКА

Кыргыз тилин мектептерде окутуунун жаңы милдеттеринин бири окуучулар ой-пикирин оозеки жана жазуу түрүндө эркин, логикалык ырааттуулукта байланыштуу, сабаттуу туюнта билүүгө үйрөтүү болуп эсептелет. Окуучулар көргөн-билгенин, окугандарын, түшүнүктөрүн толук өздөштүрүп, текст түзө билип, аны өркүндөтө билүүгө машыгуусу керек. V класста байланыштуу сүйлөөгө 31 саат сабак өтүү пландаштырылып, сүйлөөнүн стилдери, стиль жөнүндө түшүнүк, стилдин түрлөрү: сүйлөөнүн оозеки жана жазуу стилин үйрөнүшөт.

Стиль грекче stilas, алгач жазуу таякчасы, б.а., илгери момго (пластилин сыяктуу) жазган таякча боло турган. Мезгил өтүп, коом өнүгүп, адамдар кагаз бетине жаза баштаган мезгилде жаза билүүнүн ыкмасы деген мааниге да байланышат. «Стиль» деген термин коомдук өнүгүүгө шайкеш тилге, адабиятка, жазуучунун жеке чыгармачылык өзгөчөлүгүнө, жанрдагы түрлөрүнө, адабияттагы агымдарга, адабияттын улуттук бөтөнчөлүгүнө, методдорго ж.б. түшүнүктөргө байланыштуу кеңири мааниде колдонулат.

Эгерде «стиль» деген түшүнүктү тар мааниде алып карасак, анда белгилүү бир доордогу адабияттык агымдарга, алардын көркөмдүк бөтөнчөлүктөрүн ачып көрсөтүү үчүн да колдонулат. Алсак, «романтикалык стиль», «реалисттик стил» деген сыяктуу түшүнүктөр адабияттын тарыхында белгилүү.

«Стиль» деген терминге келсек, совет доорунда «иштин партиялык стили» деген түшүндүрмөлөр болгон.

«Стиль» деген терминдин кеңири колдонула беришинен улам, аны режиссерлор, музыканттар, живописчилер (сүрөтчүлөр), архитекторлор, адабиятчылар, тилчилердин ар кимиси өз адистигине карата колдонуп келишкен.

К.Маркс менен Ф.Энгельс: «Стиль – бул адам» деген аныктаманы берет. Анткени ар бир адамдын сүйлөөсү, аны кагаз бетине түшүрүшү ар башка. Сүйлөө ойдон чыккан чындыкка, акылга, ой жүгүртүүгө, жөндөмгө, сөз байлыгына, билим деңгээлине байланыштуу болот. Элибизде: «эшегине жараша – тушагы», «өңдү кудай берсе, тебетейди өзү таап киет» деген сыңары, адамдын кийген кийими, жүрүм-туруму, тапкан достору анын стилине байланыштуу болот.

Ар бир жазуучунун өзүнө таандык стили болушу – табигый иш. Белинский кайгы менен чөгүүнү билдирсе, күлкү Гоголдун жеке стилдик чеберчилигине таандык. Ал эми адамдардын ички жан дүйнөсүнө жетик саякат жасап, сүрөттөөлөргө аналитикалык талдоо жүргүзүү менен психологизм, социалдык-турмуштук проблемаларды кырынан коё билүү – Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы индивидуалдуу стилине таандык көрүнүш.

Стиль – тилдик (көркөм) бай каражаттарды сүйлөшүүнүн максатына, пикир алышуунун чөйрөсүнө ылайык колдоно билүүнүн ыкмасы. Стиль ар бир окуу материалынын кимге арналып жатканына, жанрына, пикир алышуунун чөйрөсүнө, кырдаалына, шартына, информацияны берүүсүнө, экстралингвистикалык факторлордун текстти уюштуруусуна карата өзгөрөт, кубулмалуу болот. Сүйлөөчү же текстти уюштуруучу адам башка угуучуга билдире турган ой - пикирин идеяга, сөз боло турган темага карай жанрдын бир түрү тандалат. Ал эми ар бир жанрдын түрү өзүнчө сөз тандоону, стилдик бөтөнчөлүктөрдү талап кылат. Ошондуктан, жанрдын ар биринин стилдик

бөтөнчөлүгү болбосо, ал ар башка жанрга жатпасы белгилүү.

Акыркы жылдары стилдик фактордун текстти уюштуруучу мүмкүнчүлүктөрү изилденип, стиль тексттин тулкусунда жашайт, б.а., стиль болуш үчүн текст түзүлүш керек, текст болгон жерде стиль бар. Ушул себептен тексттин уюшулушун, анын семантико-структуралык, логика-коммуникативдик уюшулушун тексттин стилдик өзгөчөлүгү катары кароого болот.*

XI класста, кыргыз тилин окутуунун программасында, стиль жана стилистика, анын милдети жана изилдөө объектиси, кыргыз адабий жазма тилинин өнүгүү этаптарында пайда болгон функционалдык стилдер жөнүндө жалпы маалымат берилиши керек. Азыркы мезгилде тил маданиятын жогорку баскычка көтөрүүдө тилдин коомдо колдонулуш ыкмаларын изилдөөчү лингвистикалык илимдин бир тармагы стилистика маселелерин илимий жактан үйрөнүп, аны теориялык жактан да, практикалык жактан да окуп билүү зарылчылыгы бар. Айрыкча, тил маданияты стилистика менен өтө тыгыз байланышта. Айрым адистер экөөнү бирге, окшош деп, аралаш карагандар да жок эмес. Бирок стилистиканын өз предмети, алдында изилдөө максаты, милдети бар.

Стилистика (стилология десе да болот) тилдеги сүйлөөнүн стилдерин функционалдык (же функционалдык-структуралык) жактан тилдин жана сүйлөөнүн стилдерин окутат. Сүйлөө маданияты жөнүндө көптөгөн суроолорду да стилистика карайт.

Кыргыз тилинин стилистикасы – илим катары өнүгүшүндө дүйнөлүк жана орус тил илиминдеги стилистикага арналган теориялык жана практикалык жоболорго, ой-пикирлерге таянып, 1950 - жылдардан

---

* Маразыков Т Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы. II китеп. – Б., 2005. – 20- б.

баштап акын-жазуучулардын чыгармаларынын тилине талдоо жүргүзө баштаган жаш илим.

1968- жылдан тартып, IX–X класстын окуучуларына стилистика окутула баштаган. Окуу программасында белгиленгендей, стилге түшүнүк берүүдө эки негизги фактор эске алынышы оң. **Биринчиси**, сүйлөөнүн колдонулуш чөйрөсүнө, б.а., турмуш-тиричилик чөйрөсүндө, илимий иштегидей же көркөм чөйрөдөгүдөй сүйлөөгө болбойт. Жашоо тиричиликтеги адам ишмердиги ар тараптуу чөйрө тармагында, сүйлөөнүн максатына, милдетине ылайык ар түрдүүчө, ар башка ыкмада сүйлөө талап кылынат. Ошондуктан стиль текст менен тыгыз байланышта, бирок стиль жана текст – эки башка көрүнүш: текст изилдеп, окуп үйрөнүлүүчү объект катары каралса, стиль андагы ой-пикирди ишке ашыруунун бир ыкмасы катары сүйлөөнүн милдетин, максатын ишке ашырат. **Экинчиси** болсо, лингвистикалык бирдиктерден сырткары да экстралингвистикалык факторлор сүйлөөнүн уюшулушуна, маани, максатына таасир этет, аны түзүүгө тикеден-тике катышат. Алсак, адамдар туш келди эле оюна келгенди сүйлөй бербейт. Сүйлөөнүн максаты, мотиви, сүйлөөчүнүн угуучуга болгон мамилеси, текстти түзүүнүн логикасы, б.а., аны (угуучуну) кызыктыруучу сөздөн баштап, өзүнүн ишин айтып, стилдик бир ыкма менен артка чегинүү, кайрадан оюн улоо саясаты, тактикасы, стилдик табияты ж.б. сүйлөөгө (тексттин түзүлүшүнө, уюшулушуна) багыт берүүчү экстралингвистикалык маанилик бирдиктер болуп эсептелет. Ушундан улам текстти түзүүдө экстралингвистикалык факторлорго алдын ала көңүл буруу менен тил каражаттары стилдин бир түрүндө өтө типтүү, таасирдүү, дыкаттык менен атайын тандалып, акыл, насаат катарында жеткиликтүү берилсе, экинчисинде ой да чачкын, үстүртөн гана өзүң түшүнөсүң дегендей маани берет.

Тилдик каражаттарды, б.а., тилдик системалык-структуралык бирдиктерди сүйлөөнүн, билдирүүнүн максатына, тексттин уюшулушуна карата конотациялык ыкмада сөздүн стилистикалык боёкчолуулугун стилдик мааниге сиңирип колдонуудан байкалат.

Стилистика теориялык жактан эле эмес, практикалык жактан да тигил же бул тилде анын стилистикалык түзүлүшүн, тилдин стилдик көркөм каражаттарын, көркөм чыгармаларда жазуучунун же акындын тилди текстте колдоно билүү чеберчилигин, ыкмаларын текшерет.

Стилистика, бир жагынан, тил илимине таандык болсо, экинчи жагынан, адабият таануу илимине таандык. Тигил же бул сүйлөөнү, текстте тилдик каражаттардын колдонулушун, андагы идеяны, композиция, форма менен мазмунду, типтүү образдарды ж.б. аныктоо үчүн эки илим тармагына айкашып иш алып барат. Стилистика эки илим тармагынын ортосундагы чек ара, б.а., бир эле текстти изилдөөдө эки башка аспектиде окуп үйрөнүүгө негиз бар. Демек, тилде лингвостилистика деп окутулса, адабиятта көркөм сөздүн (тилдин) поэтикасы катары үйрөнүлөт. Ал эми лингвопоэтиканын объектисине поэтикалык тил, көркөм адабияттын тили, адабий тил кирет. Мындай учурда сөз – образ – түшүнүк катары сөздү колдонуу ыкмасы изилденет.* Поэтикалык тил – образдуу тил.

Адамдардын өз ара максаттуу билдирүүсүн, ой пикирин айтууда тил каражаттарынын тандалышы, уюштурулушу бирдей болбойт. Анткени, анын максаты, сөз болуп жаткан маселе андагы сүйлөөгө түзүлгөн шартка да байланыштуу болот. Алсак, «айтылбай турган сыр эле, айтылып кетти өзү эле» дегендей, сүйлөөнүн максатын андагы сүйлөшүү чөйрөсү түзүп, экстралингвистикалык фактор менен айкашып, конфликт өнүгүп, диалог курчуп, сүйлөөнүн кези

---

* В кн.: Развитие функциональных стилей современного русского языка. – М., 1968. – С. 75.

келсе, «келген кепти келин айтат». Пикир алышып, ой-пикирди билдирүүнүн оозеки жана жазуу формалары болгон илимде, саясат менен көркөм өнөрдө ар башка, коммуникациялык информациянын жекече же массалык мүнөзүнө ээ болгон түрү лекцияда, диспутта, аңгеме-маек курууда же анын жанрына карата көркөм сүйлөөнүн өзгөчө түрү (стилдик ыкмасы) талап кылынган учурда сценалык, дикторлук, ораторлук сөздү аткарууда ал ар башка тилдик каражаттарды, стилдик ыкмаларды колдонот.

Жыйынтыктап айтканда, стилистика коомдук ар кандай шартта, тилдик катнаштын ар түрдүү чөйрөсүндө, формасында, лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлордун негизинде анын жанрына карата маанилик жактан тил каражаттарынын уюшулушун, сүйлөөнү, б.а., текстти изилдейт.

Стилистиканын милдетин тилдеги океандай толкуп жаткан бай ресурстарды чебер колдоно билүү чеберчилигине байланыштуу кароо керек. Анткени, айтуучу идеяны, ой-пикирди тилдик каражаттар, сөз, сөз айкашы, сүйлөмдөр менен далма-дал, маданияттуу берип, угуучулардын черин жазып, көңүлүн ачуу чындыгында, чоң өнөр, зор чеберчилик болуп эсептелет.

Стилистика коомдогу ар кыл көрүнүштөрдү мааниси, кооздугу жагынан ачып көрсөтүш үчүн, ага ылайык тил каражаттарын өтө кылдат тандап, ой-пикирди даана, так, көрктүү түрдө берүүгө ылайык сөздөрдү, сөз айкаштарын жарактуулугуна карай ылгап колдоно билүүнү ишке ашырат.

Стилистика илим катары текстти талдоонун семантико стилистикалык методун, салыштырма методун, стилистикалык сөз-образ (микрообраз) жана кеңири практикаланып жаткан стилистикалык-статистикалык методдор менен изилдейт.*

---

* Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. – Ош, 2000. – 20- б.

Тилдик стилистиканын багыттары жана аспектилери ушу мезгилге жете тактала элек. Стилистиканы изилдөөнүн методдору да, багыттары да ар түрдүү, ар башка. М., текстке система-структуралык жактан жасалган мамиле жана тексттик лингвистиканын маселелери, тилдик белгинин **денотативи**, көркөм чыгармага лингвистикалык илик, текст таануу, текстти интеграциялоочу лингвистикалык, экстралингвистикалык факторлор ж.б. кыргыз тилинде изилдене баштады.

Стилистиканын негизги багыттары катары В.В.Виноградов, биринчиден, «системалардын системасы» катары тилдин стилистикасы же структуралык стилистика, экинчиден, сүйлөөнүн стилистикасы, б.а., тилдин коомдо колдонулушуна карай түрлөрү, үчүнчүдөн, көркөм адабияттын стилистикасы деп көрсөткөн.*

Ошентип азыркы кыргыз тилинин структуралык стилистикасы тилдин системасынын коомдо колдонулушуна карата негизделген. Тилибиз фонетикалык, лексико-фразеологиялык, сөз жасоо, морфологиялык жана синтаксистик деңгээлдеги структуралык бөлүктөрдөн турат.

Стилистика тилдик ярустардын каражаттарын байлыктарына, боёкчолоруна жана адамдарга таасир этүүчү көрктүүлүгүнө, стилдик мүмкүнчүлүгүнө карата изилдейт.

Кыргыз тилинде структуралык стилистика төмөндөгүдөй түргө (бөлүктөргө) бөлүнөт:

1. Фонетикалык стилистика;
2. Лексикалык (жана фразеологиялык) стилистика;
3. Сөз жасоо стилистикасы;
4. Морфологиялык стилистика;
5. Синтаксистик стилистика.

---

* Виноградов В.В. Стилистика. Теория поэтической речи. Поэтика. – М., 1963. – С. 21.

Функционалдык стилистика.

Тил адамдардын коомдо пикир алышуусунун эң зарыл каражаты катары коммуникативдик функция (милдет, кызмат) аткарат. Ал эми коомдун ар түрдүү жагдайында, чөйрөсүндө аткарган кызматынын сапаты, түрү да ар башка, ар түрдүү. Кыргыз тилинин тилдик каражаттары сүйлөшүүнүн катнаштык учурунда, баяндоонун, билдирүүнүн типтерине катышканда, сүйлөө функциясынын кызматын аткарат. Сүйлөшүү функциясы гана тилдик коомдук (кызматын) карым-катышты, билдирүүнү таасир этүүчү жана эстетикалык кызмат өтөп, структуралык планда функционалдык стилистиканын предметин, түрлөрүн аныктайт.*

Жогоруда айтылгандай, ар түрдүү сүйлөшүүнүн чөйрөлөрү (турмуш-тиричилик иш чөйрөсү, илимий чөйрө, публицистикалык чөйрө, көркөм чөйрө) беш түргө бөлүнөт.

Мына ушундай сүйлөшүүнүн беш чөйрөсүнүн негизинде:

1. Турмуш-тиричиликте сүйлөө стили;
2. Иш стили;
3. Илимий стиль;
4. Публицистикалык стиль;
5. Көркөм стиль –

деп аталган функционалдык стилдин беш түрү калыптанган. Аталган стилдин түрлөрү сүйлөшүү чөйрөсүнүн табиятына жараша текст түзүлүп, информация туюндурулуп, кабыл алынат. «Ар бир сүйлөшүү чөйрөсүндө, функционалдык стилде ар башка максат-милдеттер, кызыкчылыктар, жагдай-шарттар, норма-талаптар, муктаждыктар болгондуктан, ал стилдерде түзүлгөн тексттердин да тематикасы, саясаты, көлөмү, эмотивдик, эстетикалык табияты жана алардын түзүлүш, реализацияланыш механизмдери,

---

* Виноградов В.В. Проблемы авторства и теория стилей. – М., 1961. – С. 123.

семантика-структуралык интеграциясы бир кылка эмес» (Маразыков Т., 2005).

Функционалдык стилистикалык жагынан адабий тилди адетте экиге бөлүп караоочулар бар:

1. Сүйлөшүү тили;
2. Китеп тили.

Сүйлөшүү тилине жөнөкөй турмуш-тиричиликке байланыштуу пикир алышуулар, социалдык жана профессионалдык жаргондор да кошулуп сүйлөнөт. Ал эми китептик тилди жалпы жонунан «адабий тил» деп атоолор да бар.

Адабий тилди жогоркудай сүйлөшүү тили жана китептик тил деп экиге кескин түрдө бөлүштүрүп карао жазма традициясы мурдатан бери өнүккөн (мисалы, орус адабий тили) тилдерге таандык. Жазма адабий тили, жалпы элдик тилдин негизинде жаңы гана өнүгүп келе жаткан кыргыз адабий тили сыяктуу жаш адабий тилдер үчүн мындай бөлүштүрүү шарттуу түрдө болушу мүмкүн.*

Жалпы элдик тил

Тил адам баласынын өз ара катнашынын зарыл куралы катары ошол коомдун (ошол элдин) мүчөлөрүнө толук түшүнүктүү болуп, анын сөз булактарынан пайдаланып, бирдей грамматикалык түзүлүштө турган сүйлөшүүчү адамдарга жетимдүү болгон сүйлөө орток тил же жалпы элдик тил деп аталат. Ал эми оозеки жана жазма адабий тилдин лексикалык, грамматикалык, фонетикалык, орфоэпиялык нормалары болсо, дал ушул жалпы элдик тилдин табиятына негизделет.

Кайсы гана тилде болбосун, лексикалык жана грамматикалык бирдик болбосо, диалектилик чаржайыттуу-

---

* Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф. 1984. – 156- б.

лукка жол берилип, норма сакталбаса, ал элде байланыштын каражаты катары табиятынан айрылат. Анткени улут коллективинин мүчөлөрү бири-бирин түшүнө албай калышы ыктымал. Ошондуктан тил илиминде, анын ичинде стилистикада жалпы элдик тилдин нормалары толук сакталып, диалектилик өзгөчөлүктөрдүн ыгы жок таңууланышына назар салынып, адамдардын өз ара оңой түшүнүүсүнө жетишүү керек.

Элдик тилдин нормасы дегенибиз – диалектилик өзгөчөлүктөр аралашып колдонулгандыгына карабастан, жалпы улутка түшүнүктүү негативдүү мүнөздөгү тил.

Жазма адабий тил

Жазма тилде оозеки сүйлөөдөгүдөй кол жаңсап, пантомимо менен мимиканы, интонациялык үн кыймылдарын ж.б. психикалык каражаттарды колдонуу мүмкүн эмес.

Тескерисинче, жазма адабий тилде сөзүбүз тыбыштардын шарттуу белгилери менен графикалык ыкманы колдонуу аркылуу ишке ашат. Ошондуктан жазма тилде сөздүн айкын, учкул маани берүүчү көркөм каражаттарын тандап пайдаланууга зор маани берилет. Булардын дагы бир негизги айырмасы: жазма тилдин өнүгүшүндө ар кыл жанрлар пайда болушу менен бирге, жаңы стилдик өзгөчөлүктөр кеңири орун ала баштайт.

Ал эми карапайым оозеки сүйлөшүү тилине караганда, адабий тил такталган, нормага салынган мүнөздө болуп, диалектилик нормадан тазаланат. Адабий тилдин позитивдик мүнөзү нормативдүүлүктүн ишке ашырылышына өтө тыгыз байланышып, норманын так, тарамдалуучу, баалоочу жагы менен айырмаланат.

Стилистика тилдик норманын бир коллективге – жалпы бир элге, кыргыз элине таандык экендигин белгилейт. Бирок ошол жалпы элге таандык норма менен бирге аткаруу функциясы жагынан чектелген

диалектизмге таандык норма болот. Алсак, көркөм чыгармада, публицистикада, образ ачыш үчүн персонаждын сүйлөөсүндө, ал каармандын ким экенин көрсөтүш үчүн стилдик максатта колдонулат.

Адабий тилдин нормасы адабий тилдин түзүлүшүнө чейинки улуттук тили менен улуттук тилге чейинки мезгилден айырмаланат. Адабий тилдин мүнөздүү нормасы: а) тилде колдонулган сөздөрдүн так болуп, вариантгуулуктун типтерин кыскартуу; б) норманын тандалышы менен нормативдүүлүктүн дифференцияланышын күчөтүү, анын тилди колдонгон бардык территорияга бирдей таралышын, функцияланышын жана стилдик сферасын кеңейтүү; в) норманын аң-сезимдүүлүк менен коом тарабынан кабыл алынып, бааланышы.

Азыркы кездеги адабий тилдер үчүн туруктуу нормативдүү гана ишке ашуу мүнөздүү болбостон, тандалып алынган кээ бир вариантгуу каражаттар адабий тилдин нормасын кеңитип, адабий тилдин ар түрдүү спецификалык мүнөзүн көрсөтүп, айрым тарыхый мезгилге байланыштуу анын өнүгүшүн белгилөөгө мүмкүндүк берет.*

Тил илиминин бөлүмдөрүнө стилистиканын катышы

Оозеки сүйлөөдө да, мейли басма сөздө болсун, белгилүү тилдик норманын негизинде сүйлөмгө катышкан сөздөрдү туура, так айтууга ылайык, стилистика **орфоэпия** менен байланышат.

Ал эми ар кандай сүйлөмдүн тибин уюштуруп, супер-сегменттик каражаттар менен сүйлөмдүн маанилик оттенкасын, боёкчолорун тактоодо **фонетикага** кайрылат.

---

* Жапаров А., Орузбаева Б., Абдулдаев Э. Кыргыз тили. IX–X класстар үчүн окуу китеби. – Ф.: Мектеп, 1968. – 58- б.

Морфология сөздөрдүн уңгу-негизин, сөз топторун (сөз түркүмдөрүн), структурасын (уланды, куранды жалгоолорун) өз кучагына камтыйт да, стилистиканын катышы менен сөздөрдү ар башка ыкта пайдаланат. Стилистика болсо ойду айкын, кылдат кылып берүүдө морфологиялык формалардын негизинде алардын синонимдик параллелдерин пайдалануунун ыкмаларын, маанисин ачуу ишин тейлейт.

Тилдин **синтаксиси** болсо, сөз айкалыштары, сүйлөмдүн түзүлүшү, анын түрлөрү жөнүндөгү илим болуп саналарлыгы бизге белгилүү. Ал эми стилистика болсо, ошол айкалыштардын, сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн орун тартибинин алмашуусу аркылуу ар кандай маанилик оттенокторду билдирет. Мындай өз ара байланышты стилистиканын бирден бир чоң бөлүмү стилистикалык синтаксис окутат. Ал эми лексика менен фразеологиянын стилистикалык байланышы кийинки бөлүмдөрдө аныкталат.

Ошентип стилистика тилдик материалдардын төмөндөгүдөй маселелерин кошуп бирге карайт. Алар: тилдик норма; стиль, стилдик маани (стилдик боёк) ж.б.

Стилдик маани эки түрдүү болот:

1. Функционалдык мааниде, б.а., тилдин коомдо аткарган кызматына, чөйрөсүнө, лингвостилистикалык, экстрагингвистикалык маанисине карата;

2. Экспрессивдик мааниде, б.а., айтылуучу ойдун көркөмдүк, эстетикалык маанисине карата кезигиши мүмкүн.

Стилистикада экспрессивдүү боёк көркөм чыгармаларда анын мазмунуна, персонаждардын мүнөзүнө, аткарган иш-аракетине жараша ар түрдүү архаизмдер, историзмдер, диалектизмдер, неологизмдер колдонулуп, стилизациялык ыкмада да берилет. Экспрессивдүүлүк боёкчо сүйлөөдө (жазууда), текстте шылдыңдоо, тамашалоо, жек көрүү, жакшы көрүү, мактоо, кордоо, өзүн ыгы жок эркин кармоо (фамилярность),

3106

НАЦ... ЭНЧЛЬНАЯ
БИ... ОТЕКА
...ской Республики
12 2009 г.

оройлук жана башка ушул сыяктуу ыкмаларга карата эксапрессивдик стилистика иш алып барат.

Көркөм адабий чыгармаларда эмоционалдуу-экспрессивдүү лексикалардын стилдик максатта колдонулушу

«Эмоция» деген латын тилинен алынган, күчтүү ички сезимди – толкунданууну, кубанууну, кайгыруу-ну, жек көрүүнү, көрө албастыкты ж.б. билдирет. Экспрессивдүү стилистикалык боёкчо сөзгө же сүйлөмгө тикеден-тике таандык жана анын ажырагыс, бөлүнбөс белгиси катарында анын лексикалык белгиси менен шартташкан. Сүйлөмдөрдө эмоционалдуулукту билдирүүчү негизги тилдик каражаттар аркылуу уюштурулуп, модалдуу маанини көркөм, элестүү чагылдырат. Адамдар өз ара пикир алышуусунда оюн айтардан мурун ойлонот. Андан соң оюн жыйынтыктап берет же толкунданат, кубанат, тескерисинче, ачууланат. Ошол мезгилде анын оюна не бир түрдүү сөздөр, фразеологиялык айкаштар, макал-ылакаптар, учкул сөздөр ар башка күчтүү сезимдер менен чыга келет. Ал эми эмоция психикалык көрүнүш болгондуктан, ички сезимди экспрессивдүү чагылдырып, пикир алышуунун кырдаалына, контекстке, ошол мезгилдин шартына ылайык болот. Ошондуктан автордун чыгармасындагы каармандын типтүү образы окурманды кайгыртса кайгырып, кубантса кубанууну билдириши керек.

Ар түрдүү жанрдагы көркөм материалдардан эмоционалдуу экспрессивдүү сөздөр менен боёлгон сөз каражаттары көп учурайт, аны төмөнкү сүйлөмдөрдөн көрүүгө болот.

М.: *Мүйүз тилеп барып, кулагыман ажырагандай болдум*! Бул ***майбаш эмес эле, куубаш, чаарбаш*** адам турбайбы!

Э, *шоркелдей*, жүз сомго муну эмес, сага окшогон ***маңги баштан*** *туура бешөө келип*, дагы ***чамекке*** *ашып калбайт беле* ***ыя, кокуй***!

Айланайыным, сенден **үмүтүм чоң, *жакшылык иш*** бүтүп кетет.*

Эмоционалдуу-экспрессивдүү боёк какшыктаганда, кубанганда, сүйкүмдүүлүктө же кайгырган сөздөрүнүн маанисин түшүндүргөндө түрдүүчө боёкчолуу өзгөчөлүктөргө ээ. Бул теманын актуалдуулугу, жаңылыгы кыргыз тил илиминде жаңыдан изилдене баштаганынан көрүнөт. Бирок орус тилиндеги эмоционалдуу-экспрессивдик сапаттар көптөгөн стилистикалык эмгектерде бүгүнкү күндө да кеңири изилденилип, диссертациялык эмгектер жарыяланып, көркөм чыгармалардын ажарын ачып, окурмандарга жеткиликтүү тилдик каражат катары каралып келет.

Экспрессивдүү катыш нейтралдуу болсо да, функционалдык маанилик сапатка ээ. Эмоционалдуу-экспрессивдүү сөздөр китептик же сүйлөө тилинин стилинде, каратма, сырдык сөздө, жөнөкөй сүйлөмдүн лексикасында кездешет. Көпчүлүк сөздөр бир гана түшүнүктү атап көрсөтсө, айтуучунун ага болгон мамилесине карата модалдуу маанини да чагылдырат. Көпчүлүк сөздөр бир гана түшүнүктү атап көрсөтпөс-төн, айтуучунун ага болгон мамилесин айкын көрсөтөт.

М.: Өңү ак гүлгө суктануу менен, аны ***кардай аппак, апаппак, апакай*** деп сүрөттөсөк болот (салыштыруу иретинде). Бул – эмоционалдуулук менен кооздолгон сын атоочтор. Бул жерде камтылган оң жактуу баалар стилистикалык жактан нейтралдуу түзүлгөн «ак» деген сөздү айырмалап турат. Сөздөгү эмоционалдуу боёк ушул эле түшүнүктүн терс жактарын көрсөтөт. Сезимди билдирүү үчүн өзгөчө экспрессивдүү боёктор талап кылынат.

---

* Чалкан, 1983, № 9. – 2–9- бб.

Экспрессия – латын тилинен алынган, кыргызча ички сезимди көркөм чагылдыруу дегенди билдирет..

М.: **«Жакшы»** дегендин ордуна ***жакшынакай, татынакай, суктанаарлык*** деген сөздөрдү колдонсо болот, ал эми **«сүйбөйм»** деген сөздүн ордуна ***жек көрөм, көргүм келбейт, жаман көрөм*** деген сөздөрдү колдонууга болот. Мындай учурларда нейтралдуу сөздөрдүн лексикалык мааниси экспрессия тарабынан адамдарга таасир этүүсү татаалданат. Көп учурда сөздүн лексикалык нейтралдуу мааниси бир канча экспрессивдик маанидеги синонимдүү сөздөргө ээ. Эгерде салыштыра турган болсок: *бактысыздык, кайгы, капа, катастрофа, кырсык* ж.б. кишинин кайгырган эмоционалдык сергек сезимин чагылдырып турат.

Жаркын экспрессияга салтанаттуу бир кечелерде, чогулуштарда күчтүү сезим менен айтылган сөздөр кирет (*кымбаттуу, ардактуу*), риторикалуулукка (*ыйык, шакирт*), поэтикалык (*берметтей, акактай*) сөздөрдү өзгөчөлөнтүп көрсөтөт. Тамашалуу экспрессия (*көлтөйгөн, болтойгон*). Какшык иретиндеги экспрессия (*жаман иттин аты – Бөрү басар*), адамга карата: *дөңгөч* (эч нерсени кенебеген киши тууралуу), *чүпүрөк* (аялдардын ишине аралашкан киши тууралуу), *мурдун балта кеспеген* – тоотпогон, кенебес.

Экспрессивдик жактан бири-бирине жакын болгон лексикалык группадагы сөздөрдү төмөнкүдөй бөлүштүрүүгө болот:

1) айтылган сөзгө оң баа берүүчү түшүнүктөр. Оң эмоциялык сөздөр.

2) айтылган түшүнүккө терс баа берүүчү, терс эмоциялык сөздөр.

1- группага – тамашалуу, эркелетүүчү жогорку эмоционалдуу сөздөр кирет.

2- группага – какшык, шылдың иретиндеги сөздөр кирет.

Эмоционалдуу-экспрессивдүү боёк сөздүн синонимдерин салыштыруудан ачык көрүнөт.

М.: ыйлайт коркот жылмаят
бышактайт үркөт каткырат
боздойт чочуйт күлөт

Айрым учурда өтө курч «фашизм», «ревонизм» деген сөздөр терс баага татыктуу. Ал эми *«гуманизм», «революциялык», «прогрессивдик»* ж.б. сөздөр оң жактуу боёктор менен бекемделет. Булар сүйлөмдөрдө экспрессивдик каражат катары жогорку үндүк акустикалык тонду берип турат. Кээ бир учурда колдонулган сөздөр стилистикалык боёкчого ээ болуп, салтанаттуу деңгээлде айтылат.

Эмоционалдуу экспрессия тилдин стилистикасы менен бекем байланышта турат. Стилистика – тилдик каражатты колдонууну изилдеген илим. Стилистиканын айрым маселелери байыртан эле пайда болсо да, ал өз алдынча лингвистикалык илим катары кийинки мезгилде аныкталган.

Экспрессивдүү стиль көркөм сөздө нерсени, көрүнүштү сыпаттоочу бай каражатка ээ экендигин баамдоого болот. Мисалы:

1) *Улуу урматтуу* падышам! 2) Сен анык «сыр билги» жигит турбайсыңбы?

Булар кээде какшыктуу боёк менен кооздолот:

«Сазга өскөн *жекен сыяктуу кейиптенген* күйөөң бар тура, *кагылайын*» дебеспи.

Эмоционалдуу экспрессивдүү сөздөр метофоризацияга жөндөмдүү келет. Мында стилистикалык нейтралдуу сөздөр: *аюу, түлкү, ак коён.* Жогорудагыдай сөздөрдү колдонуу менен жаркын экспрессиялык маани чагылдырылат. Контекст экспрессивдүү сөздү чечкиндүү аныктайт, нейтралдуу сөздөр жогорку сезим менен, салтанаттуу түрдө кабыл алынат. Жогорку лексика кээ бир учурда күлкүлүү, тамашалуу, какшыктуу боёк менен берилет. Кээ бирде колдонулган сөздөр сылык угулат.

Азыркы тил илиминде көркөм сүйлөөдөгү семантикалык көлөмдүн кеңейиши сүйлөмдөгү жаңы экс-

прессивдүү маанидеги боёкторду жаратууда айрыкча зор мүнөзгө ээ.

Бир мезгилде бул же тигил эмоционалдуу-экспрессивдүү боёк сөздөрдө ошол бойдон калышы зарыл. Ал эми нейтралдуу контексттеги кесиптик боёктор мындан сырткары калат. Сөздүн өзүнүн маанисин чагылдыруучу касиети стилистикалык каражаттардын тилдик фондго киришине мүмкүндүк берет. Кээ бир семантикалык мааниде экспрессивдүү эмоционалдык заряд пайда болгондо гана аны стилистикалык боёкчолуу сөз деп эсептөөгө болот. Мындай лексикалар оозеки сүйлөөдө ысымды атаганда байкалат. М.: «***маң баш, жалкоо, сылаңкороз***» деп айтылса, китептик стилде салтанаттуу каражаттарга карама-каршы (баарын кыйратуучу) бул сөз какшык иретинде да айтылат. Бул лексикадагы сөздөрдүн маанисин өзгөртүүгө мүмкүндүк бербейт. 1–3. 1- группа ушунусу менен айырмалуу.

Экинчи группага, көп маанилүү сөздөр өзүнүн түз маанисинде дайыма стилистикалуу нейтралдуулукта болсо, бөлөкчө маанисинде жаркын бааны жана экспрессивдүү боёкту тең бөлүшкөн сөздөр кирет. Бул сөздөрдү шарттуу түрдө интуитивдүү-стилистикалык боёк деп атоого болот.

Мисалы: ***сагызган*** (адам тууралуу), ***базар*** (коомдогу көпчүлүк), ***пил*** (күчү ашып-ташыган адам тууралуу). Мындай учурда эмоционалдуу баа (өздүк болуп) колдоого алынат. М.: ***суктанарлык*** (изумительный, благородный, грандиозный), ***апакебай, менин алтыным, медерим, кубатым*** (ласкательные) тамашалуу эркелеткендик менен айтылат.

3- группаны эмоционалдуулук, экспрессивдүүлүк, жалпы эле стилистикалык коннотация менен түзүлсө, анын көбүрөөк бөлүгү офиксация менен пайда болот. М.: ***күнүм, гүлүм апаке, апакебай*** ж.б. Булардын жаралышы өздүк нейтралдык лексика эмес, бир топ жогорку сезимди, эмоционалдык-экспрессивдик маанидеги толкундоону

билдирүүчү каражатка ээ болгон сөздөр болуп эсептелет. Эмоционалдуу-экспрессивдүү лексикалар көркөм чыгармаларда кеңири колдонула баштаганын байкоого болот. Эмоционалдуу экспрессия айрыкча фельетондордо, тамсилде, сатирада фразеологиялык айкаш, ылакап сыяктанып, сүрөттөөлөрдө кеңири чагылдырылган.

М.: Сиздер болсо, ***аки-чүкүсүн түшүнбөй***, эмне үчүн аялың менен ажырашып кеттиң деп сурапсыздар. Телефондор ***дудук эмедей «ооз ачпай»*** турганын ошолор да жакшы билишет. Сен эле кандай ***ак жүрөксүң***?! – деп ***аялым алкына кетти***. (Карт ***бөрүнүн арманы***).*

Кийген кийимин, жашаган жайын айтпай ***ак коёюн***... ***Сүттөн ак*** ким бар дейсиң. ***Сазга өскөн жекен кейиптенген күйөөң*** бар тура, ***кагылайын аман болсун*** дебеспи. Таң каласың, ***асылкечим***.

Анда да ***жакпайт өзүңө***,
Албарсты болуп көзүңө.
Көрөсүң бирди акыры,
Көлтөгүм, келгин эсиңе.

– ***Ой, бай болгур***, коё турчу, айтып берейин – демекчи болдум эле, ***от алып алган эме*** кайдан токтосун.

– ***Э кокуй, капак баш***, жүз сомго алганың ушубу, ыя?! ***Современный жигит*** да сиздей ***уяң болобу***. ***Менин ак куум. Кубулма***, айылда орто мектепти ***эптеп-септеп*** жалаң «орто» менен бүткөн баласын шаарга өткөрүш үчүн Университетке келип, экономфакка ***бирдеме берип*** киргизет. (Чалкан, 1983, № 6).

Залкар жазуучубуз А.Токомбаевден да мындай эмоционалдуу экспрессивдүүлүктү ачкан эле жерден көп сандап табууга болот.

М.: Наташа татарча сүйлөгөн орус боло турган, ***баланын ууру эместигин*** көргөндө ***чыдай алган жок***:

– ***Жапарчик, золотой мой, голубчик*** мой, что ты делаешь, – деп кучактап ***өпкүлөп жиберди***. Анын ***бети-***

---

* Чалкан, 1983, № 6. – 5- б.

нин оту албырып, ак саргыл болуп ***тамылжый түштү***. (А.Т. Мезгил учат, 78- б.).

Апакай эгиз алманы
Өстүрүп алган төшүңдөн!
Перинин кызы болбогун
Жол сурап келген өзүмдөн?
Мүнөзүң сылык, **куран көз**
Сурагым келет өзүңдөн,
Ээй, ***сурагым келет*** өзүңдөн.
(Днестр терең деңизге куят, 143- б.)

– ***Сен ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө***, – деп мукактана кетти. – Мен эч убакта ***тап күрөшүн*** сатпайм. ***«Өзүңдү тиштебеген карышкыр жорто берсин»*** деп эшек жылкыга айткан экен, мени ***эшек кылгың келеби***? (Биз балапан кездерде, 147- б.).

Жыйынтыктап айтканда, мындай экспрессивдүүлүк акын-жазуучулардын чыгармаларындагы көркөм тилдик каражаттар – өзүнчө изилдөөнү талап кылуучу зор тема. Көркөм чыгармалардагы ички сезимдерди ачып көрсөтүүчү, психикалык экспрессивдүү таасир этүүчү бирдиктер, пикир алышуунун кырдаалында, ар кандай ыкмада колдонулат Ал эми жазуу речинде күчтүү сезимде айтылган лексика эмоцияны күчөтүп, окурмандарды кайдыгер калтырбастан, ага өзүнчө эстетикалык-экспрессивдик таасир беришин баамдоого болот. Албетте, мындай экспрессивдик каражаттар жазууда графикалык белгилер менен көрсөтүлөт Көпчүлүк учурда эмоционалдык лексика бир эле түшүнүктү жогору, уккулуктуу тондо көрсөтүүчү, таасир этүүчү каражат катары да колдонулат.

Ошентип, эмоционалдык-экспрессивдик лексикага да терең, жакшылап көңүл бурсак, бир канча ачык-айкын таасир берүүчү экспрессивдүү каражаттарды табууга болот деген ойдобуз. Ал эми таасир этүүчү, күчтүү, жогорку сезимталдуу эстетикалык табиттин татымын табууга мүмкүн болгон тилдик каражаттарды эске алып,

окуучулар өздөрүнүн сүйлөөсүн этият колдонуп, эмоцияга алдырбай, акыл калчап, ой пикирин билдире алгандай болушу керек.

Стилистикалык функция жөнүндө түшүнүк

Стилистика өзүнчө функцияга ээ болуп, лингвистика сыяктуу бөлүмдөрдөн туруп, кыргыз тилинин лексикологиясына, семасиологиясына, фразеологиясына, грамматикасына жана фонетикасына негизделет. Бирок стилистика башка окуу тармактарынан айырмаланып, (стилистиканы) аны тилдин элементтери же жөнөкөй эле мааниси кызыктыра албайт, тескерисинче, анын контексттеги көркөмдүк боёкчолуу каражаттарынын стилдик жактан аткарган кызматы кызыктырат.

Мындан сырткары, сөздөрдү колдонууда, алардын айкалыштарынын синтаксистик жактан образдуулукту түзүүчү стилистикалык фигуралардын стилдик өзгөчөлүктөрү бул жерде негизги спецификалык планда каралат. Ошондой эле лингвостилистикалык жактан белгилүү деңгээлде, бардык тилдик каражаттардын системасын структуралык жактан сүйлөөдө колдонулуш ыкмаларын окутуу менен бирге, стилистика алардын экспрессивдүү сапатына жараша ар кандай типтеги информация (баяндоодо) бергенде ой-пикирди түшүндүрүүгө карата белгилүү текстке ылайык, угуучуга же жазуучуга таасир этүүчү (стилистиканы) конотативдик маани кызыктырат.*

Конотативдик маани дегенибиз эмоционалдуу, экспрессивдүү жана (оценочное) баалык, көркөм адабий тексттеги бир канча өлчөмдөгү өз ара бири-бирине таасир этүүчү өтмө маанидеги элементтер болуп эсеп-

---

* Арнольд И.В. Стилистика современного английского языка. – М., 1990. – С. 105–108.

телет. Мындай бири-бирине эмоционалдуу экспрессивдүүлүктүн өз ара таасир тийгизе алган поэзиядагы эмотивдик тилдик каражаттардын тексттеги бүтүн бөлүкчөлөрү катары колдонулат. Мисалы:

Калем – ***ок***, калем – ***бомба***, калем – ***найза***,
Бузат, тешет, талкалайт ташты сайса.
Акын – баатыр темир ат минип учкан,
Өз боюн артка салат, ***жаза тайса***!
Акынга коркунуч жок, ***отко чабат***!
Бийиктик такат кылбайт ***токсон пайса***!
(Токомбаев А. «Калемге»)

Акын берейин деген оюн иш жүзүнө ашырууда, конотативдик, эмоционалдык-экспрессивдик, б.а., жазуучунун ички ой толгоосунан пайда болгон сөздүн тике маанисин, стилистикалык көркөм каражаттардын негизинде (троптун) метофоризациялоо менен эмоционалдуу экспрессивдүүлүктү жаратып, калемдин күчүн көркөм чагылдырып, аны ***ок, бомба, найза*** деп, ал ***бузат, тешет, талкалайт, ташты сайса*** деп, жар салып жатат.

Ошондой эле афоризмдик фразаларда, б.а., мезгилдин ошол өз учурундагы сүйлөөдө айтылган акылнасаат, учкул сөздөрдө пайда болгон эмоционалдык-экспрессивдүүлүк. Мисалы, учкул сөздөрдө:

Дары жакса, ***дарт качат***.
Күчөсө уулуңдун масы,
Анда акылынын азы.
Эрте турбай, ***кеч турганың*** –
Убакытты уттурганың.
Акылсыз ***баш*** – пайдасыз ***таш***.
Колуңда жок болсо, ***сурап ал, сууруп алба***.

Жогорку экспрессивдүүлүккө ээ болгон учкул сөздөр актуалдык жактан так бөлүнүп (жиктелип), ошол гана контекстте семантикалык мааниси татаалданат.

Контексттеги сөздүн мазмунга ылайык, табигый негизги өз маанисинде (узуалдык) колдонулушундагы

конотациялык компоненттин стилистикалык боёкчосу болуп эсептелет.

Ар бир сөз же көп маанилүү сөздөрдүн ар биринин варианттары өзүнүн стилистикалык боёкчосун белгилүү бир пикир алмашуунун шартына байланыштуу ошол сфералык чөйрөгө колдонууда ага карата шартталган болот. Мына ушундай (узуалдык) сөздөрдүн жалпы маани берүүчү стилистикалык боёкчосун (окраскасын), стилистиканын функциясы менен чаташтырууга болбойт. Сөздүн стилистикалык функциясы ошол тексттик мазмунга ылайык мааниси менен ошол гана шартка, контекстке мүнөздүү өзгөчөлүккө ээ болбостон, башка чөйрөдө да, жанаша турган лексикалык фондо маанилик бир элемент катары аракет кылат.

Лингвистикалык типтүү формаларды, фразалык айкаштарды колдонууда стилистикалык боёкчолор (окраскалар) негизинен логика-семантикалык жактан ага формалдуулуктун белгисин калтырат да, ошол шартта стилистикалык функцияда белгилүү бир контекстте ар түрдүү конотациялык, эмоционалдык күчтүү экспрессивдүүлүктү пайда кылат.

Стилистикалык функция сөздүн түпкү маанисине эмес, пикир алышуунун максатына, пикир алышуунун шарттуу талабына, стилистикалык окраскага, анын контексттик жаратылышына, б.а., сүйлөөнүн стилистикасына ыйгарылат.

Стилистикалык функция негизинен сөздөрдүн бекем, тыгыз байланышын камсыз кылуу менен бирге, угуучунун (окурмандын) кабылдаган (декодированиянын) түшүнүктү, күчтүү сезимди, экинчи адамдын башкача түшүнүп калбоосуна жолтоолук кылат. Андагы катышкан стилистикалык каражаттар материалды окуган адамга акцентти туура коюп окууга, аны баяндоодо негизги сөздү бөлүп көрсөтүп, ар кандай бурмалоого жол бербей турган коргоочу катары кызмат кылат.

Тилдик каражаттын стилистикалык функциясын кароо менен бирге, биз автордун окуучуларга таасир этүүчү эмоциясын, окуяга шайкеш мамилесин эске салабыз. Аны адетте, сүйлөөчүнүн угуучуга баяндоого болгон мамилесине, пикир алмашкан адамга, өз-өзүнчө, жекече шартка карата аныктоого болот. Сезе билүүнүн гаммасы өтө ар түрдүү болот: жек көрүү, сыйлоо, толкундануу, кубануу, калтыроо ж.б.

Айрым пикир алмашуунун шарты салтанаттуу, официалдуу атайлаган же жөнөкөй сыр тартуу үчүн болсо, тескерисинче, башкаларга айтылбай турган мүмкүнчүлүктөр, сырлар да болууга тийиш. Автордун өзүнүн түшүнүгү боюнча, өзү билген капкайдагы ар кандай ой жүгүртүүдөн пайда болгон көрүнүштөрдү же тескерисинче, өзү көзү менен көрүп билген чындыкты чагылдырып, конкреттештирип, окуучуга баяндоо аркылуу да берет ж.б.

Стиль дегенибиздин өзү ар кандай сөз тандоо ыкмаларынын жыйындысы эмес, айлана чөйрөдөгү чындыкты чагылдыруудагы кабылдоо, б.а., дүйнөдөгү образдуулукту таанып билүү жана образдуулукка карата ой жүгүртүү болуп эсептелет.

Синтаксистик конструкциялардын стилистикалык функциясын мисалдар менен көрсөтүүгө аракет жасап көрөлүк. Бул мисалдардын айрымдарынан өзүнүн кыскалыгын, тактыгы менен чындыкты бере алышын көрө алсак, айрымдарынан, тескерисинче, кеңири сүрөтөлгөн өзүнө тиешелүү гана сапаты бар чындыкты чагылдыра алган ой жүгүртүүлөрдү жана анын өзүнө гана мүнөздүү болгон баяндоолорду байкайбыз.

Мисалы, поэзия аркылуу Мидин Алыбаев «Ант» деген ырында колуна курал алып, элдин ишеничин актоо үчүн жоокерлердин берген ант-шерттерин, коштошууларды акын өзүнүн ички сезиминен кайнап чыккан (ошол коомдун өкүлдөрүн) ой-пикирлерин күчтүү добуш менен ырдап, эмоционалдуу-экспрессивдүү күч менен толкунданып жар салган.

Уккун, өлкөм!
Унутулбайт ***ак сүтүң,***
Бүт сеники ***жүрөктөгү бар күчүм!***
Зарып кылам ***кашык каным калганча,***
Элим, жерим,
Компартия, сен үчүн! –

деп жазуучу кыргыз жаштарынын Мекен алдындагы милдетин терең сезүүгө, элибизге тайманбай кызмат кылууга чакырат.

Ал эми прозалык чыгармаларда биз сөз кылып жаткан көркөм конотативдик маани кенен өкүм сүрөт. Ч.Айтматовдун мындай өзгөчөлүгүн, анын чындыкты чагылдыруудагы образдуулукка карата ой жүгүртүүдөгү синтаксистик конструкциялардын стилистикалык функцияларын көрө билген, ойчул чыгармалары психологизмге бай, эмоционалдуу жазуучу катары билебиз.

Мисалы, жер эненин кайрылганы:

«Эй, ***адамдар,*** *дүйнөнүн* ***төрт бурчунда*** *жашаган* ***адамдар!*** *Силерге эмне керек?* ***Жерби?*** *Мына мен* ***жермин,*** *мен бардык адам баласына теңмин.* ***Мага*** *талашыңардын кереги жок,* ***мага ынтымак*** *керек!* ***Эмгек керек!*** *Айдоого бир дан таштасаңар,* ***жүз дан кылып берем. Мен түгөнбөйм, мен таарынбаймын. Мен кенчмин, мен*** *баарыңарга* ***тегиз жетем!*** (Ч.Айтматов).

Келтирилген мисалда жазуучу бүткүл адам баласын тынчтыкка чакыруу менен алардын талашы эмне экендигин, андай талаштын зарыл эместигин, өтмө мааниде берүүнүн негизинде бүткүл элди эмгекке чакырып, «мен» деген Жер энени 5 жолу кайталайт. *«Талашыңар жерби? Жок ынтымакка келгиле, мен түгөнбөйм, таарынбаймын, кенчмин, баарыңарга тегиз жетем, андан көрө эмгек керек!»* – деп, жандандыруу чыгармачылыгы менен, (б.а., жансызды жандуудай сүйлөтүп) Жер энени сүйлөтүү ыгында чындыкты экспрессивдүү чагылдырып, айрым сөздөрдү жогорку пафосто күч менен айттырып, кескин күчтүү сезимде согушпагыла деген жыйынтыкты жар салат.

Мындай эмоционалдуу-экспрессивдүү стилистикалык менен алынган синтаксистик конструкцияларды өзгөчө толкунданууу, күчтүү эмоционалдык интонация менен окуганда гана ар башка конкреттик пафостогу көркөм образдар оңой-олтоң, тез кабыл алынат.

Албетте, стилистикалык функцияны, бул жерде жалаң эле синтаксистик конструкциялар эмес, дагы башка көптөгөн конотациялык өзгөчөлүктөр аткаргандыгын эске алуубуз керек. Синтаксистик функция менен стилистикалык каражат-тар дайым эле бири-бирине туура (төп) келе бербейт.

Стилистикалык каражатттар

Стилистикалык каражатттар бир маанилүү эмес, анткени, ар кандай пикир алышуунун шартында, сүйлөөнүн чөйрөсүндө колдонуусуна ылайык, инверсияланган убакта көтөрүңкү пафосто айтылса, бирде ирониялык же күлкү-какшык, мыскылдоо иретинде үн көтөрүңкү да, төмөн да добуш менен чыгат. Айрым контекстуалдуу шарттын негизинде, ойдун айтылышына (берилишине) карата көп маанилүүлүктө айтылган пикирдин ичинен логикалык бир ойду бөлүп-жарып, атайылап, шашпай баяндоо менен ойдун негизин билдирүүчү предикат катары берилсе, тескерисинче, айрым толкунданууу менен айтылган сөздөрдө конотативдик эмоционалдуу-экспрессивдүүлүк маани басымдуулук кылат.

Айрым гиперболалык же трагедиялык, комедиялык жанрдагы чыгармаларда образдын ажарын ачуу үчүн күлкү келтирерлик күйдүргү сөздөрдү тандап колдонуу менен бирге, айтылуучу ойду ишке ашырууда адам түспөлүн башка бир нерселердин сүрөтү аркылуу мазактоонун негизинде ошол мезгилдеги адамдын образын түзүү үчүн да автор конотацияны колдонот.

Жыйынтыктап айтканда, стилистикалык каражаттардын негизинде, стилистикалык функцияга ээ болгон айтылуучу ойду сүйлөөчү ар кандай шартка шайкеш баяндоодо, анын тигил же бул түшүнүккө бурмаланышына жол бербестен, туура түшүнүү үчүн бекем байланышты камсыз кылат. Стилистикалык функцияга төмөндөгүдөй негизги өзгөчөлүктөр мүнөздүү.

Биринчиден, стилистикалык функциянын өзгөчөлүгү аккумиляциядан байкалат, б.а., бир сөздүн пайдаланылышын башка сөздөн көбүрөөк (лексикалык маанини) кайталап колдонуу менен анын таасир этүүчү күчүн, эмоционалдуулугун арттыруу болуп эсептелет. Адетте, биринчи маанисиндеги окшоштугунан экинчисин пайдалануу көбүрөөк алгылыктуу, таасирдүү болот. Мисалы, бир эле окшош мотивдеги же бирдей эле кулкмүнөзгө тиешелүү сезимталдык бир нече көркөм каражаттар менен параллель берилет (эгерде ал жалпысынан толук мааниге ээ болсо).

Буга окшогон стилистикалык фигуралардын ар кандай түрдөгү эмфатикалык, б.а., биринчисинен кийинкиси таасирдүү, элестүү кайталоосундагы синонимдик же антонимдик окшоштуктардын жайгашышы менен айтылган мезгилде экинчи кайталанышы эмоционалдуу экспрессивдүү лексиканы пайда кылат. Мисалы:

Сулуунун да ***укмуштай сулуусу***.

Адамдын досу да, касы да адам.

Айбанга айбанча мамиле керек ж.б.

Күчөтүп ойду топтоону конвергенциялык(б.а., ар кандай тыбыштардын өзгөрүүсүндөгү рифмалык окшоштуктар) жактан тилдеги ар башка тыбыштардын үндөшүүсүндөгү төп келиши менен берилген ык деп каралат да, ага эмоционалдык басым түшүп айтылат.

Стилистикалык функциянын экинчи өзгөчөлүгү сөздүн конотативдик маанисине таянып, анын формалары, конструкциялары тилдин элементи катары сүйлөөчү тарабынан айрым подтексттерде окуучу адамдарга тигил

же бул стилдик ыкма аркылуу жетет да, стилистика тарабынан үйрөнүлөт.

Үчүнчү өзгөчөлүгү, градациялык жактан эмфатикалык маанинин өнүгүү жөндөмдүүлүгү. Анча чоң эмес көлөмдө баяндаган подтексттерде, нейтралдык лексикалык фонунда туруп эле, бир же андан көп сөздөрдүн күчтүү сезимде, көтөрүңкү үн менен интонациялык жогорку тондо айтылгандыгына байланыштуу бардыгы көтөрүңкү үн менен токтолуп, угуучуга күчтүү таасир келтирет, тескери-синче, бир эле одоно, орой сөздүн негизинде микро-контекст кескин, уятсыз олдоксондуулукка айланат.

Стилистикалык функция менен троптордуу же фигураларды окшоштурууга болбойт. Экөө бири-бирине өтө жакын, бирок бири-биринен өз ара айырмалуу.

Сүйлөө маданияты жана стилистикалык норма

Адамдар сүйлөө маданиятындагы (пикир алышуудагы) ар кандай аша чапкан, одоно, орой сүйлөөнүн жана адабий тилдик нормаларын сактап, көп сөздүүлүктөн арылып, стилистикалык нормаларды колдоно билүүнүн ыкмалары да стилистиканын объектисине кирет. Ошондуктан азыркы мезгилге жете сүйлөө маданияты менен стилистиканын мазмундук чеги такталбай келет. Чындыгында, сүйлөө маданияты адабий тилдин сөздүк фондусунан пайдалануу менен сүйлөөчү (же автор) ошол өзү көздөгөн максатын, милдетин ишке ашырууда стилдик ар кандай форманы, ыкманы өздөштүрүүчү сүйлөө искусствосунун бири катары көз алдыга тартылат.* Арийне, сүйлөө маданияты жөнүндөгү илимди лингвистикалык планда алып карасак, анда ал сүйлөөнүн да, тилдин да стилин өз ичине камтый турган

---

* Актуальные проблемы культуры речи. – М., 1970. – С. 97.

жалпылаган бир максатка шайкеш абалдын оперативдик таасир этүүчү күчү катары ал теоретикалык илим эле эмес, тилдик практикалык дициплина катары да көз алдыга тартылат.

Биздин пикирибизче, сүйлөө маданиятын окуп үйрөнүүдөгү зарыл коммуникативдик сапаттарынын бири сүйлөөнүн тактыгы, тууралыгы болсо, анын стилистика менен байланышы болуп, тилдик каражаттарды окуп үйрөнүү жана тилдик каражаттарды ар башка милдеттерге, максаттарга карата туура пайдалана билүү эсептелет.

Ошого карабастан, В.В.Виноградов айткандай, «тил маданиятынын проблемалары толугу менен адабий сүйлөөнүн стилистикалык принциптери, милдеттери менен дал келет деген ойдон алыс болуу керек»* деген пикирин эстен чыгарбообуз керек.

Жыйынтыктап айтканда, сүйлөө маданияты бир гана сүйлөөнүн тууралыгы, тактыгы менен чектелбестен, жогорку баскычтагы проблематикаларды да, анын айрым маселелерин да ичине камтый ала тургандыгына карабастан, өз-өзүнчө спецификалык милдеттери, изилдөө аспектилери бар. Бул маселе боюнча жогоруда сөз болгон.

Айрым изилдөөчүлөр сүйлөө маданияты, бир жагынан, адабий тилдин тилдик нормасын (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык) сүйлөөнүн коммуникативдик сапаттарын айырмаласа, экинчи жагынан, **стилистикалык нормаларды** бөлүп карашат. Өз кезегинде алар стилистикалык нормаларды да ар башкача чечмелешет. Алардын ичинен стилистикалык нормага алгылыктуу аныктама берген Э.Г.Ризелдин пикирине кошулууга болот. Стилистикалык норма дегенибиз – ар кандай функционалдык стилде же жанрдык подстилдерде ошол мезгилге, шартка шайкеш

---

* Виноградов В.В. Проблемы культуры речи и некоторые задачи русского языкознания.// Вопросы языкознания, 1964, № 3. – С. 15.

келгидей кылып, сөзсүз түрдө тилдин мыйзам ченемдүүлүгүнүн негизинде нормалардын уюштурулушу. Натыйжада: 1) Адеттеги сүйлөөдө көп колдонулган тилдик стилистикалык нормалардын, каражаттардын тизмеси. Мындай көп пайдалануу мүмкүнчүлүгү функционалдык айрым стилдердин спецификалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу болот. 2) Бир бүтүн текстти же анын бөлүкчөсүн түзүүчү сүйлөөдөгү стилистикалык норма. Мындан сырткары, стилистикалык норма өз ара: а) функционалдык-стилистикалык жана б) экспрессивдүү стилистикалык болуп экиге бөлүнөт.*

Ошентип, стилистикалык норма – бул тарыхый жактан калыптанган, тилдеги стилистикалык мүмкүнчүлүктөрдүн жалпы мыйзам ченемдүүлүгүнүн негизинде маани менен ар кандай боёкчолордун белгилүү бир пикир алышуудагы максатка, мазмунга, чөйрөгө, шартка шайкеш колдонулушу.

Стилистикалык ката дегенибиз – бул тилдеги сүйлөөнүн стилистикалык норманын бузулушу.

Стилистикалык каталардын айрым маселелери.

Азыркы мезгилде стилистикалык каталардын кетирилиши аны классификациялоо менен байланыштуу болуп, мектеп окуучуларынын башка тилдердин ярустарынын эсебинен кетирилген каталарга байланыштуу маселелери кыргыз тилин окутуунун методикасында көрсөтүлбөсө да, жогорку окуу жайларында үйрөнүүнүн өзү өтө актуалдуу проблемалардын биринен экени талашсыз. Анткени окуучулардын сүйлөө (речтик) маданиятында кетирилген кемчиликтер: орфографиялык, пунктуациялык жана орфографиялык жактан гана кетпестен, көбүнесе лексико-фразеологиялык, морфологиялык жана синтаксистик байлыктарды туура, ыгы менен пайдалана албагандыктан, тилдик сүй-

---

* См.: Тезисы доклада Э.Г.Ризель в сб.: «Проблемы лингвистической стилистики. – М., 1969. – С. 117–118.

лөө нормаларынын бузулушуна алып келет да, анын берейин деген ой-корутундусу бузулат. Айрым байкоолорго караганда, окуучулардын кенже класстарда кетирилген «стилистикалык каталары» жогорку класста да мугалим тарабынан оңдолбой, жогорку окуу жайларына кирүү экзаменин тапшырган мезгилге жете келгендигин көрүүгө болот.

Сүйлөө маданиятын өнүктүрүүдө мугалим мектеп окуучулары кетирген төмөндөгүдөй зарыл иштерди эстен чыгарбоосу керек: биринчиден, ар кандай адабий тилдин нормаларын бузуучуларга же стилистикалык каталарды жибергендерге өтө катаал, катуу талап коюлушу керек.

Экинчиден, эгерде алардын кол жазмасында же сүйлөөсүндө кетирилген анчейин элес алгыс стилистикалык каталар, нюанстар, бёкчолор болсо да, аны тактап, өтө оор, оңдолгус ката катары мамиле жасоо менен, ушундай элементардык-стилистикалык каталардын кетиши анын келечектеги «стилистикалык одоно каталарды» жиберүүнүн булагы боло тургандыгын эске салып, адеттеги эле орфографиялык, пунктуациялык жактан кетирилген каталар сыяктуу каат мамиле кылуу менен, стилистикалык каталардын кетиши сөз маанисинин бузулушуна алып келерин ж.б. эске салып, стилистикалык катага өзүнчө баа коюу керек.

Ал эми окуучулардын кетирген ар кандай стилистикалык каталарын, нормаларды сактабагандыгын терең түшүнүп, туура оңдоо үчүн ириде эң алгач окутуучу өзүнүн сүйлөөсүнө сак болууга тийиш. Өспүрүмдөрдүн кол жазмасында кетирилген стилистикалык каталарды белгилөө үчүн «ст.» деген белги коюлат.

Натыйжада окутуучулар сүйлөөдөгү практикалык жактан көбүрөөк колдонулган каталарды классификациялоосу керек. Албетте, ар кандай чыгармачыл ой жүгүрткөн мугалим али ага тааныш эмес, көбүрөөк кездешкен каталарды да эске тутуу менен экинчи кайталангыс белгилерин классифи-

кациялык принциптердин негизинде кошуп, иштеп чыгуусу алгылыктуу.

Көбүнесе, окуучулардын жазуу жана оозеки сүйлөөсүндө арбын кездешүүчү тилдик норманын бузулушу – (шарттуу түрдө) «сүйлөөдөн кеткен каталар». Айрым окумуштуулар (азыркы мезгилде) окуучулардын кол жазмасынан кеткен кемчилдиктерди стилистикалык эмес жана чыныгы стилистикалык каталар деп экиге бөлүп карoo максатка ылайык деп эсептешет. Биринчи катардагы кетирилген тилдик норманын бузулушу лексикалык каталарга, фразеологизмдер, сөз жасоочу каражаттар, морфологиялык жана синтаксистик айкаштын ыкмаларынын бузулушу кирет. Стилистикалык каталардын катарына (негизинен) бирдиктүү стилдин бир контексттеги бузулушу, көп сөздүүлүк, маанилик жана айрым мазмундук нормалардын төп келбегендигинен, ар кандай стилистикалык манерада ой-пикирди көркөм чагылдырып баяндоодогу тандалган сөздөрдүн конструкциялык жактан коммуникативдик чөйрөгө (сферага) шайкеш келбей калган учурлары кирет.

Тигил же бул стилистикалык каталардын кетирилиши тандалган теманын татаалдыгына, алардын тилдик стилистикалык нормаңы өздөштүрүшүнө байланыштуу болот. Андыктан жогорудагы айтылган ой толгоолорду эске алып, алардын стилистикалык сабаттуулук деңгээлине жана каталарына ылайык келгидей кылып төмөнкүдөй стилистикалык схеманы түзүүнү туура таптык: 1) азыркы кыргыз тилинин ресурстук байлыгын (жетишсиз) толук өздөштүрө албагандыгынан кетирилген стилистикалык кемчилдиктер, мүчүлүштүктөр; 2) тилдик-стилистикалык сезимталдыктын жетишсиз өнүктүрүлүшүнүн негизинде пайда болгон стилистикалык каталар; 3) функционалдык стилдин нормаларынын бузулушунан кетирилген так эместиктер. Акыркы схемада айрыкча (баса көрсөтө турган жагы), сүйлөөнүн стили менен ошол мазмундун формасына төп келбеген учурунан кеткен айырмачылыктар берилет.

Биз мектеп окуучуларынын сүйлөөсүндө (жазуусунда) көп кетүүчү каталарды эске алуу менен, жогорудагы классификациялык каталарды «Сүйлөө маданиятын үйрөнүү» курсундагы практикалык сабактарда өтүүдөгү айрым маселелерди камтууга аракеттендик. (Калган бөлүмү практикалык сабактын семинардык ишинде берилет).

Стилистиканын негизги категориясы, проблемасы жөнүндө түшүнүк

Стилистикалык окраска, стилистикалык каражат жана **стилистикалык маани** деген түшүнүктөр өз ара бири-бири менен өтө тыгыз байланышта, бирок алгачкы эки түшүнүк башта аныкталган болсо, кийинкиси (стилистикалык маани) жакындан тартып эле колдонула баштады. Ошого карабастан, алиге так канагаттандырылган жалпыга маалим аныктама бериле элек.

Тилдик системалык бирдиктер ар кандай деңгээлде, айрыкча лексикада анын семантикалык маанисинен сырткары турган оттенкалык мааниге ээ бул бирдик ошол эле сүйлөмдүн алгачкы маанисинин стилистикалык табиятына окшобойт.

Тилдик системадагы стилистикалык нейтралдык тилдик каражаттар – негизинен пикир алышуунун ар кандай шартында, чөйрөдө тилдик единицалык бирдиктерди айтууда өзгөчө стилистикалык сапатта, б.а., стилистикалык боёкчосуз сүйлөгөн сөздөр. Мисалы, адеттеги эле колдонулган *адам, кол, көл, суу, жеңил, жер, отун, туз* ж.б. Ал эми ушул эле биз көрсөткөн сөздөр сыяктуу стилистикалык нейтралдык тилдик бирдиктердин негизинде стилистикалык боёкчолук тилдик каражаттар бөлүнүп чыгат Ошондуктан булар өзүнчө стилистикалык нөлдүк деңгээлдин бирдиги катары каралат.

Адетте стилистикалык окраска (боёкчону) эки түргө бөлүнөт: эмоционалдык-экспрессивдик жана функционалдык. Мындай боёкчолорду лексикалык деңгээлде оңой мүнөздөөгө болот.

Тилдеги стилистикалык окраскалык бирдик тигил же бул сөздүн негизги нормативдик, предметтик-логикалык жана грамматикалык маанисине дагы бир кошумчалаган белгилүү даражадагы пикир алышуунун шартына, чөйрөсүнө, колдонулуш мүмкүнчүлүгүнө карата экспрессивдик же функционалдык өзүнчө өзгөчө стилистикалык, информациялык стилистикалык сапаттын негизинде пайда болот. **Эмоционалдык-экспрессивдик боёкчолук** каражаттарга, мисалы: *сандырак, селсаяк, кероо, кемпай, аракеч, богоо, шумпай* ж.б., функционалдык жактан: алаш ордочулар, так талашуучулар, мансапкорчулар ж.б.

Эмоционалдык-экспрессивдик стилистикалык боёкчо тилдик каражаттар менен органикалык жактан туруктуу, тыгыз байланышта болгондуктан, сүйлөм тизмегинен мындай маанини табыш оңой. Ал эми функционалдык стилистикалык боёкчо болсо, ошол тилдик каражаттын сүйлөмдө, коомдук ар кандай чөйрөдө колдонулушуна карата аныкталгандыктан, анчейин даана табуу, көрө билүү бир канча кыйынчылыкты туудурат.

Ошентип, функционалдык стилистикалык боёкчо да тилдик единицалык бирдикке органикалык жактан мүнөздүү болуп, анын жалпы маанисинен бөлүп карагыс болуп айтылгандыктан, көбүнчө конкреттүү айтылган фразаларда функционалдык боёкчолор анчейин байкалбайт. Бирок бул эки түрдөгү стилистикалык боёкчолордун өз ара колдонулушунда так чегин ажыратыш кыйын. Ал тургай нейтралдык единицалаык бирдиктер да белгилүү бир контекстте стилистикалык окраскага ээ болуп калат. Айрым тилдик единицалык бирдиктердин өзүнүн стилистикалык окраскасын да анын колдонулуш өзгөчөлүгүнө, ыкмасына карата, б.а., жаш

өспүрүмдөргө оң мааниге ээ болгон, эркелетүүгө ылайык *күчүгүм, торпогум* сыяктуу сөздөр, мисалы, чоңдор үчүн шылдыңдоо маанисинде кабыл алынат. Ошондой эле тилдик маанилик каражат колдонулушуна карай эмоционалдык-экспрессивдик, стилистикалык жана функционалдык окраскага да ээ болушу мүмкүн.

Мисалы, публицистикалык тилдик каражат (функционалдык аспект) бир эле мезгилде салтанаттуу, поэтикалык, риторикалык же тескерисинче басмырлаган, шылдыңдаган мааниге да ээ болот. Салыштырыңыз: ***бай тажрыйба*** (көптү көргөн, көрөгөч, көптү билген), ***чечен*** (сөзмөр, чебер, оратор), ***шылкыюу*** (ынануу, ындыны өчкөн) көпчүлүк учурларда экспрессивдик окраска функционалдык окраска менен орун алмашып калат. Мындай көрүнүштү адетте бир эле единицалык бирдиктин ар түрдүү стилдик аспектиде классификацияланышы десе болот. Айрым терминдерди жекече адистиктегилер тар маанисинде алганда, стилистикалык окраска жокко эсе болот. Ал терминдер илимий стилде, адетте, тигил же бул даражада конкреттүүлүгүнө гана байланыштуу өз маанисинде колдонулат.

Кыргыз тилинин стилистикалык каражаты. Албетте, тигил же бул тилдин стилистикалык каражатын тилдин стилистикалык боёкчосунун бирдик фондусу түзөт. Бирок ушул тилдик бирдиктен башкалар стилистикалык каражат боло албайбы? – деген суроо туулат. Ошондуктан тилдик единицалык бирдиктерди белгилүү бир сүйлөө шартында, чөйрөдө ар түрдүү ыкмада колдонулушуна карата функционалдык боёкчо потенциалдык жактан ошонун өзүнө кошо катталган. Адетте айтылгандай, тилдеги семантикалык единицалык бирдиктин бир мааниси анын функционалдык жагына бекем байланышкан деген пикирге ынанууга туура келет. Анткени, азыркы илимий көз карашка караганда, айрыкча кайсыл гана тилдик бирдик болбосун (лексикалык эле эмес, грамматикалык), баары бир стилистикалыык каражат боло алат. Чындыгында бир эле

фраза функционалдык жактан ар кандай мааниде колдонулушуна байланыштуу бир эле мезгилде бир нече стилдик окраскага (боёкчого) ээ болот.

Стилистикалык боёкчолуу тилдик каражаттар өздөрүнүн боёкчолук (окраскалык) мүнөзүнө карай адетте эки чоң группага бөлүнүшөт:

1) функционалдык боёкчо;

2) экспрессивдик боёкчо.

Функционалдык каражат салттык жактан китептик жана турмуштук сүйлөө болуп бөлүнөт. Өз кезегинде китеп тили да тигил же бул функционалдык кызматына, чөйрөсүнө, коомдук тармактарда колдонулушуна карай: илимий, иштиктүү, публицистикалык, көркөм болуп бөлүнөт. Оозеки сүйлөшүү бирдиги тилдик каражатка негизинен оозеки турмуштук чөйрөдө, ошондой эле мажбурланбаган пикир алышуу кирет. Буга карапайым сөз, айрым адабияттык эмес (вульгаризм, орой, одоно) каражаттар да кошулат.

Экспрессивдик каражат негизинен тилдик бирдиктеги ачык түрдөгү эмоционалдык-экспрессивдик оттеноктун (салтанаттуу, кемсинткенде, эркелеткенде, шылдың-даганда, жактырбаганда, ж.б. сүйлөшүү учурларында) көрүнүшү. Мындай каражаттардын мүнөздүү сапаты катары анын контексттен сырткары турганда да, ал сөздүн стилистикалык окраскасына органикалык түрдө байланыштуулугунда. Биз байкагандай, ошо ар түрдүү бай оттенка лексикага байланыштуу. Ал эми башка деңгээлдеги тилдик бирдиктер, б.а., морфология менен синтаксистеги эмоционалдык-экспрессивдик оттенкаларга өтө бай фразалар көп. Бирок лексикадагы сыяктуу эмоционалдык-экспрессивдик оттеноктордун конкреттүү бирдикке, сөздүн же фразеологизмдердин деңгээлине туруктуу берилиши байкалбайт.

Стилистикалык каражаттар, б.а., кыргыз тилинин стилистикалык ресурсу жөнүндөгү маселе синонимия проблемасына өтө тыгыз байланыштуу. А.И.Ефимовдун

пикиринде «сүйлөөдөгү синонимиялык каражат, стилистикалык проблеманын борбордук маселелеринин биринен болуп эсептелет» деген.

Тилдик бирдиктин стилистикалык мааниси боюнча толук таанылган аныктама да, (маанилик) түшүнүк да жок.

Стилистикалык маанилик проблемага (өз эмгектеринде) атайын көңүл бурган окумуштуулардын катарына: Е.И.Галкина-Федорук, В.А.Звягинцев, Д.Н.Шмелев, И.Р.Гальперин, Т.Г.Винокур, Е.Ф.Петрашеваларды кошууга болот.

Ошентип ар бир билдирүү боюнча адамдардын бири-бирине кайрылуусу анын максатына, сүйлөөчүнүн угуучуга мамилеси экстралингвистикалык модалдык мааниде айтуусуна карай кийинкисинде эмоция жогорулайт. Алар:

1. Эмоционалдык экспрессивдик;
2. Модалдык маанилик сөз айкаштары;
3. Фразадагы, андан кенен маанилик бирдиктерде (текст, контекст, подтекст, абзац).

Стилдерди тилдин аткарган функциясына (кызматына) эмес, аны сүйлөшүүнүн ар кандай чөйрөдө колдонулушуна карай бөлүштүрүү алгылыктуу экендигин жактоочулар көп. Сүйлөөнүн чөйрөсү – өтө кенен түшүнүк, анын ар түрдүүлүгү өтө чексиз көп, бирок типтүү деп эсептелинген 5 түрү жогоруда көрсөтүлдү.

Чөйрөнү алсак, 1- класстын окуучусу менен 10-класстын окуучусунун сүйлөшүүсү ар башка, студент менен окутуучунун пикир алышуусу өздөрүнүн билим деңгээлине, түшүнүгүнө карата бир түрдүү эмес, анткени алардын кызыкчылыгы, максаты да ар башка, ошондуктан аларда окшош ой да болбойт. Жыйынтыктап айтканда, стилге бөлүштүрүүдөгү негизги факторлордун бири, коомдук аң-сезимдин формасы болгон анын түрлөрү: илим, билим, искусство, укук ж.б.

Экинчи, стилди аныктоочу фактордун бири болуп, тилдин коомдогу колдонулуш формаларынын оозеки

жана жазуу түрү; сүйлөөнүн түрлөрү (монолог, диалог); коммуникациялык информациянын ыкмасы: жеке жана массалык; ж.б. сүйлөөнүн жанры, кенен мааниде алганда, очерк, аңгеме, повесть, монография, окуу китеби, илимий макала, лекция, диспут; жазуу ыкмасы: ой жүгүртүү, жайынча баяндоо, сын пикир ж.б. Бул аталган факторлор стилдерди, подстилдерди билүүгө негиз болот.

Стилистика бардык тилдик деңгээлде өзүнүн стилистикалык көз карашы менен сүйлөөдө, жазууда тилдик каражаттарды ыктуу колдонууну тейлейт.

М.: *баш, баштык, калла;*

баштуу, башсыз, кеңкелес, кемпай ж.б.

Мисалдагынын баары бир эле «баш» деген денотатты түшүндүргөн менен, анын ар түрдүү чөйрөдө, максатта, жанрда, кырдаалда колдонулушунда стилдик маанини билдирет.

Орус тилинде «жакшы» (хорошо) деген сөз ар түрдүү ыкта, чөйрөдө колдонулушуна карай 15 сөз талап кылынат. М.: хороший, не плохой, добрый, ладный, важный, мировой ж.б. «Любимая» – 17 сөз, «конечно» – 18 сөз, «напится» – 19дан 27ге жете колдонулат. Ал эми кыргыз тилинде да айтылган сөздөр алардан кем эмес колдонулушу толук мүмкүн.

Ошондуктан, механикалык түрдө эле сүйлөм ичинде сөздөрдүн ордун которуштуруп колдоно берүү туура эмес. Сөздөрдүн мааниси ошол контекстте, шартка шайкеш колдонулганда гана чындыкты курч, так, таасирдүү бериш үчүн ыктуу сөздүн:

а) семантикалык;

б) экспрессивдик стилистикалык оттенокторунан, боёкчолорунан айырмаланат. Кыргыз тили стилистикалык дифференциацияга (б.а., шартка шайкеш тилдик каражатка ажыратуу, тарамдоо, бөлүштүрүү) лексикалык жактан тарамдалууга өтө бай.

Чындыгында, бир эле фразадагы сөздөрдүн ордун которуп, бири-бирине окшош пикир айтканына

карабастан, ар башка ой, күчтүү сезим, стилдик боёкчолуу маани, өзгөчө шарт, оттенок жатат.

М.: *Асан Алыбаевич Алымов, аудиторияга кириңиз.*
Алымов, аудиторияга кириңиз.
Сиздин аудиторияга киришиңизди өтүнөбүз.

Же болбосо: *жолдош;*
гражданин;
угуучу ж.б.

Стилистиканын негизги **предмети** болуп, тилдеги көркөм каражаттарды конкреттүү сүйлөөнүн шартында, чөйрөдө ошол кырдаалга ылайык тандап колдонуунун ыкмаларын туура пайдаланып, тексттин мазмунуна, максатына карай колдоно билүүнү үйрөтөт Стилистиканы жалпы элдик тилдин стилдик табиятын, аны колдонуш ыкмасы жөнүндөгү окуу катары билебиз. Стилистика – улуттук тилдин лексикалык, грамматикалык жана фонетика-орфоэпиялык каражаттарын ошол тилдин мыйзам ченемдүүлүгүнүн базасында оозеки сүйлөөгө мүнөздүү болгон да, жазма адабий сөзгө мүнөздүү болгон да өзгөчөлүктөрдү өз ичине камтуу менен, анын колдонуу принциптерин, амалдарын үйрөтүүчү илим.

Ошондой болсо да, жалпы эле стилге тиешеси бар маселелердин баары тилдин коомдогу аткарган милдети менен байланыштуу болгондуктан, функционалдык стилдин тутумунда бөлүштүрүлөт.

Функционалдык стиль стилистикалык системалык бирдиктин негизи болуп, адам оюндагы интеллектуалдуулук менен эмоционалдуу-экспрессивдүүлүктү ар кандай пикир алышуунун шартына,. чөйрөсүнө шайкеш келгидей көркөм чагылдырып берүүчү объективдүү тилдик категория.*

Стилистиканын максаты, негизинен, тилдик каражаттарды социалдык чөйрөдө максатка ылайык, активдүү тилдик элементтердин колдонулушуна шайкеш тилдик

---

* Виноградов В.В. О теории художественной речи. – М., 1971.

системалык бирдиктин «деңгээлинде» сөздөрдү туура, ыктуу колдоно билүүнүн эрежелерин окутат да, «Сүйлөө маданияты» менен тыгыз байланышта окуп үйрөнүлөт.

Стилистиканын мазмунун түзүүчү бирдиктер:

– тилдин, сүйлөөнүн стилинен толук кабар берүү;

– тилдин эмоционалдык-экспрессивдик, баалык, окраскалык каражаттары;

– тилдин чөйрөдө, максатта, жанрдын түрлөрүндө колдонулушу;

– тилдик синонимдердин боёкчолуу жана оттенкалык каражаттары ж.б.

Функционалдык стилистика

Функционалдык стилистика функционалдык стилдин системалык жана стилдик спецификалык, жанрдык, ситуативдик ар түрдүүлүгүн ж.б. жактарын изилдейт. Анын негизги милдеттеринин бири болуп, ар кандай социалдык чөйрөдө ой жүгүртүүнүн тибине, максатына, шартына, мазмунуна карата пикир алышууда тилдеги стилистикалык потенциалдуу, жөндөмдүү мүмкүнчүлүктөрдү сүйлөө аркылуу иш жүзүнө ашырууну камсыз кылуу болуп эсептелет.

Ошентип, функционалдык стилистика ар башка сүйлөөнүн түрүндө, тилдин функционалдык мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн негизинде адам баласынын коммуникативдик тилдик каражаттарынын ишмердигиндеги, сүйлөөдөгү сезимталдуулукту тандап алуу нормаларын, системалуулугун да функционалдык стилистика үйрөтөт.*

Коомдун ар кандай өнүгүү процессинде жанаша жашаган, өнүккөн бир элдин экинчи бир элге тийгизген саясий, маданий, экономикалык ж.б. таасиринин аркасында сырттан кирген сөздөр менен ички ресурстун

---

* Кожина М.Н. Стилистика русского языка. – М., 1977.

негизинде тигил же бул элдин лексикалык байлыгы артып, аны колдонуу чөйрөсү кеңейет. Азыркы кыргыз адабий тилинин функционалдык стилинин өнүгүү өзгөчөлүгү ушундай процесске ылайык келет.

«Функционалдык» деген терминдин өзү көрсөтүп тургандай, ар кандай пикир алмашуунун шартына, чөйрөсүнө, өзгөчөлүгүнө, тилдин ошол учурдагы аткарган милдетине, кызматына (функциясына) байланыштуу колдонулган тилдик каражаттын системасын, структуралык бирдигин түшүнүүгө болот. Функционалдык стиль дегенибиз – адам оюнун интеллектуалдуулугун эле эмес, ар кандай чөйрөдөгү эмоционалдуу, эркин пикир алмашуунун шартына жараша көркөм чагылдыруучу объективдүү тилдик категория.

Ошентип, функционалдык стиль да ич ара майда тарамдарга, формаларга (түрлөргө) ажырайт. Мезгилдин талабына ылайык, кийинки жылдарда тил илиминде «стиль» деген термин тилдин экспрессивдүүлүгүн белгилеп көрсөтүү үчүн да колдонулууда, б.а., анын ички айкындыгын, таасирдүүлүгүн аныктоодо кызмат кылууда.

Б.а., пикир алмашуунун шартында тил негизги катнаш куралы катары ар башка ыкмада колдонулат. Айталык, тигил же бул фактылык чындыкты баяндоодогу коммуникативдик кырдаалда пикир алмашуучу адам официалдуу чөйрөдө же социалдык турмуштук шартта, сөз болуп жаткан көрүнүшкө, предметке карай эмоционалдуулугу, андагы экстралингвистикалык факторлорго ылайык бааланып, сүйлөө ар түрдүү формага өтөт. Ырас, жогорудагы биз сөз кылган пикир алмашуунун шарттык бирдиктери дайым эле талап кылына бербейт, бир мезгилде өтүшү да сөзсүз түрдө зарыл эмес. Ошого карабастан, баяндоонун ар башка формалары текстке сөзсүз кыйыр түрдө болсо да берилет. Ал эми анын жашырын сырын ачып, чечмелөө стилистиканын милдети болуп эсептелет.

Сүйлөөдө баяндоонун эки түрү болот:

а) коммуникативдик акты менен байланышпаган, баяндоонун предметин түзүүчү, б.а., тилдик функцияда алып караганда, интеллектуалдуу коммуникативдик функциядагы түрү денотативдик маани деп аталат;

б) коммуникативдик ситуативдик шартта, пикир алышуучу актка байланышкан кошумча информация, б.а., тилдик функцияда алып караганда, өзүнүн калган 5 жардамчы функциялары менен бирге информациялык билдирүүнү ишке ашыруучу маани **конотативдик маани деп аталат**. Буга кирүүчү **эмотивдик функция** сүйлөөчүнүн оюн баяндоодогу ар кандай сезимталдыгын билдирсе, **волинтативдик функция** (аны көбүнчө «прагматикалык» деп аташат) болсо, адресаттын жүрүп жаткан окуяга, көрүнүшкө карата эмоционалдуу эркин билдирет. Ал эми **аппелятивдик функция** баяндалган окуяны угуучунун кабыл алышын камсыз кылып, көңүлүн буруп толкундатса, **контактоустанавливающий** (контакт түзүүчү) **функциянын** максаты өтүп жаткан окуяны баяндоо эмес, пикир алмашуунун шартында сылык, сыпайы жүрүм-туруму, кылык-жоругу менен сөзгө аралашкан адамдардын көңүлүн буруу милдетин аткарат. Конотативдик маанинин акыркы функциясы ар түрдүү ыргактуу үн толкундарынын, ритмдин, көркөм пейзаж, картиналык зарисовкалар менен сезимталдыкты көтөрүп, таасир этүүчү **эстетикалык функция** болуп эсептелет.*

Практикалык стилистикага да, сүйлөө маданиятына да тиешелүү болгон сүйлөөдөгү денотативдик жана конотативдик маанилик пикирди баяндоодогу ыкмага ылайык, бир эле түшүнүктү маанилеш параллелизмдер, синонимдер менен алмаштырып, тандап колдоно билүү мүмкүнчүлүктөрүнө байланыштуу экспрессивдүү-эмоционалдык маанилик оттенкаларды ж.б. шарттап турат.

---

* Арнольд И.В. Стилистика современного английского языка. – М., 1990.

Натыйжада, стилистиканы сүйлөө маданиятынын борбордук маселелеринин бири болуп эсептелинген азыркы кыргыз тилиндеги синономия кубулушунун таасиринде жаралган, тилдеги эмоционалдуу-экспрессивдүү боёкчолордун маанилик оттенкаларын тандай билүү, синоним сөздөрдү колдоно билүү ыкмалары кызыктырат. Андыктан, сүйлөөдө тексттин кайсы түрүндө болбосун, айрыкча көркөм чыгармада тилдик каражаттарды тандап колдонуудагы автордун конкреттүү пикирин, күчтүү сезимин ишке ашыруудагы экспрессивдүү-эмоционалдуу окрасканын (боёкчонун) таасири жогору бааланат.

Стилистикадагы негизги орун синонимия проблемаларына ыйгарылып, андагы дифференциалдуу-маанилик жана экспрессивдүү-оттенкалык синонимдик параллелдердин жаратылышын окутат.

Синоним жана анын айрым маселелери

Түркологиялык илимий эмгектерде да стилистикалык бай ресурстун бири синоним экендигин эскеришет. Бирок стилистикалык синонимия маселесинин татаалдыгын эске алып, ага дыкаттык менен көз чаптырсак, жогорудагы биз сөз кылган эмоционалдуу-экспрессивдүүлүктүн синонимге болгон катышы, бөлүнүшү ж.б. маселелери боюнча алиге бирдиктүү пикир жок. Андыктан, кыргыз жана түрк тилдериндеги айрым эмгектерге таянып, синонимдердин семантико-стилистикалык, экспрессивдик өзгөчөлүктөрүнө көз чаптыралык.

Арийне бизди синонимдердин стилдик өзгөчөлүктөрү кызыктыра турган болгондуктан, аны изилдөөчүлөрдү атап отурбастан, эки чоң топко бөлүп карап, ой-корутундуга келелик. Синонимдик катарды түзгөн сөздөр семантикалык оттенкасы боюнча гана айырмаланбастан, стилистикалык сапаты жана эмоционалдуу-

экспрессивдүүлүгү менен да айырмаланышат да, төмөндөгүдөй бөлүнүшөт:

1. Семантикалык синонимдер;
2. Стилистикалык синонимдер;
3. Семантико-стилистикалык синонимдер.

Кыргыз тилиндеги синонимдерди Б.Суранчиева жасалыш жолдоруна карай төмөндөгүдөй бөлүштүрөт:

1. Уңгу түрүндөгү төл сөздөрдөн;
2. Сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу;
3. Фразеологиялык түрмөктөр менен;
4. Көп маанилүү сөздөрдөн;
5. Эвфемизмдер менен;
6. Жергиликтүү говорлордун эсебинен;
7. Башка тилдерден кирген сөздөрдөн жасалышат.*

Автор синонимдерди бир эле көрүнүштү билдирүүчү, маанилик оттеноктору жана стилдик жагынан айырмалануучу сөздөр экендигин байкап, алардын колдонулуш, айтылыш жагынан бири экинчисине караганда чектелгендигин, айкалыш чөйрөсүнүн тардыгына же кеңдигине ылайык синоним сөздөрдү толук же абсолюттук жана оттеноктуу же идиографиялык деп бөлүштүрөт.

Синонимдер **персондук, бейперсондук** болуп экиге бөлүнөт.

Персондук синонимдер ич ара адамга тиешелүү. М.: *адам – киши*, кесипке байланыштуу (*дарыгер – доктор – эмчи*) жана кызматка, түрдүү иш-аракеттерине байланыштуу болуп үчкө бөлүнүшөт.

Бейперсондук синонимдер: үй чарбачылыгына, адам менен жаныбарлардын дене түзүлүшүнө, табийгаттагы ар түрдүү кубулуштарга, өсүмдүктөргө, адамдын күндөлүк тиричилигине байланыштуу синонимдер болуп ич ара алты түргө ажырайт. Мындан сырткары, көркөм адабий чыгармалардагы синоним-

---

* Суранчиева Б. Синонимы в киргизском языке. Автореферат канд. диссерт. – Ф., 1971.

дердин стилдик өзгөчөлүктөрүн анализдөөдө фонетикалык дублеттерди (М.: *кисап – эсеп, казир – азыр*), алардын синонимдерге ажыратылышын (М.: *шыпыргыч – шыпыргы, бешмет – бешмент* ж.б.) эстен чыгарбоо керек.

Жазуучу жаратылыштагы күтүлбөгөн элести туураш үчүн ***ойт-уйт, шарт-шарт, шарт-шурт*** деген кош сөздөрдү – дублеттерди колдонуп, көрүнгөн чындыктын эмоционалдуу таасирин арттыруу үчүн ***«бетиңдин кири беш батман – бетиңдин кири беш эли»*** деген физикалык дублеттерди да колдонот.

Синономия кубулушу жана анын түзүлүшүндөгү жергиликтүү тилдик айырмалардын ролу

Кыргыз тилиндеги сөздүк составдын байышына жергиликтүү говорлор да жардам берет. Алар территориялык, фонетикалык, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт. Бир эле буюмду, нерсени, затты ар бир говордун өкүлдөрү ар башка атоонун эсебинен сөздүк составда синонимдик кубулуштар пайда болот. Ошол атоого алынган сөздөр көркөм адабий чыгармада персонаждын сүйлөөсүндө пайдаланылып же адабий тил аркылуу жайылып, синонимдик катарды же түгөйдү түзөт.

Мугалимдин жардамы менен окуучулар говорлордо кезигүүчү синоним сөздөрдү бир эле маанини же түшүнүктү билдирген менен, алар кайсы шартта, кандай ыкта колдонулуш жагынан айырмаланып, текстте өздөрүнүн сүйлөөсүндө кездешкен синонимдерди таап, алардын колдонулушун аныктайт. Натыйжада, каармандын сүйлөөсүндөгү анын территориялык, диалектилик өзгөчөлүктөрүн же стилдик максаттагы экспрессивдүү оттенкалык маанисин көрсөтөт.

Кыргыз тилинин көпчүлүк говорлорунда колдонулуп жүргөн ***калп – жалган – төгүн*** сыяктуу синонимдик катарлар ошол говордун өкүлдөрүнүн сүйлөөсүндө эле кездешпестен, персонаждын сүйлөөсүндө пайдаланылып, стилдик жактан ал каарман кайсы говордун өкүлү экендигин билгизип, жазуучунун көздөгөн максатына шайкеш келгендей стилдик ыкмада ишке ашат.

Төл сөздөргө маанилеш өздөштүрүлүп, араб-парсы тилдеринен кабыл алынган сөздөрдүн эсебинен түзүлгөн синонимдердин катарында ***калп*** (араб сөзү), ***жалган – төгүн*** (төл сөздөр) деген синонимдик катардын колдонулуу чөйрөсү дайым эле бирдей эмес экендиги байкалат. Бирок негизги доминант – ***калп***.

Кептер (парсы сөзү) – ***көгүчкөн*** (төл сөз) деген синоним сөздөр биринин ордуна экинчиси колдонула беришине карабастан, стилдик жактан өзгөчө бир оттенкалык маани бериш максатында пайдаланылгандыктан, сүйлөөчүнүн угуучуга эмоционалдык таасир этүүсү жогорулайт.

М.: Тынчтык ***көгүчкөндөрү абада көкөлөшөт.***

Менин ***көгүчкөндөрүм*** (оозеки речь)

Ак ***кептер*** сенсиң абада (ыр).

Адам (араб сөзү) – ***киши*** (төл сөз), ***күмөн*** (парсы сөзү) – ***арсар*** (төл сөз), ***мейман*** (парсыча: *мехмон*) – ***конок*** (төл сөз) ж.б.

Жогорудагы мисалдарды баамдасак, анда өздөштүрүлгөн (сырттан кирген) сөздөрдүн кыргыз тилинин синонимия кубулушуна тийгизген жагымдуу таасирин байкайбыз. Алар түрдүү жолдор менен кирип, төл сөзгө окшоп сиңип, аны пайдалануу ыкмаларынын кеңейишинин негизинде маанилик чегин жайылтып, жалпы элдик мүнөзгө өткөндүгүн байкайбыз.

Орус тилинен кирген сөздөр менен төл сөздөрдүн эсебинен түзүлгөн синонимдердин стилдик өзгөчөлүктөрү

Кыргыз элинин Россиянын составына кошулушу менен саясий жана экономикалык, маданий жактан жогорулашына шарт түзүлүп, алардан кирген сөздөр кыргыз тилинин лексикалык байлыгын арттырып, сөздүк составынын байышына өбөлгө түздү. Натыйжада, орус тилинен кирген сөздөрдүн негизинде баштапкы пайдаланылып келген төл сөздөргө маанилеш синонимдер пайда болуп, ал сөздөр акын-жазуучулардын чыгармаларында стилдик максатта колдонулган.

М.: ***теңге*** – (деньги) – ***сом-акча-пул***.

Теңгең болсо, карыз берип тур (А.Т.).

(бутылка) – ***бөтөлкө*** – ***шише*** (иран сөзү);

мектеп (араб сөзү) – ***школа*** (орус сөзү);

башкарма – ***председатель*** ж.б.

Кыскасын айтканда, орус тилинен кабыл алынган сөздөрдүн айрымдары фонетикалык жактан өздөштүрүлүп, өзүбүздүн төл сөздөй болуп кетсе, кээ биринин эквиваленти жок даяр түрдө кирип, айрымдары көмөкчү морфемалар жана кыргыз тилинин грамматикалык каражаты менен жабдылат. Бирок, мындай синонимдердин стилдик өзгөчөлүктөрү грамматикалык стилистикада ачык-айкын каралат. Биз атаган синонимдер көркөм адабий чыгармаларда стилдик мыкты каражат катары кызмат аткарат. Анткени, синоним сөздөрдү өз орду менен колдонбосо, көркөм чыгарманын ажары ачылбайт, өз максатына жетпейт.

Арийне ар бир жазуучунун интеллектуалдуу ой жүгүртүүсү, өз эркин, оюн түшүндүрүү үчүн алынган лексикалык синонимдерди тандоосу да, колдонулуш ыкмалары да ар түрдүү болот. Ошол себептен, синонимдик катардын бардыгы эле стилистикалык жактан

бирдей даражада колдонула бербестен, ошол шартка тиешелүү гана өзгөчөлүккө, оттенкалык, эмоционалдык мааниге ээ экендигин эстен чыгарбоо керек.

Биз тил илиминдеги салттык көз караш боюнча синонимдик катарды түзүүчү сөздөр үчүн кандай бөтөнчөлүктөр мүнөздүү экендигине эмес, алардын стилдик максатта колдонулушуна токтолмокчубуз.

Синонимдердин семантикалык-стилистикалык өзгөчөлүктөрү. Семантикалык синонимдер

Мугалим азыркы кыргыз тилиндеги синонимдерди ар тараптан талдоого албаса, тексттен алардын стилистикалык-семантикалык маанисин чектемейинче, анын өзгөчөлүгү, ажары ачылбай тургандыгын окуучуларга түшүндүрөт. Синонимге берилген аныктаманын өзүнөн эле анын маанилик кубулуш экендигин, алардын арасындагы оттенокторду ажыратып чектөөнүн негизинде, семантикалык критерияны эсепке алуудан келип чыгары белгилүү. Ошондуктан автор тарабынан же оозеки сүйлөөчү тарабынан анын маанилик катышын эсепке алып, бир эле түшүнүк, стилдик максатка ылайык, керектүү синоним сөз аркылуу кылдаттык менен берилет.

Синонимдерди семантикалык жактан изилдөө дегенибиз, алардын ортосундагы окшоштуктарды эмес, тескерисинче, алардын ортосундагы маанилик оттенокторду ачуу болуп эсептелет. Анткени, синоним деп аталып, ар башка айтылган сөздөрдүн негизинде бир түшүнүк жатканы менен, алардын арасында кээде семантикалык-стилистикалык өзгөчөлүктөр болбой койбойт. Тилибизде, жогоруда көрсөтүлгөндөй, лексикалык жактан маанилеш сөздөр эле эмес, семантикалык синонимдер да бар.

Семантикалык синонимдердин башка түрк тилдеринде кандайча каралышын да эске алалык.

Кыргыз тилиндеги синонимдерди А.Болгонбаев колдонулушуна карай: а) туруктуу, б) контексттик, ал эми тибине карай: а) маанилик, б) стилистикалык синонимдер деп экиге бөлөт.

Татар тилиндеги синонимдерди Ш.Хангибекова: а) абсолюттук, б) идеографиялык, в) экспрессивдик, г) универсалдык деп төрткө бөлөт.*

В.Мескутов түркмөн тилиндеги синонимдерди семантикалык жана стилистикалык өзгөчөлүктөрү боюнча: а) маанилик, б) стилистикалык, в) эмоционалдык-экспрессивдик деп үчкө бөлөт.

Жогоруда синоним сөздөрдүн түрк тилдеринде ар башка өздөштүрүлгөнүн, колдонулуш ыгындагы кээ бир өзгөчөлүктөрүн байкадык. Синонимдердин семантикалык ролу булардын ордун алмаштырып колдонуу менен эле чектелбей тургандыктан, андагы стилистикалык зарылчылыкты туура баамдаш керек. Чындыгында, адамдар өз ара бири-бири менен пикир алышкан учурда, же бир оюн айтаардан мурда ойлонот, андан соң ой жыйынтыктарын жайынча баяндап берет же толкунданат, кубанат, өкүнөт, ачууланат, тескерисинче, сүйүнүшү да мүмкүн. Ошол мезгилде анын оюна не бир түркүн синоним сөздөр, фразеологиялык айкаштар, айтор айтылуучу пикирлерин ошол шартка, чөйрөгө, кырдаалга карата ар башкача күчтүү сезимдер менен чыгарат, бул экспрессивдүүлүк болуп эсептелинет. Анын сыңары, адамдар өз оюн айтууда шартка шайкеш күчтүү сезимин, таасир этүүсүн эсепке алсак, анда бир эле сүйлөмдөгү синоним сөздөрдүн сезимталдыгын тааныу кыйын.

Эгерде бир эле сүйлөмдө бир нече синонимдеш сөздөр болсо, анын бири эмоционалдуу-экспрессивдик,

---

* Хангибекова Ш. Синонимы в татарском языке. Автореферат канд. диссерт. – Казань, 1962; Суранчиева Б. Синонимы в киргизском языке. Автореферат канд. диссерт. – Ф., 1971; Тил илимине киришүү. – Ф., 1980.

экинчиси экспрессивдик, үчүнчүсү, семантико-стилистикалык жагынан өзгөчөлөнүп, маанилик оттенкалары менен айырмаланып турат. Булардагы окшоштуктарды, айырмачылыктарды көркөм адабий чыгармадан алынган конкреттүүү фактылар менен салыштырып көрөлү.

М.: ***душман – жоо – кас*** деген синонимдерди алсак, «душман» бул экөөнө караганда кенен түшүнүк берип, жоопту толук, так берет. «Жоо» көбүнчө оозеки сүйлөөдө, макал-ылакаптарда көп кездешет. М.: «эр жигит эл четинде, ***жоо*** бетинде», «эл четине ***жоо*** келсе, үйдө жаткан жигитпи?» деген сыяктуу учурайт. Кастык – эки адамдын ортосундагы карама-каршылыктын жогорку чеги. Эки мисалдагы катарлардан «жоо» деген синонимдин башкалардан эмоционалдык-экспрессивдик, маанилик оттенкасы жагынан толук айырмалуу экендигин ачык эле байкоого болот.

Ошондой эле ***кооз, көркөм, сулуу*** деген синоним сөздөрдүн оттенокторуна көз чаптыралы. **«Кооз»** көбүнчө кол менен жасалган нерселердин сапатын (мисалы: кооз имарат, кооз килем, кооз кездеме ж.б.; түшүнүктөрдү: кооз капчыгай, кооз жер ж.б.), **«көркөм»** болсо, көбүнчө абстрактуу түшүнүктөрдүн сапаттуу чегин же атайын атоолорду билдирет (көркөм чыгарма, көркөм фильм, көрктүү окуу, көрк берүү), бирок сулуу же кооз фильм эмес. Анын сыңары ***кооз*** бет, ***көркөм*** бет дебестен, адамдын өңү-түсү жөнүндө **«сулуу»** деген синонимди колдонуу оң. Анын тескерисинче, **сулуу** да, ***кооз*** да адабият эмес, ***көркөм*** адабият дейбиз. Арийне, **кооз** жана **көркөмдүк сулууга** салыштырганда өз ара оттеноктору бири-бирине жакын. **Өң** адамдын кебетесин, өңүн билдирсе, **жүз** адамдын ички сезимине тиешелүү сапатын билдирип турат.

Синонимдик катар канчалык көп сөздөн түзүлсө, алмаштыруу мүмкүнчүлүгү да ошончолук кеңири болот. Айрыкча, макал-ылакаптарда ички күчтүү сезимди, ар

кандай патриотизмди билдириш үчүн атайын максатта эмоционалдык күчтүү таасир этүүчү сөздөр колдонулат. Жогорудагы **«өң». «жүз»** деген синонимдердин **«бетке»** караганда эмоциялык оттеноктору күчтүү. М.: *«Өңдү көрсө – **жүз** таят», «эт – этке, сорпо – **бетке**»*. Мындай макал-ылакаптардан түзүлгөн синонимдердин составы экспрессивдик семантикага мүнөздүү сөздөрдөн турат. Көркөм чыгармаларда кооздукту, эмоционалдуулукту көрсөтүүчү каражаттардын бири синонимдер болуп эсептелинет. М.: *Мындай карасам, Абдылда экен, **өңү** жууган чүпүрөктөй бопбоз.* (А.Т.). Бул сүйлөмдөгү ***өңдүн*** ордуна ***бетти*** колдонууга мүмкүн эмес.

Семантикалык синонимдер бардык сөз түркүмдөрүнөн кездешет. Тактоочтук синонимдер ***бат – бачым – тез, дароо – ылдам – чапчаң – заматта, тез – ылдам*** иштин тез бүтүшүн билдирип, (семантикалык касиети боюнча) биригишип, бирок бири-биринен өз ара маанилик оттенкалары боюнча айырмаланышат. Айрым поэтикалык же прозалык чыгармаларда, сүйлөөбүздө алардын айырмасы көркөмдүк, эмоционалдуулук, экспрессив-дүүлүгүнөн, нейтралдуулугунан байкалат.

Мисалы: ***Бат*** эле балдар Нурбай карыяга жете келишип: «Саламатсызбы, ***атаке***!» – дешти. (А.Т.).

Семантикалык синонимдер этиш жана негиздери этиштен болгон сөздөрдөн да көп кезиге тургандыгы жогоруда белгиленди: ***басынтуу, кемитүү – теңине албоо; акылдашуу – сырдашуу – кеңешүү; уруу – согуу – тепкилөө – былчылдатуу; камырабоо – кебелбөө – солк этпөө; урматтоо – ардактоо – кадырлоо; пикирлешүү – маектешүү – аңгемелешүү; машыгуу – көнүгүү – үйрөнүү; жалдыроо – телмирөө*** ж.б.

Чек – тарт деген этиштик синонимдерди алсак, экөөнүн маанисинде кандайдыр бир айырма тургандыгы байкалат: ***тамеки чек*** *(«тамеки тарт»* десек, айырмасы жоктой сезилет). ***Убайым тарт***, (азап тарт) ***азап чек*** десек, **«тарт»** жана **«чек»** өтмө маанисинде бири-бири

менен синонимдеш болуп жатат. Ал эми кээ бир айкаштарда: *жумуртканы* ***чек,*** *араба* ***чек*** деген учурда **«тарт» «чекке»** синоним болбойт.

Синонимдер оозеки сүйлөөдө жана көркөм адабияттык текстте баяндалуучу окуяга жандуулук, стилдик ар түрдүүлүк киргизип, өзгөчө эмоционалдуулукту чагылдыруунун ыкмаларын толук өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Маани жагынан өз ара бири-бирине жакын синонимдер контекстке шайкеш келген эмоционалдуу окраскалык оттеноктору менен айырмаланышат. Бул жагынан алганда, алар оозеки жана жазуу түрүндө сүйлөөдөгү өтө маанилүү тилдик-лексикалык бирдик, семантикалык каражаттардан болуп саналышат. Мындай синонимдер жалпы маанидеги окшоштуктун чегинде туруп, ар бири ошол түшүнүктүн оттенкасын билдирүү үчүн жумшалат Ал эми оттеноктору жакын турган синонимдерди бир сөздү кайталабоо үчүн колдоно билүү чыгарманын стилдик сапатын жакшыртып, жогоруда белгиленген чеберчиликтин да көрсөткүчү боло алат.

Стилистикалык синонимдер

Стиль деген түшүнүктү тар мааниде алганда, тигил же бул чыгарманын жалпы стилдик өзгөчөлүгүн өз кучагына алып, андагы көркөм сөз бөтөнчөлүгүнүн же окуяны баяндоодо колдонулуучу ыкмалардын жыйындысы эмес, образдык жактан дүйнөнү таанып билип, ой жүгүртүү менен, айлана-чөйрөдөгү чындыктарды көркөм чагылдыруудагы тилдик каражаттарды ыктуу пайдалана билүүнүн бирдигин айтабыз.

Чыгарманын стилдик сапатын арттыруу максатында сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык касиеттерин, сапаттарын анализдей билүү стилистикалык норманы туура түзүүнүн эң негизги өбөлгөсү болгон сөздөрдү

орду, ыгы менен туура пайдалана билүү дегендикке жатат. Эгерде сөздөр орунсуз, чаржайыт берилсе, ойду ачык, так бере албай, мааниси жеткилең эмес, түшүнүктүү болбой калат. Ошондуктан, стиль биздин тилибиздеги ар кандай артыкбаш сөздөрдөн куткарат, адабий норманын иштелип чыгышына шарт түзөт.

Стилистикалык же стилдик синонимдерди изилдөө иши акад. В.В.Виноградовдун пикиринде айтылгандай, синонимдер улуттук тилдин стилистикасынын, сүйлөө маданиятынын өсүшүнө активдүү таасир этет. Айрыкча, бул маселе боюнча грамматикалык, лексико-фразеологиялык, синонимикалык каражаттардын маанисине көңүл буруу зарыл. Жалпы элибизге тиешелүү синонимдик каражаттарды, улуттук тилди пайдалануууда анын жандуу, активдүү, кыймылдуу күчүн тактоо менен семантикалык мыйзам ченемдүүлүгүнүн өсүшүн байкоого болот.

Эгерде стилистикалык синонимдерди орун алмаштырып, бир синонимдин ордуна экинчи синонимди койсок, ал контекстти стилистикалык өзгөрүүгө алып келет. Мисалы: ***адам – киши, бөрү – карышкыр, конок – мейман, ант – шерт, күч – кубат, кароолчу – күзөтчү – сакчы – корукчу*** ж.б.

Мисалы: *Караңгы түндүн кучагында бизди көздөй ылдамдай басып, эки* ***киши*** *келе жатат.* (А.Т.). Мында *«киши»* деген түшүнүктүн ичинде 40–45 жаштагы деген маани жатат. Демек, «киши» деген синонимден «адам» деген синонимдик түшүнүк алда канча кенен.

Мисалы: *Адам деген кыйын, татаал аппарат,*
Тетиктерин кимдер таап ача алат.
(бир шилтемдер)

Айрым сөздөр орус тили аркылуу кирип, башта активдүү колдонулуп жүргөн (башта араб тилинен кабыл алынган) ***табып – дарыгер*** деген синонимдер өтө сейрек колдонулуп, анын ордуна ***врач – доктор*** деген сөздөр активдүү мүнөзгө өттү.

Мисалы: *«Вот так» деди, шайыр **доктор** жайдары:*
Анын бары Ак-Сайыңа барганда!
Казыбайың коёр эмес жанымды,
Эрке тура, койчуларың карганда. (А.Т.).

Фразеологиялык синонимдер

Бир нече майда булактар кошулуп, дарыя агымын жараткан сыңары, кыргыз тилиндеги синонимдер да элибиздин лексикалык байлыгынын ар башка тармактарынан пайда болот. Мындай булактардын бири фразеология болуп эсептелинет.

Айкашкан сөздөрдүн ичинен бирөө тике мааниде туруп, калгандары ага байланыштуу өтмө мааниде айтылып, эки же андан көп сөздөрдүн айкашынан түзүлгөн туруктуу тилдик (единицаларды) айкаштар фразеологиялык тизмек деп аталат.

Мисалы: *Күйбөгөн жерим күл болду; оймок ооз, кыргый мүчө, кыпча бел, ак маңдай, ак жүздүү, кырдач мурун, жез таңдай* ж.б. (А.Т.).

Орус тилиндеги фразеологиялык түрмөктөрдү академик В.В.Виноградов үч топко бөлүп карайт:

1) Фразеологиялык ширешүүлөр (скрашения);
2) Фразеологиялык (единства) бирдиктер;
3) Фразеологиялык (сочетания) айкаштар.

1. Фразеологиялык бирдиктер – семантикалык жагынан ажырагыс бирдикти түзүп, бирок мааниси составындагы сөздөр менен байланыштуу болгон сөз тизмектери.

Мисалы: ***атка минер, колго алуу, жан берүү*** ж.б.

Оонаса жайдактаган ак боз аты,
Заматта тору кылат кожогаты.
Каяктан канга жуулуп калды – дешип,
Чочушат **атка минер** азаматы. (А.Т.).

2. Фразеологиялык ширешүүлөр – анын составындагы элементтерди бөлүп жиберүүгө мүмкүн болбогон, жалпы

маниси, аны түзгөн сөздөрдүн маанисине дал келбей турган фразеологиялык түрмөктөр.

Мисалы: *куркулдайдын уясы, таңдай катуу, каны катуу* ж.б. семантикалык жактан эки группага ажыратууга болбой турган түрмөктөр.

3. Фразеологиялык тизмек – составында эркин жана өтмө маанидеги сөздөрү бар туруктуу сөз айкаштары.

Мисалы: *Мурдун канжалатуу, каны катуу* ж.б. эркин колдонулуучу сөздөр.

4. Фразеологиялык айкашуулар – составы жана колдонулушу жагынан туруктуу айкалыштар.

Мисалы: *боз үй, там үй, жыгач үй, кызыл үй, төө куш, ак куш, кара буудай* ж.б.

Бул биз көрсөткөн айкаштардын составындагы сөздөр семантикалык жактан жеке-жеке мааниге ээ болгондуктан, ажыратып жиберүүгө да мүмкүн болгон толук маанилүү эркин элементтерден турат да, биригип бир маани берет.

Фразеологиялык синонимдерден тышкары турган эркин сөз тизмектери да синонимдердин башка топтору менен байланыштуу. Мисалы: *жоош – жаман ою жок, чөмүлүү – ойго батуу, өсүү – келечеги кең, билгизбес – шек алдырбас, караңгыда – каш карайганча, алыс – ыраак – жердин түбү – түпкүрдүн түбү, күүгүм – кечкурун – күн батуу, шашуу – ашыгуу, карбаластоо – шашкалактоо – алпурушуу – жан талашуу* ж.б.

Азыркы кыргыз тили синоним сөздөргө гана эмес, фразеологиялык сөздөргө да бай. Фразеологиялык синонимдер – ойду чебер, көркөм, образдуу кылып берүүнүн негизги булагы. Фразеологизмдер – синонимдердин катарын байытуучу буулактардын бири. Алар түзүлүшү жагынан бир нече сөздөрдүн тизмегинен туруп, маниси жагынан бир сөзгө синонимдеш болот.

Лексикалык синонимдерден фразеологиялык синонимдердин айырмасы – алардын бир нече сөздөрдүн ажыралгыс айкалыштарынан туруп, бир маанини түшүндүргөндүгүндө.

Мисалы: ***бат – тез – дароо – ылдам – чапчаң – ыкчам*** деген синонимдердин маанисин **«көз ачып жумганча», «көз ирмегенче», «бир заматта»** деген фразеологиялык айкалыштар менен берүүгө болот. Ошондуктан адабий көркөм чыгармаларда автор тарабынан колдонулган фразеологиялык синонимдер окуяны жандуу, элестүү, таасирлүү кылып бериш үчүн пайдаланыла турган синонимиялык ыкманын өзгөчө түрү экендигин эстен чыгарбоо керек.

Мисалы: ***Көз ачып жумганча*** спутник да көрүндү. (А.Т.).

Термелген талдар жыбырап,
Тентек жел кошо зымырап.
Бир заматта көрүшсөк,
Тиктешер элек шыбырап. (А.Т.).

«Аба, – дедим, – жалт карады карыя, –
Көз ирмегенче спутникти көрөбүз».
«Койчу!» – деди жаш баладай шашылып:
«Сонун болду, чайыттай экен төбөбүз». (А.Т.).

Өтмө маани жана синонимия

Тилдеги сөздөрдүн тике жана өтмө мааниде колдонулушу табийгый көрүнүштөрдөн.

Сөздөрдү өтмө мааниде колдонуу ал сөздөрдүн маанисинин кеңейиши жана ага кошумча жаңы маанидеги оттенокторду билдирүү зарылчылыгы менен байланыштуу. Сөздүн тике же өтмө мааниде колдонулгандыгын контексттен билүүгө болот.

1. Контекстте берилген сөздүн семантикалык жактан бир гана маани берерин проф. Галкина-Федорук туура белгилеген. Контекстте пайдаланылган, сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн башка маанилери калып, анын синонимиялык өтмө мааниси өкүм сүрөт. Демек, метофоралык сөздүн

өтмө мааниге өтүшүнө карабастан, ал өзүнүн баштапкы тике маанисин да сакташы керек. Ансыз ал бири-биринен ажырап кетсе, метафора болбостон, омонимге айланып кетет. Айтсак, көп маанилүүлүк жана синонимиянын (өтмө маанилердин) сөздүк түшүнүгүнө тиешеси жөнүндөгү проблемалар да лексикологиялык планда изилденүүчү маселелердин биринен.

Айрым жазуучулар өз оюн туура, так, көркөм чагылдырып, күчтүү сезимин таасирдүү бериш үчүн, өтмө маанидеги фразеологиялык синонимдерди максатка ылайык туура тандай билүүгө аракеттенет. Мисалы: А.Токомбаевдин чыгармаларында «ак чачтуу» деп айтылса, экинчи бирөөлөрү ал сөздү «ак кардуу тоо» дейт, үчүнчү бирөөлөрү «ак элечектүү» деп, (өтмө мааниде) фразеологиялык синонимдерди стилдик максаттагы ыкма менен колдонушат.

Мисалы: *Асмандан тийген күндүн нуру* ***ак элечек*** *оронгон аркайган аскаларга чагылышып, көздү уялтты.* (А.Т.).

2. Оозеки сүйлөөдө, көркөм чыгармаларда окуянын же түшүнүктүн атын, маанисин ички жакындыктарына карай ооштуруу троптордун бир түрү метонимияга таандык.

Поэтикалык синонимдер метонимиялык жол менен сөздү же түшүнүктү өтмө маниде колдонгон учурда пайда болот. Адетте (сөздүн тике маанисиндеги) такыр башка семантикалык маанини билдирип турган сөздөрдү, (көркөм сөз чеберлери) окуяны сүрөттөөдө текстке керектүү жана тийиштүү сөз болсо, стилдик максатта, аны өтмө мааниде колдонот.

Мисалы: ***«Арстан»*** *деп мени ээрчитти,*
Башканын киймин кийгизип,
Көргөндүн көзү тойгондой.
«Жаш баатыр» *дешип ырчысы*
Жар салып жүрдү билгизип. (А.Т.).

Мында акын «арстан», «баатыр», «эр жүрөк», «тайманбас» деген сөздөрдү образдуу синоним катары колдонгон.

3. **Синекдоха** – синонимдерди түзүүчү поэтикалык троптордун бир түрү. Белгилүү бир түшүнүктү аныктоодо бүтүн бир нерсенин мааниси бүтүн мааниде же тескерисинче, бүтүндү бөлүкчө менен өтмө мааниде тымызын түшүндүрүп, аны ооштуруп көчүрүп, жалпыланган көркөм сүрөттөө үчүн өтмө мааниде колдонулган сөздөрдүн негизинде да синонимдер түзүлөт.

Мисалы: *Комсомолдор,*
Балбан колдор.
Тынбагыла
Зыянкечти
Курутпай. (А.Т.).

Тянь-Шандын ***чокусунун биринде,***
Бюст турат ***бут дүйнөнү караган.***
Тармал чачтуу, баатыр дене, буркут көз,
Дем алгандай тунук, таза абадан. (А.Т.).

Мен туяксыз (баласыз) өтүп кетемби ("Манас")

Көп маанилүүлүк жана синонимия

Тил коомдук өнүгүштүн бир көрүнүшү катарында лексикалык составы жагынан байып, айрым сөздөр турмуштук зарылчылыктын негизинде өнүгүү процессин өтөп, өзүнүн алгачкы эле маанисинде эмес, улам жаңы мааниге ээ болуп да колдонулат.

Ал эми ар кандай жаңы маани сөздүн алгачкы мааниси менен байланышта пайда болуп отурат. Ошону менен бирге, жаңы маани сөздөрдүн семантикалык жактан аткарган милдетин кеңейтет, синонимдердин жаңы топторун, катарын түзөт.

Мисалы, кыргыз тилинде **«ак»** деген сөз бир нече маани берет. Ал маанилердин ичинен 2–3 мааниси – эки түрдүү

синонимдик катардын доминанты. ***Ак*** – кирсиз, таза кийимге карата айтылган учурда гана синоним боло алат.

Жогоруда айтылгандай, сөз канчалык көп мааниге ээ болсо, ал сөздүн бир нече синонимдери түзүлөрү бышык. Демек, көп маанилүүлүк менен синонимиянын ортосундагы семантико-стилистикалык байланыш бар экендигин танууга болбойт. Мисалы: **эр**, биринчи мааниси: ***эр – баатыр – кааман – эр жүрөк***, экинчи мааниси: ***эр – бай – күйөө – жолдош***.

Ошентип, акын-жазуучулар, сөз чеберлери керектүү сөздү окуяга, шартка, кубулушка ж.б. образ түзүүгө байланыштуу, максатка ылайык стилдик ыкманы пайдаланып, синонимдерди тандап колдонушат.

Эвфемизмдик синонимдер

Сүйлөөдө, текстте оң мааниде пайдаланылгандыгына карабастан, айрым пикир алышуунун шартында одоно сыяктанган сөздөрдү, стилдик максат менен өтмө мааниде айтылуучу эвфемизмдер (сылык айтууга тандалган) алмаштырат.

Айрым контекстте одоно, кулакка жагымсыз деп сезилген сөздөрдү, башка маанилик жакындыгы бар (жылмалап айтууга мүмкүн болгон), моралдык-этикалык нормалардын чегине сыйган, стилдик максатты актай алган сыпайы сөздөр тандалып алынат. Айрым стихиялык кубулуштардан, күтүлбөгөн кырсыктан чочуу, коркуу же аларга тайынуудан улам чыккан эвфемизмдер автор тарабынан ар башка ыкмада колдонулат.

Мисалы, **«өлдү»** десек, кулакка жаман, жагымсыз угулат, адамды чочутат: ошондуктан ***дүйнөдөн кайтты, көз жумду, дүйнөдөн өттү, каза тапты, каза болду, жер жазданды, үзүлдү, көзү өттү, тиги дүйнөгө кетти*** деген фразеологиялык-эвфемизмдик синонимдердин көп болушу да бекеринен эмес. Анткени, кылымдар бою

кыргыз эли жоокерлик менен Мекен коргоп аттанганда, далай эрлеринен кол жууп кайтышкан. Аны жакындарына угузуш үчүн табышмактуу синоним сөздөр менен ыр түрүндө да, комуздун муңдуу күүсү аркылуу кара сөз түрүндө да айтышып, синонимдик эвфемизмдерди көбүрөөк ойлоп табышкан. Мындай сылык сөз аркылуу ой-пикирин айтуучу адам стилдик максатта эмоционалдуу экспрессивдүүлүктү – ички букту шарттуу түрдө күчөтөт. Мындай стилдик каражат көркөм адабиятта (прозада, поэзияда) жана оозеки сүйлөшүүдө, текстте көп колдонулат.

Мисалы: *«Корей, корей» шыңгыраган үн менен,*
Үшкүргөндөй созулду, ***ал көз жумду.***
Эки мүрү көтөрүлүп дирилдеп,
Жай суналып дем алышы токтолду. (А.Т.).

Контексттик синонимдер

Контексттик синонимдер да өтмө мааниде колдонууга байланыштуу болот да, ошол контекстке акын-жазуучулар тарабынан ойду курч таасирдүү бериш үчүн керектүүсү тандалып алынат. Айрым синонимдердин ошол контекстте гана күчтүү сезимди, эмоционалдуулукту чагылдыра ала тургандыктан, аларды контексттик синоним катары кароого болот.

М.: *Баштагы* ***буудай*** *кедейди*
Чар *кылгансың, замана*
(Токтогул)

Булар ушул контекстте гана синоним боло алышат, өтмө мааниде экспрессивдүүлүктү жарата алат.

ООЗЕКИ СҮЙЛӨШҮҮ СТИЛИ

Программада айтылгандай, окуучулардын сөз байлыгын өнүктүрүү – кыргыз тилин окутуунун негизги милдети. Байланыштуу сүйлөө боюнча сабактарда ой-пикирди оозеки жана жазуу жүзүндө эркин, логикалык ырааттуулукта байланыштуу, сабаттуу туюнта билүүгө үйрөтүү; алардын сүйлөө түшүнүктөрүн өздөштүрүүгө, текст түзүүгө жана өркүндөтө билүүгө машыктыруу, өз ойлорун орфоэпиялык нормалардын негизинде туура, так айтууга, ар түрдүү стилдеги тексттерди көркөм окуй алууга үйрөтүү зарыл.

Сүйлөөнүн оозеки жана жазма стили. Окуучу оозеки сүйлөшүү стилинин мүнөздүү белгилерин баамдап, окуганын, көргөн-билгенин угуучуга так, туура, көркөм билдире алгандай болушу керек.

Сүйлөшүү стили – бул күндөлүк турмуш-тиричиликте официалдуу эмес карым-катышты түзүп, сүйлөөчү адам менен угуучунун ортосундагы ээн-эркин пикир алышуу процессин айтабыз. Адетте, мындай баарлашуу бири-бирин тааныган же тааныбаган адамдар менен көзмө-көз, бетме-бет сүйлөшүү болуп эсептелет. Мындай учурда сүйлөшкөндө берген билдирүүлөр, ой-пикир кимге, кандай максатта, кайсы учурда, шартта, кырдаалга шайкеш сүйлөөсүнө ылайык, сөздү андагы экстралингвистикалык факторго ылайык тилдик каражат тандалып, сүйлөөнүн ар кандай тибин, стилин аныктайт. Сүйлөгөн адамдын өңү-түсү, мимикасы жана кол жаңсап, баш чайкап, ийнин куушурган пантомимикалык маанилик бирдиктер коштоп турат. Элибизде: «өңдү көрсө – жүз таят» дегендей, оң жана терс эмоциялар адамдын өңүнөн көрүнүп турат. Мындай учурунда тез жооп кайтаруу

үчүн сүйлөөчүнүн сөз тандоо мүмкүнчүлүгү аз болуп, кекечтенип, мукактанып, жооп таба албай калат.

Ошентип оозеки сүйлөө официалдуу жана официалдуу эмес болуп, экиге бөлүнөт. Кийинкиси өз кезегинде сүйлөөнүн принцибине, ага ылайыктуулугуна жараша **илимий** (илимий дискуссия, бир жагынан мугалимдин жаңы теманы окуучуларга түшүндүрүүсү жана окуучунун жаңы өтүлгөн материалды кенен түшүндүрүүсүнө окшоп кетет), **публицистикалык** (публицистикалык лекция, жыйындарда чыгып сүйлөө), **иштиктүү сүйлөө**: сот процеесинде, диспетчер менен аскерлер жана ички иштеринин адистери, (адвокат) тергөөчү криминалист, пилотторго болгон кайрылуулар кирет. **Көркөм сүйлөө** – оозеки аңгеме, жомок же болумуш, анекдот айтуу. **Эпикалык чыгармаларда сүйлөө**: дастандарды (эпикалык), турмуштук кенже чыгармаларды; «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан» ж.б. **«Манас» айтуу**. Көркөм чыгармачылык менен мимика, жест, интонация, өзгөчө сүйлөөнүн стили, айтуунун ыкмасы таандык. Айрыкча, ритмо-мелодика, көркөм экспрессия, эмоция, тембралдык окраска (боёкчо) талап кылынат. Мындай көркөм өнөрдүн адистерин элибиз манасчылар деп ардактап сыйлайт. Кесиптин адистери табият берген талантка, тунук акыл, сергек сезимге таянат. **Көркөм сөз өнөрүнүн адистеринин сүйлөөсү**: төкмө акындар, жазуучулар, чечендер, ораторлор, сөзмөрлөр, көркөм окуучулар кирет.

Диалогдук, монологдук ж.б. оозеки сүйлөөнүн түрлөрү, өзгөчөлүгү, жазуу речинен айырмасы «Сүйлөө маданияты» бөлүмүндө берилди.

Мектепте окуучуларга берилген суроо-жооп, текстти талдоо, аңгеме айтуу, баяндоо, маалымдоо, чыгармаларды талдап, оозеки сүйлөөдө ачык, так, көрктүү билдирүү беришет. Мугалим ар дайым алардын сүйлөөсүн түзөтүп, образдуу сөздөрдү ыктуу

пайдаланышына көмөк көрсөтөт. Окуучулар диалектилик, говордук сөздөрдү кошпой, норманы сактоого тийиш. Оозеки сүйлөөнүн көркүүлүгүн, таасирдүүлүгүн арттырыш үчүн, окуучуларды көркөм окууга көнүктүрүп, сүйлөөнүн интонациясын, ритмо-мелодикалык көп кырдуулугун арттырып, логикалык басымды, тынымды туура пайдалана билиши оң. Оозеки сүйлөөгө эмоционалдык-экспрессивдүүлүк мүнөздүү, ал сүйлөөнүн таасирдүүлүгүн арттырат.

Пикир алышкан адамдар кандайдыр бир билдирүүнү айтып, ага карата өзүнүн мамилесин, үмүт-тилегин, ал-абалын көрсөтүп, аны колдоорун же колдобосун сөзүнөн туюнткан ички сезимин – эмоциясын да билдирет. Оозеки сүйлөөдө мындай сезимдер интонациянын катышы менен оңой билинет.

Сүйлөшүүнүн негизги өзгөчөлүгү болуп, ар бир адам максатын биринчи билдирет да, сөз жүрүп жаткан шартка карата жаңдоо-ымдоо, кол шилтөө, баш чайкоо менен, айрым сөздү логикалык басым менен (сүйлөөнүн) темпин жайлатып көңүлсүз айтса, тескерисинче, экспрессивдик интонацияга таянып, чечкиндүү ой айтат.

Пикир алышуу учурунда күтүлбөгөн суроо-жооп иретиндеги диалогдор катышып, ойлоо даярдыксыз ишке ашкандыктан, тактоону талап кылуучу калпыстыктар, так эместиктер кетиши да мүмкүн. Ошондуктан, кайра сөз кезеги келгенде, дагы тактоолор, толуктоолор берилет.

Сүйлөшүү стилиндеги элестүүлүктү элес тууранды сөздөрдүн, макал-ылакаптардын, идиоманын, салыштыруулардын ж.б. тилдик каражаттардын колдонулушунан байкоого болот. Сүйлөшүү стили ошол пикир алышуунун кырдаалына, чөйрөсүнө карата суроо, илеп белгиси коюлуп, диалогдор удаа-удаа колдонулуп, ички сезимди көркөм чагылдырат.

– *Бүттүбү? – деди Танабай.*

– *Бүттү.*

– *Кайыр кош.*

– Кайыр кош.

– Бүттү, Гүлсары, – деди жоргого. – Бүттү (Айтматов Ч.). Буга окшогон сүйлөшүү стилинде угуучунун так эмес, туура эмес кайтарган жообуна «жан талашпа», «жаныңды жебе», «сатылбагын» деген сыяктуу күчтүү экспрессиялык маанини билгизүүчү сөздөр кошулуп, кеңири колдонулат.

Сүйлөө стилинде, өз ара адамдар пикир алышууда бирин экинчиси жактырып, жактырбай, жакшы көрүп, шылдыңдап, какшыктап, ички сезимин чагылдырып, оюн билдирет. Фразада мындай сезимди туюндуруучу негизги каражаттар интонация жана көркөм сөздөр, модалдуулук болуп эсептелет. Экспрессия – бир жагынан алып караганда, эмоционалдуулуктан бөлүнбөйт, б.а., экөө бири-бирин толуктап туруучу сезимдердин ачыктыгынын, тактыгынын көрүнүшү. Экинчи жагынан алып караганда, экспрессия образдуулук менен байланышат, ал эми сүйлөөнүн образдуулугу болсо, тилдик категория катары такыр көңүл бөлүнүп окутула элек.* Кайсы тилдин лексикасы бай болсо, ошол тилде эмоция, экспрессия басымдуулук кылат. Эмоцияны экспрессивдүү түрдө чыгарыш үчүн ошол оозеки сүйлөшүүнүн шартына шайкеш эки түрдүү интонациянын, б.а., күчтөнүп катуу үн чыгарып, же кош көңүлдүүлүк менен айтылган эркүү интонациянын негизинде (үн узундугунун тездиги, жайлашы), тондун бийиктигине жараша өзгөчө контрастуулугу, күч бирдигинин эмоционалдык интонацияга катышы лексикада экспрессивдүүлүктү билдирет.**

Оозеки сүйлөөдө адамдардын **ички сезимин билдирүүчү сөздөр**: *айланайын, алтыным, секет кетейин, садагаң болоюн*; боору ачыса: *байкуш, шордуу*; **сыйлоо, жакшы көрүү маанисинде**: *атаке, энеке, атакебай, эне-*

---

* Ефимов А.Н. Некоторые задачи изучения образной речи.// Русский язык в школе, 1960, № 3.

** Артемов В.А. Курс лекций по психологии. – М., 1958.

кебай, эжекебай сыяктуу сөздөр көп катышып, экспрессивдүү ой-пикирди көркөм чагылдырат.

– И, сага эмне болду, **Жамалтай,** ***сайгак тийдиби?*** *– деди Орозмат аны эркелете күлүмсүрөп.*

– ***Сайгактын*** *менде акысы жок: Барбаймын дедим, болду,* **айтканым айткан!** (Айтматов Ч.).

Жогорку алды сызылып белгиленген сөздөр бири эркелетүү сезимин билдирсе, экинчисинде, бир эле сөздүн эки кайталанышы менен экспрессивдүүлүктү көрсөттү.

Программада кептин оозеки стили – сүйлөшүү стили (диалог, анын мүнөздүү белгилери, колдонулуш чөйрөлөрү, колдонулуш милдеттери, кептин берилиш өзгөчөлүктөрү), колдонулуучу тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик), алардын жазууда, сүйлөөдө ыктуу колдонулушун билиши керек.*

Акыркы жылдары стилистика боюнча сүйлөө маданияты, байланыштуу сүйлөөгө карата көптөгөн эмгектер жарык көргөндүгүнө карабастан, окуучулардын оозеки сүйлөөсү менен жазуусунда кетирилген каталарга окуучулардын оозеки сүйлөөнүн спецификалык өзгөчөлүгүн биле албагандыктан улам жол берилүүдө. Анткени алар бир гана адабий тилдеги сүйлөшүүнү билгендигинен, үйдө, жолдошторунун арасында башкача сүйлөнгөнүнө, жазууда андай эместигине таң калып, ага жооп издейт.

Алгач мектепке келген окуучулар мугалимдин адабий тилде сүйлөөгө койгон талабын түшүнө албай, эмне үчүн «зайра» деген сөздү «сайра» дейт? Сөздүн акыркы тыбышын, фразанын бүтүшүн так, жутпай сүйлөгүн деп көнүктүрөт? – деген калпыс ойго келет. Ошондуктан мугалим алгачкы эле сабак берүүсүндө официалдуу эмес, б.а., оозеки сүйлөө менен официалдуу адабий тилде сүйлөөнүн айырмасын, функционалдык жактан

---

* Кыргыз тилинин программасы. V–XI класстар үчүн. – Б.: Педагогика, 2000.

колдонулушун билдириши керек. Ошондой эле мектепке жете адабий тилдик нормага көнүкпөгөн, ага жете оозеки жашоо тиричиликте элден, ата-энесинен үйрөнгөн сүйлөшүүнү, анын жазууда тийгизген таасирин оңдоодо, мугалим сүйлөөнүн жазуу формасынан айырмасын так айырмалап көрсөтүшү керек.

Академик В.В.Виноградов айткандай, тилдин коомдун ар кандай чөйрөсүндө белгилүү бир саясатка ылайык (коомдун) ар кандай тармактарында тилдик нормада сүйлөөнүн колдонулушун функционалдык стилдер дейбиз. Анын түрлөрү: оозеки **сүйлөө стили** пикир алышууда, **илимий** жана **иштиктүү** (деловой) стиль билдирүүдө, ал эми көркөм жана **публицистикалык стиль** угуучуга таасир этүү үчүн колдонула тургандыгын белгилейт.

Ал эми адабий тилдин түрлөрүнүн коомдук турмуштун ар түрлүү жактарында колдонуу ыкмалары адабий тилдин стили деп аталат.*

Оозеки сүйлөшүүнүн колдонулушу негизинен адамдардын пикир алышуусундагы эч кандай даярдыксыз, мажбурланбаган сүйлөшүү актысы болуп эсептелет. Мындай сүйлөшүү досторунун, туугандарынын, ата-энесинин же кокустан жолуккан адамдар менен болушу мүмкүн. Мындай сүйлөшүүнүн түрү **персоналдык**, б.а., жекече атайын кайрылуу болуп эсептелет.

Эгерде адамдар бири-бирин көрүп, угуп, ошол предметти, окуяны көзмө-көз тааныш билүү, же телефон аркылуу пикир алышуудагы сүйлөшүүнүн сапаты (түрү) **сүйлөшүүнүн кырдаалы** катары бааланат.

Ал эми бейтааныш, бир көргөн адамдар менен эле телефон аркылуу аны көрбөй көз кысып, кол жаңсабай, ким экенин толук тааныбай пикир алышууну **перифериялык**, б.а., **элеттиктер** менен сүйлөшүү түрү болуп эсептелет. Мындай **элеттик сүйлөшүүдө** адабий

---

* Бархударов С.Г., Крючков С.Е., Максимов Л.Ю., Чешко Л.А. Русский язык. – М., 1982. – С. 235.

тилде эмес, айрым диалектилик, жаргондук, говордук сөздөр кошулуп, жалпы элдик тилде адамдар бири-бирин түшүнө алышат. Оозеки турмуштук сүйлөшүү адабий тилдин бир түрү катары кодификацияланбаган, ошондуктан сүйлөшүүнүн мындай түрүндө грамматикалык форманы ар кандай ыкмада колдонуу менен пикирдин жеткиликтүүлүгү, түшүнүктүүлүгү жөнүндө сөз болбойт. Сүйлөөчү жаңы сөздөрдү, түшүнүктөрдү эркин колдонот. М.: *Ырды шыбырап окууга болбойт. Бүгүн теледен көрсөтмө көрүүгө болот.*

Так эмес түшүнүктү да билдирет: *Ал келген жок, өзүң билесиң. Токон тойгузду, ичим көөп жатат.* Экспрессивдүүлүктү арттырыш үчүн сүйлөөдө адабий тилге кирбеген сөздөрдү кошуп айтат. Алсак: ***Менттер*** *элдин баарына чуу салды. Жаман иниң* ***«ажыдан»*** *(түрмөдөн) келдим деп, келип кетти.* ж.б.

Бирок, оозеки сүйлөшүүнүн баары эле кодификацияланбаган деп түшүнүүгө болбойт. Анткени, маданияттуу адамдар тилдик норманы сактаган интеллигенциянын мыкты өкүлдөрү: жазуучу менен журналисттердин, мугалимдердин оозеки пикир алышуусу кодификацияланган* түрдө сүйлөнөт.

Оозеки турмуштук сүйлөшүүнү адамдар бир эле күндө ата-энесинен, элден үйрөнүп алган жок. Мындай сүйлөөнү адам жарык дүйнөгө келгенден тартып, өмүрүнүн акырына жете үйрөнөт. Сүйлөө тили – анын өмүрү өткүчө коштоп жүрөр байлыгы, жан шериги. Наристе айлана-чөйрөдөн, энесинен уккан сөздөрдү кабыл алып, тил үйрөнөт. Эрезеге жетип, эс тарткан сайын өзү билген, үйрөнгөн сөздөрдү күндөлүк турмушунда пайдалануунун жол-жоболорун, ыкмаларын үйрөнөт. Ошентип эр жигит нечен ирет аттан эле эмес, сүйлөгөн сөзүнөн да жыгылып, анан ал чалманын

---

* Кодификацияланган норма – ой-пикирин тилдик эрежелердин негизинде сүйлөгөн, үлгүлүү тилдин варианттарын тактап, тандап колдонууну камсыз кылуучу бирдик.

ар түрдүү ыкмаларын үйрөнүп, такшалып, өз өнөрлөрүн урпактарына калтырып келген. Карапайым калк, ата-эне тубаса байлыгыбызды – тилди колдонууда сүйлөөнүн тазалыгын, сүйлөө маданиятын таза сакташын жаш жеткинчектерден өтүнүп, асыл ой, ак тилек менен даанышмандыкка, акылмандыкка жана жакшы сүйлөөгө тарбиялап келет. Ошого карабастан, тилибиздин ийкемдүүлүгүн билгичтик менен пайдаланбай, жазуу жана оозеки сүйлөөбүздө анын көркөмдүүлүгүн сактабастан, ооз көптүрмө, артыкбаш, укканда кулакка жагымсыз, окуганда жүрөктү айныта турган фактылар жаштарыбыздын арасында эле эмес, радио, телекөрсөтүүлөрдө да кездеше тургандыгын айта кетсек болот.*

Мисалы, 1978- жылдын 16- июнь күнү «Тогуз кайрык» деген теле берүүдөгү алып баруучу адамдын сүйлөөсүнө көз чаптыралык.

– *Чоор* ***пачти*** *жок болуп баратат.*

– ***Совсем карабай*** *калды.*

– ***Азмаз элдик мотив*** *менен берсе.*

– ***Жюри*** *карап көрсүн ж.б.*

Ушундай сүйлөгөн, ушундай алып баруучуга кантип таң калбай коё албайбыз. Теле берүүнү уюштуруп, аны алып барып жүргөн адам башка тилге тийиштүү сөздөрдү кошуп сүйлөгөнү болбойт. Теле-радио берүүнүн адистери өзгөчө ыкмада сөз тандоого умтулуп, адабий тилдик нормада сүйлөп, чебер, ийкемдүү, ышкыбоз болушу талапка ылайык келет. Тилекке каршы, өзүнүн сүйлөгөн сөзүн түшүнүш кыйын болгон адамдарды көп эле жолуктурабыз. Ошондуктан мугалим окуучуларына туура, жакшы сүйлөөнүн ыкмаларын үйрөтүп, улууну урматтап, кичүүнү ызааттап, сүйлөй билүүнү үйрөтөт. Кыргызча сүйлөгөндү унутуп калгансып, орусча аралаштырып сүйлөгөн маданиятсыз, модачыл жаштардын сүйлөөсүнөн мисал келтирип көрөлү.

---

* Давлетов С.А. Байланыштуу речь. – Б., 1999.

– ***Знаешь***, Алмаш барбайм дептир, ***падумай только***.
– ***Как барбайт***?
– ***Ничего***, ал айта берет.
– Ай, ***баардыгын тең спрячь***!
– ***Об о всем*** эртең ***видно болот***.
– ***Лодкага*** түшсөк, ***как хорошо***.
– Эми биз кеттик, ***чаув***!!!

Мына ушуга окшогон модачыл сүйлөшкөндөрдү укканда кыжырыңыз кайнап, аргасыздан ачууңуз келет. Эмне үчүн айрым жаштарыбыз жатык, жакшынакай тилибизди олдоксондук менен бузуп, түшүнүксүз кылып колдонушат?

Чынында кайсы гана тилде сүйлөбөңүз, ошол тилдин көркөм сөз каражаттарын толук пайдаланып, башка элдин сүйлөгөнүнөн үйрөнүп алган сөздөрдү, артыкбаш терминдерди аралаштырбастан туруп, өз ой-пикирин так, таасын түшүндүрүү жагынан алардын ким экендигин, б.а., билими, маданияты, турпаты, адамкерчилиги да айгинеленип турат го. Буга ылайык атактуу перси акыны Саадинин ырында:

«Тил деген үйүбүздүн ачкычы го,
Бирде жаап, бирде эшигин ачып салган.
Үйүңдү ачкыч менен ачып туруп,
Билесиң ким экенин ээлеп алган».

Ушундан улам, жаштарыбыз модачыл сөздөрдүн артынан түшпөй, чыныгы сүйлөө табитин өздөштүрүп, эне тилибизди моралдык мыйзамынын талабына ылайык ар бир адам өзүнүн инсандык сүйлөө келбетин бузбай, сүйлөө адебин так, таасын сактап, көркөм, уккулуктуу, жеткиликтүү, логикалуу сүйлөөсү жаш адамдын маданияттуулугунун көрсөткүчү, өзгөчө сапаты болуп эсептелет.

Оозеки сүйлөшүүнүн фонетикалык нормасы

Официалдуу адабий тилдик нормага караганда оозеки сүйлөшүүнүн нормасы тыбыштарды анчалык так эмес

айтуу жагынан мүнөздөлөт. Биринчи класстагы окуучуларга официалдуу түрдө кайрылууда мугалимдин сүйлөө органдарына күч келип, тамагы ооруйт, тез чарчайт. Мындай сүйлөөдө тыбыштардын акырын жутпай, сөздөрдү так айтып, ага дыкаттык менен даярданат. Ал эми үйдө (официалдуу эмес түрдө) пикир алышкан адамдар менен сүйлөшүү жөнөкөй, карапайым түрдө, айттырбай биле турган учурда көп сүйлөбөйт, түшүндүрүп отурбайт, оңой да, жеңил да карым-катышты түзө алат.

Сүйлөөчү адамдардын ой-пикирин угуучулар кабылдоодо окшош тыбыштарды айырмалай албай, так айтпагандыктан, башкача түшүнүп калышат. Ал тургай радио-теле берүүнүн дикторун угуучулар. Мисалы, ***алдап өттү*** дегенди (футболдо) ***аттап өттү*** деп угат. Ошондуктан окуучулар алгачкы окуу жылынан баштап, сүйлөөнүн официалдуу, официалдуу эмес түрлөрүн, айырмасын, сөздүн акыркы тыбышын жутпай, так, туура сүйлөөгө көнүгүшү керек.

Оозеки сүйлөөнүн интонациясы менен текстти көркөм окуунун ритмомелодикасы ар башка. Жазууда прозанын интонациясы ритмикаланган, б.а., басым түшкөн сөздөрдү окуучу адам өзү таап, логикалык басым түшкөн сөздөрдү угуучуларга атайылап үндүн бийиктиги, тондун жогорулашы, жайыраак айтылышы менен жеткирип берет, тембралдык боёкчого обертондор да катышат. Бирок текстти окуган мугалим окуяны, көрүнүштү таасирлүү, көрктүү берүүдө эмоционалдык лексиканы таап, ички сезимди көркөм чагылдыра билиш керек.

*«... Өмүрбек! Тамчылаган менин көзүмдүн **жашы кыйналган жүрөктөн сызылган муң**. Мен эми сен үчүн **соолгон гүлмүн**. Сен мен үчүн **алыстаган закымсың. Карга жааган жамгырдай** ак кагазга **төгүлгөн жашым** – **айласыз жоголгон сүйүүнүн** элеси.*

*Сен **бактылуу бол, мага таарынба**? Мени ойлогондо **кирсиз ойлон. Эми экинчи кат жазба!**.. Сенин мурунку **Гүлүң**».* (А.Т.).

Тексттеги өзүлөрүнүн адил таза сүйүүлөрү менен адамдын жүрөгүн титиреткен ушул катты жазууда колдонулган эмоционалдуу-экспрессивдүү лексикага көз жүгүртсөк, анда ички сезимдин бирде төмөнкү тон менен «алыстаган закымсың» ж.б. керектүү сөз жай айтылса, мисалы, «соолгон гүлмүн» күчтүү сезим менен сөздүн акыркы муунунда негизги тондун көтөрүлүп, сөз тез айтылат. *«Кат жазба!», «Өмүрбек!»*

Көпчүлүк убакта эмоционалдык интонацияны таанып-билүүдө эмоционалдык абалдын (семантикасынын) ар түрдүү көрүнүштөрү таасирин тийгизет. Эмоция тышкы карым-катыштар менен ички өзгөрүүлөрдү аныктайт, интонация болсо, эмоционалдык абалдын индикатору болуп кызмат аткарат. Б.а., интонация ошол шартка ылайык (кабыл алуу организминин) ички эмоциялык толкунданууусун өзгөртүүчү, ага таасир этүүчү тышкы фактор болуп саналат Г.И.Рожкова айткандай, эмоционалдык интонация – дүйнөдөгү тилдердин бардыгына мүнөздүү көрүнүш, анткени сүйлөө сигналдары бардык тилдерде тең бирдей даражада өнүккөн. Ошентип, сөздөр эмоционалдык боёкчолорду, оттенкаларды белгилеп көрсөтөт да, катнаштык маани билдирет.

Ар кандай көркөм окууда интонация менен пунктуациянын төп келишин, айырмасын мугалим так ажырата билмейинче көркүү окуп, окуучуларды өзүнө тарта албайт. Мисалы:

*Жөнү жок багыныш эр кишиге **өлүм менен тең!** Мырзанын кылыгы менен аялынын **жоругуна** Бектурган чыдаган жок.*

*– **О, жараткандын күчү!** Бул үй эмес, **мүрзө тура!** Бул отургандар тирүү адам эмес, **арбак турбайбы!..** Бул менин көзүмө көрүнгөн **жин же шайтандын ордосу го,** деги силер кимсиңер? **Деги тилиңер барбы?!..** (А.Т.).*

Көркөм окуу боюнча адистердин айтымына караганда, (мейли, сценада иштеген адистер болсун)

тыныш белгинин туура, так коюлушу андагы интонацияны аныктоого жардам берет. Ошондуктан текстти туура түшүнүүгө жардам берген бул тыныш белгилерди ар кандай көркөм окуунун ыктарына байланыштуу мектеп окуучуларына графикалык белгилер менен интонациянын карым-катышын эске алып, аны практикалык түрдө окутуп көрүп, ага өзгөчө көңүл буруулары тийиш.

Ооба, оозеки сүйлөөдө сүйлөмдүн маанисин интонация аркылуу берилсе, жазууда тыныш белгилери менен көрсөтүлөт, бирок мындай төп келүү болжолдуу гана түрдө болот. Тыныш белгинин негизги функциясы сүйлөмдүн социалдык маанисине байланыштуу экендигине карабастан, интонацияга да, сүйлөмдүн синтаксистик түзүлүшүнө да таянат. Андыктан, автордук пунктуациялык белгилер эмнеге негизделип коюлгандыгын туура баамдаганда гана чыгарманы өз деңгээлине жеткирип окууга болот.

Жогорку мисалдагы суроо, илеп белгилери, графикалык белгилер автордун ички ой толгоосунан жаралган күчтүү сезимдерден экендигин, аны таба билип, ылайыктуу эмоционалдык интонация менен жабдып, экспрессивдүүлүктү жаратыш окурман адамдын чеберчилиги менен ишке аша тургандыгын түшүндүрүш керек.

– *Мени бүгүн **дарга ассаң**, эртең **сени сурай тургандар чыгат**. Мен да **элдүү кишимин**. Алар да **баш кошоор**. Баса калып **мууздагандай** мен **улак эмесмин. Мен Бектурганмын! Колуңар тийсе**, бир-экөөңөрдү **азыр эле ала жатам!***

Эң алгач ал чыгарманын бизди толкундаткан жери эмнеде экендигине көңүл бөлүш керек. Контекстте баяндалгандай, Супа молдо – эзүүчү таптын өкүлү. Анын колунда азырынча күч бар, Бектургандын башын алуусу да мүмкүн, бирок өлүмдөн коркпогон баатыр: ***«сени сурай тургандар чыгат», «элдүү кишимин», «Мен Бектурганмын!»*** деген күчтүү сезим менен

тайманбастан туруп, «*бир-экөөңөрдү* ***азыр эле ала жатам!»*** деп айтканын, анын эр жүрөк тайманбастыгын, патриотизмин айтылган эмоционалдуу-экспрессивдүүлүктүн негизинде автордун каарманын өз деңгээлине жеткирип окушу керек.

Адабий чыгармаларды көркөм окуп көнүгүү менен, окуучулар андагы идеяга байып, ой-пикирине, жүрүм-турумуна таза нрава, тунук акыл, сергек сезим кошулат. Айрыкча, жаш өспүрүмгө сулуулук, кооздук, көркөмдүк таасир этип, анын эстетикалык табигый сергек сезими курчуйт, өнүгөт.

М.: *Тартайган,* ***москоол боюна*** *жараша Даниярдын бет түзүлүшү* ***шылынып чап жаак,*** *кабагы дайыма* ***чарчаңкы жыйрылып,*** *көзү бир калыпта* ***салмактуу тиктейт.*** *Анын жүзүн өзгөртүп кыймылга келтирген* ***ийкемдүү кашы.*** *Кээде ал бир* ***үн чалгансып, сестее калганда, канат серпкендей*** *кашы өйдө боло берип,* ***көзү жалжылдап,*** *бир нерсеге* ***сүйүнгөн өңдүү*** *болот. Ал эмнеси экени* ***биз үчүн түшүнүксүз.*** (Айтматов Ч.).

Жогорку портреттик сүрөттөөдөгү адамдын жүзүндөгү сулуулукту, эркектик түзүлүштү окуучулар мугалимдин жардамы менен (алды сызылган сөздөрдүн) сөздөрдүн лексико-семантикалык маанисин, анын колдонулушун, окулушун, көркөм окуудагы интонациянын экспрессивдүү таасир этишин үйрөнүшөт.

Көркөм чыгарма өзүнүн элестүү түзүлүшү аркылуу окуучуларды ойлонтот, оюна терең из калтырат, сезимин өзгөртөт.

Көркөм чыгармаларды педагогикалык талаптарга туура айкалыштырып, көркөм адабияттык материалдарды ар бир класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап берүү иши, айрыкча жаш муундарга тарбия берүүдө эң негизги орунду ээлейт.*

---

* Сартбаев К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1971. – 103–111- бб.

Көркөм окуу иши окуучулардын чыгармага болгон сүйүүсүн жана кызыкчылыгын ойготкондой болуш керек. Көркүү окуу менен ошол тексттин идеясын, эстетикалык мазмунун ачып берип, автор тарабынан чыгармага берилген эстетикалык бааны, б.а., идеяны угуучуга жеткирүү болуп саналат.

Көркөм окуунун башкы милдетинин бири ошол чыгарманы окуу аркылуу угуучуга таасир калтыруу, ойлонууга багыт берүү, окуп жаткан адам текстти кандай түшүнсө, угуучу да ошондой түшүнүүсүнө жетишүү болуп эсептелет.*

Интонация менен сүйлөөнүн техникасы көркөм окуунун бирден бир негизги каражаты болуп саналат.

Чындыгында, коомдук сүйлөө так, туура, түшүнүктүү гана болбостон, таасирдүү да болуш керек. Ал эми ар кандай ойдун оңой кабыл алынышы үчүн тилдик каражаттардын негизинде, анын ичинде интонациянын жардамы менен ишке ашат.

Б.а., көркөм окуунун негизги каражаты катары интонация фразаны түзүүчү, маанини, сезимди угуучуга жеткирүүчү болуп кызмат аткарат.

Демек, интонация дегенибиз, тилдеги физико-акустикалык, фонетикалык каражаттардын жыйындысынын негизинде оозеки сүйлөөнү ритмо-мелодикалык жактан уюштуруп, тилдин эмоционалдуу эркүтик жана интеллектуалдуулугун билгизип, карым-катнашууда ар кандай компоненттери менен ой-пикирди калыптандырган суперсегменттик бирдикти айтабыз.**

1. Оозеки сүйлөө интонациянын жардамы менен семантико-синтаксистик бирдиктерге, синтагмага ажырайт. **Син-**

---

* Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1976.

** Дуйшеев Ж. Интонация простого повествовательного предложения в современном кыргызском языке (опыт экспериментального фонетического исследования). Автореф. канд. диссерт. – Ф., 1980.

тагма – интонациянын эң кыска маанилик бирдиги. Синтагмалар басымдын, үн ыргагынын убакыттык (үн узундугу) жана динамикалык тилдик каражаттардын жардамы менен мүнөздөлөт. М.: *Мен// **бүгүн//*** **кечинде** ***киного*** *барам.*

2. **Интонация** – семантика-синтаксистик бирдиктерди, сүйлөмдөрдү, уюштурууда, маанилик предикаттарды бири-биринен айырмалоодо, аларга кошумча маани берүүдө негизги тилдик каражат болуп эсептелет. М.: ***Сен билесиң. Сен билесиң? Сен билесиң!*** – Бул үч сүйлөм үч түрдүү интонация аркылуу берилип, анын үч түрдүү коммуникативдик тибин аныктайт.

3. Сүйлөп жаткан адамдын ой-пикирин, сезимин, чындыкка болгон мамилесин угуучуга кылдат билдирүүдө, интонация синтаксистик жана лексикалык каражаттар менен бирге негизги мааниге ээ.*

«Рахмат» деген бир сөздү интонация аркылуу сүйлөөчү адам пикир алышуунун кырдаалына, максатына карата он эки түрдүү мааниде айтса болот.

Интонациянын компоненттерине: негизги тондун жыштыгы ***чот*** (частота основного тона), ***герц*** менен өлчөнөт; үн ыргагы (мелодика), басымдын бардык түрлөрү менен синтагмалык (фразалык), логикалык басымды; паузаны (тыным); интенсивдүүлүктү, б.а., үндүн серпилүүсү (күчү), үн узундугун (темп; м/сек менен өлчөнөт) жана тембрди (обертонду) кошууга болот. Интонациянын бул тилдик каражаттары оозеки сүйлөөдө бири-бирине бекем байланышта, биримдикте айтылат. Бирок, бул компоненттер интонациянын составында бирдей кызмат аткарышпайт, анткени булар бир эле мезгилде баары эмес, эки же үч, андан көбү катышуусу мүмкүн.

Интонацияны эксперименттик фонетикалык ыкмалары менен изилдөөнүн натыйжасында үн ыргагы,

---

* Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. – Ф.: Илим, 1980. – 78–80- бб.

синтагмалык, логикалык басым жана пауза (тыным) анын эң негизги компоненттеринин бири экендигин байкоого болот.*

Мугалим текстти окуганда таза, так, катасыз, орфоэпиялык жактан туура айтып, анын стилине да көңүл буруп, ар бир абзацты окууга байланыштуу мимиканы пайдаланышы керек. Кандай гана текстти окубасын, мугалим өзүнүн жоопкерчилигин сезүү керек, ал окууга өтө дыкаттык менен даярданганы дурус.

Жаш өспүрүмдөр өтө сезгич болушат, аларга көркөм окуудагы мугалимдин чеберчилиги өтө зор таасирин тийгизет. Жаш өспүрүмдөр мугалими кандай окуса, алар да ошондой окугулары келишет. Б.а., аларга жакшы нерселер өз таасирин калтыргандай болуш керек. Ошондуктан мугалим айрым текстти жатка айтып, өзүнө ылайык интонация таап, өзүнүн сөзүнө жоопкерчиликтүү ой жүгүртүп, тексттен четтеп кетпей, тажатма сөздөрдөн оолагыраак болуп, элестүү, таасирдүү сөз тизмектерин тандап алуусу зарыл.**

Чыгарманы дал өзүндөй, андан да артыгыраак кылып, идеялык-көркөмдүк маанисин кемитпестен, окуучуларга жеткирүүгө аракеттенүү керек.

Оозеки сүйлөшүүнү ар дайым интонация коштоп жүрөт, ансыз сүйлөшүүгө мүмкүн эмес. Ошондуктан көркүү окуу, сүйлөө, мектептеги мугалимдин аңгеме айтуусу, маек куруусу үндүк каражаттардын, б.а., ритмомелодикалык жактан адам ойлоосуна, идеялык, эстетикалык сезим тартуулайт.

---

* Дүйшеев Ж.Эмоционалдуу-экспрессивдүү лексиканын көркөм окуудагы кээ бир өзгөчөлүктөрү.// Эл агартуу, 1978, № 5.

** Бородич А.М. Методика развития речи детей. – М.: Просвещение, 1981. – С. 25–28.

Көркөм окуунун, сүйлөөнүн эстетикалык өзгөчөлүктөрү

Угуучуларга эстетикалык таасир этүүнүн негизги каражаттарынын бири көркөм адабий чыгармалар болуп эсептелет. Ар бир көркөм чыгарма өзүндө өзгөчө бир кооз дүйнөнү жашырып турган сыяктанат, аны эстетикалык жактан кабылдоо процесси ошол окуучу адам аркылуу ачылат. Мындай эстетикалык кабылдоо оңой-олтоң ишке ашуучу иш эмес. Ал белгилүү бир даярдыкты, табитти, билимди талап кылат. Көркөм окуучу адам окуу процессинде чыгарманын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн ача алган учурда гана эстетикалык кабылдоо өзгөчө ыкмада ишке ашат.* Жыйынтыктап айтканда, көркөм окуу, көркөм сүйлөө угуучуларга эстетикалык таасир берүүчү үндүк тилдик каражат болуп эсептелет.

Адамдын аң-сезиминде канчалаган унутулгус образдар, аны толкундатуучу окуялар, кайталангыс сүрөттөөлөр сакталат. Ал эми мындай эстетикалык сергек сезимди көркөм окуучу адам зор чеберчиликте аткара алганда гана ишке ашат. Мисалы, Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестин окуганыбызда, көз алдыбызга баштатан тааныш Жамийла менен Даниярдын образдары улам дааналанып тартыла берет.

Көркөм окууда эстетикалык таасир этүүнүн каражаты катары окуучулардын сезимине таасир этүүчү, бири-бирине тыгыз байланыш түшүнүктөрдү атап өтүүбүз керек. Алар: эстетикалык кабылдоо, эстетикалык сезим, эстетикалык баа, эстетикалык ишмердик, көркөм табит жана эстетикалык чыгармачылыкты өздөштүрүү маселелери кирет.

---

* Язовицкий Е.В. Выразительное чтение как средство эстетического воспитания. – Л.: Ленучпедгиз, 1963. – С. 11.

Эстетикалык кабылдоо

Көркөм адабият сыяктуу эле искусствонун башка түрлөрү: музыка, живопись, скульптура ж.б. өзгөчө эстетикалык таасир этүү касиетине ээ. Көркөм адабиятка турмуштук ишеним, эмоционалдуулук таандык. Ал угуучуларга эстетикалык ырахат берүү менен бирге, алардын жогорку нравалык идеалдарын жана көркөм табитин тарбиялайт. Эгерде көркөм окуучу адам угуучулардын эстетикалык табитин таап, кабылдоосун ача албаса, анда ал чыгармага болгон кызыгуусу артмак турсун, төмөндөйт. Эстетикалык кабылдоонун бир кыйла кеңири болушу көркөм чыгарма угуучулардын туюмуна, эркине, сезимине таасир этүүсүнө көз каранды болот.

Эстетикалык кабылдоо канчалык толук, кеңири жана маанилүү болсо, чыгарма аларды ошончолук толкундатып, ошончолук угуучулардын аң-сезимине автордун берилген ою, ал көрсөткөн поэтикалык сүрөттөөлөр, образдар кармалат. Эстетикалык кабылдоо дегенибиз – бул бизди курчап турган дүйнөнү, табиятты таанып билүүнүн өзгөчө түрү. Таанып билүүдө мындай эстетикалык кабылдоо предметтерди, кубулуштарды ой-сезимдик кабылдоо менен акыл калчоого байланыштуу көрүү, угуу сезимдеринин ишмердигинен пайда болот.

Биз ачык көк асманды, гүлдөп турган алма бакчасын, же күн нуруна чөмүлгөн деңиз жээгин көргөнүбүздө, бул көрүнүштөр бизди толкундатпай койбойт. Таңдын атышы же жазгы алгачкы жаан бизди кубандырат, ал эми теректердин желге ыргалышы, шуулдашы бизге өзгөчө ырахат берет.

Мисалы: *Эшик алдындагы **жоон түп кары алма** ошол жылы калың гүлдөп, кайра күч алып **жашаргандай сеңселип**, шамал тийгенде, бутактарынан **аппак күкүм себелеп жатты**. Алма гүлдөгөн кезде аба да **көк кашка булактай тунукталып**, эң бир таза болот*

*эмеспи. Алыста **жылтылдаган тоо мөңгүлөрү** даана көрүнүп турду.*

(Айтматов Ч. Саманчынын жолу. – Ф., 1963. – 60- б.)

Бул абзацта айтылгандай, көркөм чындык элестер, сүрөттөөлөр, пейзаждык картиналар адамдардын көңүлүн эргитип, толкундатпай коё албайт. Эстетикалык кабылдоо, адетте адамдардын социалдык-тарыхый тажрыйбасы менен анын акыл-эси жана нравалык турмушунан тышкары турбастан, текерисинче ага байланыштуу каралат. Натыйжада, эстетикалык кабылдоо негизинен предметтерди, кубулуштарды өзгөчө бир жакын, көркөм, элестүү көрүүгө, байкоого жардам берет.

Алсак, булактын шарылдап агышы бизге суунун шарпылдашын да сезүүгө жардамчы болот, ал эми деңиз толкундарынын жээкке күрүлдөп урунушу же бороондун жакындашы бизге жакындап келе жаткан коркунучту алдын ала сезим аркылуу таасир этип кабарлап тургандай көрүнүштөргө ээ. Ал эми мектеп окуучуларына мугалим (жаш өзгөчөлүгүнө карата) экскурсияда тоого барып топ ойноп, таттуу тамак ичип отурбастан, алардын көргөнүн көз алдына тартуулап, жергебиздин кооздугун, сулуулугун суктангандай кылып көркөмдөп сүйлөп берип, аларга айттырып, Мекенге арнап көркөм ыр окуп, чакан план түзүп, эртеси сочинение, изложение жаздырып, жазуусун өнүктүрүү керек.

Эстетикалык кабылдоо дегенибиз, айлана-чөйрөдөгү табигый чындыктарды таанып билүүдө, аны кабылдоодо

а) көрүү;

б) сезүү, туюу, угуу органдары;

в) жыт, даам билүү тери сезимдеринин иш-аракеттерине байланыштуу болот. Мисалы, адабий чыгармалардагы таңдын атышы менен күндүн батышы, ачык асман менен ак селделүү тоолор, гүлдүү бакча ж.б. Көл толкуну менен шылдыр аккан тунук булактын үнүн угуп, даамын татып, сулуулукту, кооздукту көрүп

суктанып, анан арзуу себелеген жамгыр менен нөшөрдүн өзүнөн алган таасирлер, эртең мененки шүүдүрүм, анын мөлтүр суулары адам өмүрүндө кеткис элес калтырат.

Эстетикалык кабылдоо адамдардын тарыхый-социалдык ал-абалы, акыл-эси жана нравалык, турмуштук иш тажрыйба менен карым-катышта, байланыштуу болот. Ошентип, эстетикалык кабылдоо– бул адамдын көзү менен көрүп, кулагы менен угуп, акылында туюп, билгендерин адабий чыгармалардан көркөм окуп, рахаттанып маашырканууу.

Айталык, адамдардын учкул ою менен сезимине таасир эткен жаратылыштын керемет сүрөтүн тарткан Тургеневдин, Пушкиндин, биздеги Чыңгыз Айтматов менен Касымалы Баялиновдун, Аалы Токомбаевдин, Түгөлбай Сыдыкбековдун ж.б. чыгармаларын кабылдоо, ага таасирленүү адамдарга рухий байлык берет.

Мугалим окуучуларын сүрөт музейлерине, балетке, операга, кыргыз драма театрына, андагы тарыхый спектаклдерге алып барып, алардын көргөн-билгенин сүйлөтүп, жаздырып, айырмасын, идеясын айтып берип, окуучулардын эстетикалык сергек сезимин, тунук акылын өнүктүрүшү керек.

Искусствodогу жаратылышты сүрөттөөнү көрө билиш да тигил же бул адамдын ички сезимталдыгына, бай тажрыйбасына байланыштуу болот. Мисалы, И.С. Тургеневдин, А.С.Пушкиндин, А.Осмоновдун, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы пейзаждык сүрөттөөлөр, Репиндин, Айвазовскийдин картиналары, Чайковскийдин музыкасы поэтикалык лириканын укмуш бир түрлөрүнөн десек жаңылышпайбыз. Булардын эмгектери бизде ар кандай ойду, сезимди, көңүлдү жана ассоциацияны пайда кылат.

Эстетикалык кабылдоонун негизги өзгөчөлүгү анын эмоционалдуу болушунда. Бардык эмоционалдык кайгырууга, кубанууга тоскоол болгондор эстетикалык кабылдоону бузат. Көркөм чыгарманы үйрөнүп, окуп

жатып угуучулар же окуучулар анын баркын баалай да, түшүнө да билүүлөрү керек. Андагы мейли кандай гана каарман болбосун, алардын кубанычын, кайгы-капасын тең бөлүшүүлөрү зарыл. Эмоционалдуу кооздук көркөм чыгарманын мазмунун, образдарды өзгөчө жакын, түшүнүктүү кылат. Эстетикалык кабылдоонун ажырагыс негизги шарты – анын түздөн-түз таасир этүүсүндө.

Көркөм чыгарманын эстетикалык сапаттарын талдоо менен гана чыгарманын кооздугун, көркөмдүгүн сезүүгө, баалоого мүмкүн деп айта салуу аша чапкандыкка жатат. Айталык, мейли ыр, аңгеме, повесть болсун, алгач аны үн чыгарып окуш талапка ылайык. Ошондо гана көркөм ритмдик ыр саптары, суктандырчу сулуулугу окуучу адамдын чебер окушу менен да таасир этет.

Мындан сырткары, эстетикалык кабылдоо бир бүтүндүктү, б.а., ал чыгарманын образдык, композициялык жана стилистикалык бардык өзгөчөлүктөрүн кучагына алышы керек. Мына ушундай болгондо гана автордун берген ой-максаттарын толук түшүнүүгө болот.

Эстетикалык сезим

Эстетикалык кабылдоо эстетикалык сезим менен тыгыз байланышта. Марксисттик-лениндик эстетикада айтылгандай, эстетикалык сезимди курчап турган дүйнөнүн кооздугунан кандай ырахат алынса, искусствонун чыгармаларынан да ошондой сезим, ой-толгоолору чагылдырылышы мүмкүн. Ушул фактыга таянуу менен, марксисттик-лениндик эстетика бардык таанып-билүүнүн объектиси бизди курчап турган дүйнө деп билет.

Таанып-билүүнүн алгачкы баскычында адам дүйнөнү кабылдоодо, реалдуу сезүү органдарына таасир этүүдөн пайда болуучу конкреттүү сезүү жана көз алдыга келтирүү менен иш алып барат. В.И.Ленин бул сезүүнү «объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы» деп атаган, ал эми И.П.Павлов адамдын сезүү органдарынан

(угуу, көрүү, даам татуу ж.б.), нерв системасынан башка мээге да байланыштуу экендигин аныктаган.

Лениндик чагылдыруу теориясы жана Павловдун окуулары, адамдардын толкунданууусу жана сезимдери биологиялык өзгөчөлүк катары тарыхый практика менен шартташкандыгын, алар адамдардын ортосундагы карым-катыштар коомдук мамилелердеги ар кандай сезимди туудурат деп белгилешкен. Мындай учурда эстетикалык сезим негизги орунда турат. Эстетикалык сезим түздөн-түз жаратылыш кубулуштарынын жана коомдук турмуштун кубулуштарынын адамга таасир этишинен эле пайда болбостон, ар кандай идеялар менен тикеден-тике эле эмес, кыйыр түрдө да байланышып, ал процессти тилдик каражаттар менен сүйлөө аркылуу ишке ашырат.

Эстетикалык сезим эстетикалык ырахаттануу менен тыгыз байланышта болуп, бул өз кезегинде чыгарманын көркөмдүк жактан кеңири, толук болушун аныктайт Эстетикалык ырахат алуу жок жерде искусство да, көркөм кабылдоо да болбойт, тек гана таанышуу, байкоо гана болушу мүмкүн. Эстетикалык ырахат алуу максатында биз театрга, сүрөт галареясын көрүүгө, концерт угууга барабыз. Бул өзү адамдарда жүрүп жаткан рухий зарыл талаптын эстетикалык мамилесинин калыптанышына жардам берет.

Жакшы сезим бизде турмуштагы кубанычтуу жана жакшы нерселер менен байланышкан. Жаратылыштагы, коомдук турмуштагы, искусствонун чыгармаларындагы эң сонун көрүнүштөр бизге ар дайым ырахат алып келет. Ушунун натыйжасында жашоо, иштөө жана окуу жеңил болот. Биз көркөм чыгармаларды окуу менен көптөгөн эң сонун сапаттарды, касиеттерди таба алабыз.

А.С.Пушкиндин «Евгений Онегин», М.Горькийдин «Эне», М.Шолоховдун «Тынч Дон», А.Осмоновдун пейзаждык лирикалары, Ч.Айтматовдун «Ак кеме», «Эрте жаздагы турналар» повесттери менен романдарындагы

оң жана терс каармандардын образы, жаратылышты көркөм сүрөттөө, эң сонун берилген кооздуктар суктандырып, терс көрүнүштөр кыжырды кайнатып, оң сапаттарга тарбиялоого үндөөгө жардам берет.

Ооба, эстетикалык кабылдоо эстетикалык сезим менен тыгыз байланыштуу. Эстетикада айтылгандай, көркөм чыгармаларда мазмун форма органикалык түрдө бири-бири менен байланыштуу болуп, бириктирилген көркөм образ аркылуу берилгенин көрүүгө болот.

Эстетикалык сезимталдык нравалык, б.а., окуучулардын эстетикалык тарбиясы, жүрүм-туруму, моралдык сезимталдыгы менен байланыштуу болот. Айталык, А.Фадеевдин «Жаш гвардия» деген чыгармасындагы негизги каармандын, жаш кыздар менен балдардын өлүмү, алардын

а) нравалык тазалыгы,

б) эрдиги менен таза идеяга карата күрөшү, Гоголдун Плюшкини менен Чичиковдун өлүмү, Айтматовдун «Гүлсаратындагы» Танабайдын образы сергек сезимди козгоп, окуучуларды патриотизмге, нравалык тазалыкка үндөйт.

Жазуучу жана окумуштуу турмушту ар түрдүү чагылдырышат. Булардын ар кимиси бир эле маселени чечмелөөдө өздөрүнчө жолдор, ыкмалар менен иш алып барышат. Окумуштуу тигил же бул кубулушту изилдөө менен дайым объективдүүлүккө, мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачууга аракеттенет. Ал жазуучулардай жаратылыш кубулуштарын көркөм чагылдырып, адамдардын ички сезимдерин козгоочу сөздүк каражаттарды колдоно бербейт. Чынында, жазуучулар троптун түрлөрү: салыштыруу, эпитет, метафора, аллегориялар аркылуу чыгармадагы мыкты образдарды, өзүн курчап турган дүйнөнү көркөм чагылдырат. Илимий статьяны окуганда биз окумуштуунун ички ой толгоолорун эмес, илимий ой-пикирин, аныктамалар менен далилдөөлөрүн көрөбүз. Ал эми жазуучунун ички толкундануусу – адеттегидей эле дайыма болуучу

процесс. Ал өзү көргөн, билген чындыктарды көркөм элес менен чагылдырат, окуучуну толкундатат. Мына ушундай жагдайда гана анын ою, сезимдери ачык, так, даана, көркөм, элестүү чагылдырылат.

Жазуучунун образдар аркылуу курчап турган дүйнөнү чагылдырышы күзгүдө болгон чындыктын чагылдырылышындай эмес, ал – өтө татаал, көркөм, элестүү чагылдырылыш. Б.а., жаратылыш тек гана чагылдырылбастан, адамдын сезимдери, ойлору жана көңүлү көркөм чагылдырылат. Ошондуктан искусствodогу образдар, өзгөчө көркөм адабияттагы образдар нравалык жана эстетикалык тарбиялоонун каражаты болуп саналат.

Эстетикалык баа

Көркөм чыгарманы кабыл алуу процессинде угуучуларда эстетикалык ой жүгүртүүлөр, баа пайда болот. «Жакшы», «жаман», «жагат», «жаккан жок» деген баалар бара-бара белгилүү бир мүнөзгө ээ болуп, эстетикалык таасир этүүнүн ийгиликтүү ишке ашкандыгын жана ашпай калгандыгын билдирет.

Окуучулардын китептерди көркөм окуп, көркөм сүрөттөп, баяндап аңгеме айтып берүүсү адабий чыгармалардагы чындыктарды, сүрөттөөлөрдү баалай билүүгө жетишүү жөндөмү мугалим тарабынан жасалган иш-аракеттердин негизинде ишке ашат. Баа бере билүү окуучунун акыл-эсин, туюмун, сезимин өнүктүрөт.

Адабий чыгарманын үстүндө иштөөдө, окуучулар төмөнкү учурларга баа бериши мүмкүн:

1. Идеялык мазмунуна (ой, сезим, образдар, мамилелер);

2. Көркөм деталдарга, сүрөттөөнүн айрым бөлүктөрүнө, портреттик сүрөттөөлөргө;

3. Тигил же бул окуяга, пейзаждык сүрөттөөгө, лирикалык чегинүүгө.

4. Автордун чыгарманы жаратуудагы көркөм тилдик каражаттарды колдонушуна;

5. Айтылгандардын чындыгына, тактыгына мүнөздөмө берүүсүнө.

Көркөм табит

Максаттуу эстетикалык ой жүгүртүүлөр жана баа көркөм табиттин өсүшүнө таасирин тийгизет. Көркөм табит деген бул кооздукту кооз эместиктен, жакшы касиеттерди баш аламандыктан, чыныгы, табигый сулуулукту жасалма сулуулуктан ажырата билүү жөндөмдүүлүгү катары каралат. Маданий деңгээлдин өсүшүнөн, көркөм чыгарманы туура баалоодон, табит жакшы жана жаман, назик жана одоно, көтөрүңкү жана пас абалында болот.

Көркөм табиттин өсүшү турмуштагы максаттуулукту жана кооздукту көрүүгө жана сезүүгө жардам берет. Идеалисттик эстетика көркөм табитти табигый, тубаса көрүнүш, ал элдин маданий деңгээлинин өсүшүнө тоскоолдук кылат деп эсептейт. Ал эми марксисттик-лениндик эстетика көркөм эстетикалык табит тарбиянын натыйжасы дейт Ошондуктан мугалим жаш өспүрүмдөрдүн көркөм табитин өнүктүрүп, тарбиялуулук менен тартипсиздикти, сулуу менен сулуу эместикти (б.а., кара адамдар да сулуу болот, анткени анын ички жан дүйнөсү сулуу) айырмалоого жардам берип, көркөм табитти өнүктүрүүгө көмөктөш болот.

Көркөм табит – адамдын коомдук турмуштук практикасынын негизинде, анын белгилүү системалык бирдиги болгон инсанга (личностко) жана анын ички рухий бай дүйнөсүнө таасир этишинин натыйжасы. Көркөм табитти өнүктүрүүдө адабий чыгармаларды окуп, үйрөнүү менен катар, искусствонун башка жактарын да музыканы, живописти, театрды, кинону, эстраданы кошо ала жүрүү чоң жардам берет.

Эстетикалык иш-аракет

Марсисттик-лениндик эстетикада айтылгандай, эстетикалык иш-аракет процесси деген бул искусствонун тигил же бул түрүн, бир чыгармасын активдүү түрдө кабыл алуу дегендикке жатат. Эстетикалык кабылдоо процессине ылайык, чыгармачылык менен иштөөдө, анын түпкү эстетикалык маңызын өздөштүрүш үчүн ага эс-акыл менен элестетип көңүл буруу керек. Мындай иш-аракетти ишке ашырууда байкоочулук, туруктуулук сыяктуу жакшы сапаттар өнүктүрүлөт. Эстетикалык иш-аракеттин көп түрлөрүнөн өзгөчөлөнүп, кеңири тараган ыңгайлуу түрү көркөм окуу болуп саналат.

Көркөм, ачык, так окуу эстетикалык иш-аракеттин бир түрү катары көркөм болбой коё албайт, б.а., чындыкты образдуу чагылдырып, эмоционалдуу болот. Көркөм окуучу ырды же аңгемени аткарууда автор берген ойду, шартты аңдап, көркөмдүктө өнүктүргөндөй сезим менен, б.а., угуучуларга автордун эмоционалдык абалын таасирдүү, элестүү кылып айтып берет. Бирок мындай аткаруу чеберчилигин өнүктүрүш үчүн алгач даярдоо, уюштуруу менен эстетикалык кабылдоонун керектүү шарттарын жана көркөм окуу процессинде автордук тексттеги ойду бере алышын камсыз кылыш үчүн, алгач аны менен таанышып чыгуу талапка ылайыктуу.

Биз жогоруда көркөм окуу процессиндеги эстетиканын ролун белгилеп өттүк. Демек, искусствонун башка түрлөрүндөй эле көркөм окуу угуучуларга зор эстетикалык ырахат берип, жаштарды эстетикалык жактан туура өнүгүшүнө карай тарбиялайт, ага шарт түзөт. Көркөм чыгармалардын кайсы түрү, жанры болбосун: ыр, повесть, роман болсун, баары бир эстетикалык рахат бере албаган адабий чыгарма болушу мүмкүн эмес. Алар кандайдыр бир деңгээлде окуучуларга эстетикалык рахат тартуулай ала тургандыгы белгилүү. Ошентип, эстетикалык иш-аракет **эстетикалык ишмердикке** толук байланыштуу. Анткени,

адабий чыгармадагы көркөм образды, чындыктын чагылдырылышын жеткилең, таасирдүү, укмулуктуу берип, эмоционалдуулугун арттырып, аны угуучу көрүп тургандай кылып (элестеткендей) экспрессивдүүлүгүн арттырып, тембралдык боёкчонун таасири менен окуй билүүнү эстетикалык ишмердик катары баалоого болот.*

Интонациянын негизги компонент-теринин сүйлөөдө, көркөм окууда колдонулушу

1. *Мелодика* (үн ыргагы) – үндүн негизги тонунун кыймылы.

Тыбыштардын негизги тонунун сөздөгү, сүйлөмдөгү катыштык жактан өзгөрүшү мелодика (грекче melodis – ыр, күү) деп аталат. Фразанын, синтагманын, сөздүн ар биринин мелодикасы болот. Адамдын сөзү мелодиканын ар кандай өзгөрүшү, анын ар түрдүүлүгү менен айырмаланат.**

Жай сүйлөмдүн максаты баяндоону, түшүндүрүүнү, билдирүүнү аныктайт. Эгерде жай сүйлөмдөр ушул негизги функциясынан бир аз четтеп, интонациялык жактан, пикир алышуунун шартына ылайык кескин өзгөрсө, модалдык маанилик жагынан айырмаланып, үн ыргагынын таасиринде сүйлөмдүн башка тибине, б.а., буйрук же илептүү сүйлөөгө өтүп кетиши мүмкүн. Жөнөкөй жай сүйлөмдөрдүн интонациясын эксперименталдык-фонетикалык жактан изилдегенде жай сүйлөмдүн өзү да интонациянын катышы менен бир нече модалдык, маанилик түргө бөлүнө тургандыгы аныкталды.*** Анткени, сүйлөөчү айтмакчы болгон оюн жай

---

* Язовицский Е.В. Выразительное чтение как средство эстетического воспитания. – Л.: Учпедгиз, 1959. – С. 57.

** Азыркы кыргыз тили. – Ф.: Мектеп, 1978. – 61- б.

*** Дуйшеев Ж. Интонация простого повествовательного предложения в современном кыргызском языке (опыт экспериментального фонетического исследования). Автореф. канд. диссерт. – Ф., 1980.

гана кабарлай салбастан, ага өзүнүн көз карашын, мамилесин, сезимин кошо билдирет. Мындай жагдайда ал лексико-грамматикалык жактан эле эмес, интонация аркылуу да жасала берет.* Ошондуктан, айтылуучу окуяны сүйлөөчүнүн баяндоосуна, пикир алышуунун шартына ылайык, чамалуу, болжолдуу кылып, көркөм, элестүү берсе, кээде өкүнүч менен сүйүнүчүн да көрсөтөт. Жай сүйлөмдөрдө сөздөрдүн орун тартибине ылайык (көбүнчө) баяндооч сүйлөмдөрдүн аягына, аныктооч аныкталуучу сөз менен, толуктооч менен бышыктооч баяндоочтон мурун, баш сүйлөмдүн башында же ортосунда орун алышы мүмкүн. Жай сүйлөмдүн аягында үн (мелодика) ыргагы басаңдайт.

Мелодика интонациянын компоненттеринин бири катары үндүн негизги тонунун (төмөн – жогору, өйдө – ылдый) көп кырдуу, ырааттуу кыймылынын модуляциялык тондун бийиктигине жараша жагымдуу, уккулуктуу үндөрдүн айкалышы, үндөшүү менен көркөм, жакшынакай, уккулуктуу (ырдын) күүсүнө, ыргагына карай сүйлөөнү, пикир алышууну, көркөм окууну, (эң башкы, маанилүү каражат катары) фразаларды уюштуруп, (аларды маанилик топторго, синтагмаларга) тыным, басым менен бирге ажыратып, сүйлөөнүн түшүнүктүүлүгүн, жеткиликтүүлүгүн арттырат. Үн ыргагы (мелодика) – сүйлөмдөрдү пикир алышуунун максатына, шартына, модалдык маанисине карай коммуникативдик типтерге (б.а., жай, суроолуу, илептүү сүйлөм) ажыратууда негизги тилдик каражат. Негизги тондун көп кырдуу кыймылынын диапозонун айырмалоодо электроакустикалык аппараттан алынган интонограмманын негизинде (ошол бөлүнүп алынган сүйлөөнүн) көп кырдуу ийри үндүк толкундун эң жогорку тонунун жыштыгын, ошондой эле ийри сызыктардын өйдө–төмөн, жогору–ылдый түшүп, көтө-

---

* Нурмуханова А.Н. Типы простого предложения в тюркских языках. – Алма-Ата, 1965. – С. 17–46.

рүлүп турган графиктеги (үндүн) сыныктардын интервалын аныктоо менен лингвистикалык мааниси чечмеленет. Ошондуктан ырчы менен обончуларды мактаганда, диапозону кенен (б.а., төмөнкү үндүк баскычтагы созгон музыкалык баскыч менен жогорку музыкалык баскычтын) созгон үнүнүн кыймылы (ортосу, аралыгы кенен) музыкалык интервалы ар түрдүү, кыймылдуу деп, макташы да бекеринен эмес. Мелодикага байланыштуу сүйлөөнү маанилик топторго эле ажыратпастан, ал фразанын кийинки бөлүмдөрүн да байланыштырат. Мисалы, айрым убакта тондун бир аз бийиктеши же аз гана төмөндөшү ойдун толук бүтө электигин, кийинки бөлүмүндө калган семантико-синтаксистик маани жаткандыгын көрсөтөт. Тескерисинче, сүйлөмдүн акырында үн күүсүнүн кескин төмөндөшү жекече маанилик жана синтаксистик бирдиктердин, фразанын аяктаганын билдирет.* Ал эми үн ыргагынын ар түрдүүлүгү, анын негизги типтери окумуштуулар тарабынан кенен көрсөтүлгөн, аны кайталоонун зарылчылыгы жок.**

Мисалы: *«Кыш күндөрүнүн бири. Күн суук. Чыкылдаган кышкы аяз бетти-колду тоңдурат. Этек-жеңди делдектетип, жулккулап, алды жактан ызгаардуу катуу шамал согуп турат. Бет алган жагыбыз – тоодогу малчылар. Анда жай күндөрүндө бир нече ирет болсом да, кыш күндөрүндө көп жылдан бери болгон эмес элем».*

(Баялинов К. «Курман жылга»).

Келтирилген мисалдагы жай сүйлөмдөр автордун атынан баяндалгандыктан, контекстке карай сүйлөөчүнүн ой максаты түшүнүктүү, ачык, даана, көркөм.

Жай сүйлөмдөргө караганда суроолуу, илептүү сүйлөмдөр көтөрүңкү үн менен, күчтүү сезим менен

---

* Зиндер Л.Р. Общая фонетика. – М.: Высшая школа, 1979. – С. 273.

** Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. I бөлүм. Фонетика жана морфология. – Ф.: Илим, 1980. – 75–79- бб.

айтылат. Мындай сүйлөмдөрдө түшүндүрүүдөн, баяндоодон көрө буюруу, өтүнүү, өкүнүү, аёо, ызалануу, таңыркоо, күмөн саноо сыяктуу түрдүү сезимдерди билдирүү күчтүү. Мисалы:

*« – **О, эл! Бетинде уяты бар пенде** байге атынын **алдын тособу**? **Каракчы болбосо**, байге атын башка **чаап жыгабы**? Кана, **акылдуумун дегендер**, жооп бергилечи ушуга?! **Бул уятсыз Карабек** бүгүн буйгага жашынып, көккашка аттын алдын тосту! **Бул каракчы Карабек** бүгүн алдыга чыгып бара жаткан **көккашка атты башка чаап жыкты! Кана, айткылачы кол салганы бул эмеспи?!»***

(Касымбеков Т. Сынган кылыч. – Ф., 1979. – 79- б).

Бул сүйлөмдөрдөгү эмоционалдык лексикалар көркөм сөз адисинин көңүлүнө, сезимине тикеден-тике таасир этип, фразанын экспрессивдүүлүгү артып, көркөм окуучунун көңүлү, ички күчтүү сезими, аткаруу чеберчилиги, эмотикалык үн ыргагы менен айкашып турат. Көркөм окуучунун үнү мелодикалык көп кырдуу интервал, кең диапозон, эмоционалдык-тембралдык боёкчо (окраска), модалдык маани, логикалык тыным менен айкалышып, угуучуларга таасирдүүлүгү артат.

Адамдар бири-бири менен карым-катыш жасаганда оюн, пикирин гана түшүндүрбөстөн, өзүнүн көңүлүн, сезимин да кошо билдирет, алар аркылуу угуучуга таасир этет.* Көркөм чыгармаларда тек гана айтуучунун өз оюн баяндабастан, угуучунун кандай кабыл алышын эстен чыгарбоо керек. Натыйжада, сүйлөөчү менен угуучунун ортосунда тикелей карым-катнаш, байланыш пайда болот. Бул байланыштын чечмелениши көркөм окууда зор мааниге ээ. Анткени, биз көбүнчө сүйлөгөн сөзүбүздү угуучу адам кандай кабыл алып жаткандыгына назар салбайбыз. Мындай көрүнүштү көбүнчө жай сүйлөмдөрдө угуучуга ой-пикирибизди түшүндүрүп баяндайбыз да, ага

---

* Нурмуханова А.Н. Менерлеп оку маселелери. – Алматы: Китеп, 1976. – 25- б.

каршы реакцияны эске албаган учурларды байкайбыз. Ошондуктан, сөз күчү, аны кабылдоонун даражасы, сүйлөөнүн көрсөткүчү боло алганда гана элди магниттей тартып, аудиторияны баалай билүүгө негиз болот.

Ал эми экспрессивдүү-эмоционалдуу диалог катышкан сүйлөмдөрдө андай эмес. Төмөндөгү сүйлөмдөр күчтүү эмоция менен айтылып, угуучуга зор таасир этип, аны табигый сүйлөө менен көркөм окуса, реалдуу турмуштук диалогду, ички сезимди угуучу дал өзүндөй кабыл алат. Мындай жагдай сөздүн күчүнө, окуунун чебер ыгына дал келишине байланыштуу ишке ашат.

Айрыкча сүйлөөнүн модалдуулугун, экспрессивдүүлүгүн, эмоционалдуулугун арттыруучу күчтүү сезимдеги сөздөр, өз деңгээлинде, б.а., ага ылайык интонация таап окуганда гана угуучунун көңүлүн өзүнө бурат, өзгөчө таасир этет. Мисалы:

«Мурун Саламатхандын мындай кыянатын билбегендиктен, Өлмөсхан да таң кала баштады.

– Апа!

– Ыя...

– Сизге эмне болду? Эмне үчүн токтоно албай басасыз, же бир жериңиз ооруп турабы, болбосо капасызбы?

– Эмнеге капаланат элем? Камилжан акеңди күтүп жүрөм, – деди да, Өлмөсханды дагы абдан ишендирүү үчүн, – бүгүн Анжиянга адамдар барат экен, Камилжан акең макул десе, акча берип бирдема алдырып алайын дейм!»

(К.Жантөшев. Каныбек. – Ф., 1972. – 113-б.)

– Карөзгөй айыбын мойнуна алгысы жок! Алгыла! Шылыгыла! – деп кыйкырды Нүзүп жанына үйрүлүп турган жигиттерине. – Шылыгыла, аяна турган жан калган жок! Көрсөткүлө тентип жүргөндү».

(Касымбеков Т. Сынган кылыч. – Ф., 1979. – 78- б).

Суроолуу сүйлөмдөрдөгү экспрессивдүүлүк боёкчо басым менен лексико-грамматикалык бирдиктерде болгондуктан, көркөм окуучу аны өзүнө шайкеш инто-

нация менен жабдып, үндүн көтөрүңкү айтылышына аракеттенет. Ошондуктан суроо аркылуу жасалган сүйлөмдөрдө үн ыргагы сүйлөмдүн аягында көтөрүлөт. Суроолуу сүйлөмдүн интонациясын анализдеп, мындай сүйлөмдө үндүн көтөрүңкү айтылышы суроону талап кылган сөзгө туура келет деген жыйынтыкка келүүгө болот.*

Интонацияны тек гана сүйлөмгө көрк берүүчү категория деп кароо жетишсиз. Ал сүйлөмдөгү ойду тыянактайт, ой-пикирди дал туура, так, таасын түшүнүүгө жардам берет. Интонация – сүйлөмдүн мелодикасы гана эмес, ал физико-акустикалык процесстин бирдиги. Ошондуктан көркүү окуунун таасирдүүлүгү интонациялык мелодиканын жогорулап же төмөндөшү менен гана чектелбестен, үндүн күчүнө, тембрине, темпине, жайыраак айтылышына да байланыштуу болот.

Мындай көрүнүш көркөм окууда, чебер сүйлөөдө да үн ыргагы менен тыгыз байланыштуу, анткени үн ыргагынын нечен түрлүү кубулушу – адам көңүлүнүн, сезиминин берилишин аныктоодогу зарыл маселелердин бири. Чындыгында сөз менен терең түшүнө албаган ойду үндүн көп кырлуу түрлөрү, ритмо-мелодикалык кубулуштары аркылуу угуучуларга таасир этип, терең түшүндүрүү алда канча жеңил. Мазмундуу, көркөм жазылган текст тийиштүү үн ыргагы менен окулбаса, өзүнүн кунун качырып, көркөмдүгү начарлайт.

2. Басым

Басым дегенибиз – тигил же бул фонетикалык каражаттын негизинде сөздүн составындагы бир муундун башка муундардан же сөздүн бөлөк сөздөрдөн айырмаланып, көтөрүңкү үн менен айтылышы. Басым

---

* Фирсов Г.П. Значение работы над интонацией для усвоение синтаксиса и пунктуации в школе. – М.: Изд. АПН РСФСР, 1962. – С. 246.

бардык түрлөрү менен интонациянын негизги компоненти катары эсептелинет. Сүйлөөдө сөздүн тигил же бул элементин бөлүп айтуу (сөздө эле эмес) сүйлөмдөрдүн составында да болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу **басым фразалык** жана **сөздүк** болуп экиге бөлүнөт.

Ошентип, фразалык басым деп, сүйлөмгө жан киргизип, угуучуга таасир этүүчү, ага күч берип уюштурган ритмо-мелодикалык бирдикти айтабыз. Анткени али окула, сүйлөнө элек тексттеги маанини, көркөм чыгармадагы ойду маанилик топторго бөлүп, фразага айлантып, таасир этүүчү күч берген басымды түшүнөбүз. Негизинен, фразадагы эки же андан көп сөздөрдөн (көп сөздүү паузасыз, тынымсыз) маанилик бирдиктерди, сүйлөө тактысын ажыратуучу басымды фразалык же логикалык басым катары эсептөөгө болот.*

Сүйлөмдөрдү интонациялык, маанилик бөлүмдөргө ажыратып, фразаны так, туура түшүнүүгө жардам берген басым да жогоруда биз сөз кылган басымдын катарына кирет. Окуп жатканда кээ бир сөздөр катардагы сөздөрдөн айырмаланып, көтөрүңкү үн менен жайыраак айтылып, ага басым катуурааак коюлса, мындай басымдар **фразалык басымдар** деп аталат.

Интонациянын негизги компоненттеринин биринен болгон басымдар, паузалар (тынымдар) жана сүйлөөнүн мелодикасы бири-бири менен тыгыз байланышта турат. Бирөө бузулса, кийинкилери да өз нугунан жаңылат.

Ошондой эле, көркөм окууда тынымдын (паузанын) ролу да өтө зор. Айрыкча, тынымдын сүйлөп жатканда ойлогон ойду жыйынтыктап, тактоодо кылган кызматы көзгө көрүнөрлүк. Синтагмалык басым жана тыным өз алдыларынча бири-бирине тикеден-тике көз каранды

---

* Буланин Л.Л. Фонетика современного русского языка. – М., 1970. – С. 169.

абалда болуп, мелодиканын катышы менен семантико-синтаксистик маанини ажыратат. Ар бир синтагма фразалык басымдан турган сөздөрдү бириктирип турат. Ошондуктан, фразалык басым деп аталуучу басымдар кээде синтагмалык басым деп да аталат. Канчалык сөздөр көп болсо, ошончолук басым көп болот, канчалык басым көп болсо, ошончолук сөз көп болот.

Ар бир мелодикалардын же жай сүйлөмдүү фразалардын бүтүшү тыным менен байланышат. Ар бир жай сүйлөмдөн турган фразалардын ичиндеги тынымдын алдында (жалпы эреже боюнча) үндүн тону мелодикалык бийиктөө менен коштолот. Ошентип, үндүн толкунунун бийиктеши жай сүйлөмдүн ичиндеги фразеологиялык басымдар тыным менен бирге, сөздөрдүн маанилик топторун бөлүүчү каражат болуп кызмат кылат, ал эми үндүн басаңдашы тыным менен бирге жай сүйлөмдүн (фразанын) бүтүшүн билдирет.

Эгерде бир түшүнүктү билдирген сүйлөм ченемсиз көп сөздүү болсо же татаал синтаксистик курулуштан турса, басым дайыма акыркы сөзгө түшүп, алардын ортосу тынымдын жардамы менен эмес, тез темптүү сүйлөөнүн, мелодикалык үндүн негизги тонунун кескин бийиктеши менен аяктайт. Мындай көрүнүш көркөм окууга татаал сүйлөмдүү фразаларда басымдын түшүшүн байкоого жардам берет.

Фразалык басымда сүйлөмдүн составындагы бир сөздөгү негизги тондун кыймылы басымдын башка сөздөгү муунунан айырмаланып, көтөрүңкү үндө айтылышы менен мүнөздөлөт. Сүйлөө тизмегинде бардык тыбыштар, муундар, сөздөр бирдей даражада угулбай, бири күчтүү, бийигирээк айтылса, экинчиси басаңыраак, алсыз айтылат. Ошондуктан даана айтылбаган тыбыштардын ачык айтылган муундун айланасында топтолушу басым түшкөн муунду билдирет.* Сөз басымы түшүүчү муундар:

---

* Азыркы кыргыз тили. – Ф.: Мектеп, 1978. – 56- б.

1) динамикалык басым – басым түшүүчү муундун айрыкча күчтүү айтылышы;

2) музыкалык басым – басым түшүүчү муундун негизги тонунун жогору же төмөн өзгөрүшү;

3) сапаттык же сандык басым – басым түшүүчү муундагы тондун созуңку касиети.*

Ар бир тилдин фонетикалык системасына байланыштуу басымдын түшкөн орду боюнча тилдер экиге бөлүнөт, анткени дайыма бир орунга түшүүчү жана ар башка орунга түшүүчү басымдар бар. Кыргыз тилинде сөз басымы сөздүн эң акыркы муунуна түшөт.**

Демек, жалпы эле түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тилинде да басымдын эң акыркы муунга түшүшү – мүнөздүү көрүнүш, б.а., аглюниативдүү тилдерде мүчөнүн улана берүүсү менен, мисалы, «камсыздандырылбаганыбыздан» деген сыяктуу сөздөрдө сөз басымы улам акыркы мүчөгө өтө берет. Ошону менен катар бардык эле учурда басым сөздүн акыркы муунуна түшө бербейт, ал сөздүн башкы же ортоңку муунуна да түшүшү ыктымал. Андай сөздөр тилибизде албетте бар, бирок жалпы тилдеги туруктуу басымдардын өзгөрүшүнө таасирин тийгизе албайт. Мисалы, орус тилинен жана ал тил аркылуу башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдө басымдын биринчи муунга түшүшү сакталат: **карта** (географ. же ойнолуучу карта; *кырг.* карта – жылкынын ич эти), **атлас** (географ. карта; *кырг.* атлас – гүлдүү жылтырак кездеме) ж.б. Памир, экономика, космос ж.б. Кыргыз тилиндеги көркөм чыгармаларда кээде айрым сөздөр: ***атасыз*** (атасы жок) – Сиз бизге ***атасыз***; катчы (этиш) – катчы (писарь), энчилүү аттар менен эсептик сан атоочтор учурашы мүмкүн. Мындай учурда басым биринчи муунга түшүрүлүп окулат.

---

* Зиндер Л.Р. Общая фонетика. – Л.: Наука, 1960.

** Тил илимине киришүү. – Ф.: Мектеп, 1980.

Мисалы: *Белек, Асан, жети, алты.*

Кээ бирде кабыл алынган сөздөр менен айрым үч составдуу төл сөздөрдө басым биринчи же экинчи муунга түшөт. М.: *балет, завод, аэробус, корабль.*

Кыргыз тилиндеги сын атоочтун күчөтмө даражасында да жогорудагыдай болушу ыктымал. М.: *бопбоз, көпкөк, сапсары* ж.б.

Ал эми филлективдүү тилдерде (орус, украин, белорус, англис ж.б.) филекция (аффикс, перефикис, приставка, надставка ж.б.) колдонулгандыктан, сөз басымы алдыга, ортого, артка түшө берет. Ошондуктан, орус тилинде сөз басымы сөздү уюштуруучу, сөздүн маанисин айырмалоочу касиетке да ээ. М.: *замок (кулпу) – замок (курчоо, тосмо), мука (ун) – мука (муң, зар).*

Революциядан кийин, Совет мезгилинин алгачкы жылдарында кыргыздар «***паровоз***» деп айта албай, *«көк өгүз, кара өгүз»*, ***«велосипед»*** деп айта албай, *«шайтан араба»* дегени белгилүү. Анткени андай басымды айта албаган. Ушул азыркы учурда айрым кемпир-чалдар орус сөздөрүн жогорудагыдай кылып бузуп айтышпастан, өзүндөй эле так басым менен айта алышат. Демек, басым, интонация коомдо колдонулушуна карай өзгөрөт, өнүгөт. Келечекте биздин сөз басымыбыз сөздөрдү маанилик жактан уюштурбастан, анын маанисин айырмалоосу мүмкүн.

Ал эми фразалык (логикалык) басым, биринчиден, сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн акценттик салмагын бөлүштүрүүдө, анын составындагы сөздөрдүн белгилүү бир ойду түшүндүрүүсүнө карата багытталган эмоционалдуу экспрессивдүүлүктүн шартына ылайык, алардын ичиндеги бири-бирине болгон маанилик мамилелерине байланыштуу болот. Ошондуктан логикалык басым сөздөрдүн маанисине жана эмоционалдуулугуна карай, тигил же бул сөзгө сыйлыгышышына карабастан, негизинен, сүйлөмдүн

маанисин ачып көрсөтө ала турган ойдун негизин ээлеген сөзгө түшөт.

Мисалы: *«Жалгыз адам **эртерээк** бир жерден чыккан. Ошентсе да болжогон жерге бүгүн **жетпей калганына** көзү жетип келет. **Күүгүм кирип, жер караңгылап калган.** Ошол учурда **чарчаганына карабастан** шыпылдай басып, жүрүшүн ылдамдата берди».*

(Элебаев М. Кыйын кезең. – Ф., 1980. – 216- б.)

Жогорудагы контексттен алынган *«Күүгүм кирип, жер караңгылап калган»* деген сүйлөмдө логикалык басымды тигил же бул сөзгө түшүрүп айта берүүгө да болот.

Мисалы:

1. ***Күүгүм кирип**, жер караңгылап калган.*
2. *Күүгүм кирип **жер** караңгылап калган.*
3. *Күүгүм кирип жер **караңгылап калган.***

Кайсы гана сүйлөмдү окуган адам болбосун, анын ичинен бир же бир нече сөздү ойдун предикаты кылып окугандыктан, ал сөз басым түшкөн башка сөздөргө караганда интонациялык каражаттар менен толук жабдылат да, анын муунга түшкөн негизги тону, амплитудалык серпилүүсү жана ага кеткен убакыт узундугу көп болот.*

Сөз басымы тигил же бул сөздүн керт башына тиешелүү өзгөчөлүгүнө жараша анын бир бөлүгүнө, б.а., муунуна түшөт. Логикалык басым болсо, сүйлөмдүн мазмунун ачууга багытталгандыктан, ошол фразанын ичиндеги сөздөрдүн бирине түшөт. Мисалы: *«Күн чайыттай ачык»* деген сүйлөмдү алып көрөлү. Бул сүйлөм төмөнкүдөй контексттен алынды.

*«Күн **чайыттай ачык**. Кыштын күнү алсыз нурун айааламга чачууда. Тигинде, Керме-Тоонун бөксө чокула-*

---

* Нурмуханова А.Н. Типы предложений по модальности и интонации в тюркских языках. – Ташкент, 1977. – С. 27.

рындагы карлар күн нуруна жарк-журк этет. Бери ойдо – Кочкор суусунун бойлорунда чымчып аларга кар жок».

(К.Баялинов, «Курман жылга»).

Жогорку алынган сүйлөмдө логикалык басым «күн» деген сөзгө түшсө, сөз басым «ачык» деген сөздүн акыркы муунуна түшкөндүгүн байкоого болот. Биз сөз кылган аталышына карай тилдин эки башка бирдигине карата, сөз басымы сөзгө, фразалык басым сүйлөмгө колдонулат. Ошондуктан айрым учурда сөз басымы тигил же бул сөздүн семантикалык маанисине, эмоционалдуу-экспрессивдүүлүгүнө, модалдуулугуна байланыштуу сөздүн акыркы муунуна түшүп айтылат.

Логикалык басым – интонациялык каражаттардын жардамы менен сүйлөм ичиндеги ойдун негизин түшүндүрүүчү сөздү баса көрсөтүү жагынан айырмаланат. Ал фразанын лексико-грамматикалык структурасына, андагы ойдун маанилүүлүгүнө жараша коюлат.

Фразалык басым белгилүү даражада сүйлөмдү маанилик жактан уюштуруп, анын ритмо-мелодикалык тиреги катары кызмат аткарат. Логикалык басым болсо, тигил же бул сүйлөм ичиндеги сүйлөөчүнүн угуучуга карай багытталган оюнун негизин ээлеген сөзгө түшөт. Оозеки сүйлөөдө мындай басымга ээ болгон сөздөр сүйлөөчүнүн максатына, пикир алышуунун шартына, модалдуулугуна байланыштуу болсо, жазууда окуучу адам ал басымды контекстке, чыгарманын идеясына карата чечмелейт. Логикалык басым түшкөн сөздөн кийин адетте тыным келип, бир маанини экинчисинен бөлүп, синтагмалык басым да логикалык басым түшкөн сөзгө түшүп, бирок ага (дайым эле эки басым төп келе бербейт) айрыкча көңүл бөлүнгөндүктөн, башка сөздөргө караганда күчтүүрөөк (катуураак), жайыраак, көтөрүңкү үн менен окулат. Логикалык басымды психологиялык көз караштан алганда, сүйлөм ичиндеги «ойдун борбору»,

«көңүл бөлүнгөн маани берүүчү пункт» болуп эсептелет. Кол жаңсоо менен бирөөгө карата тике кайрылып айтылган сөздөргө да логикалык басым түшөт.

М.: ***Ушу сен, мага жакшылык кылдыңбы? Мага жакшылык кылган сенби?***

Көбүнчө сүйлөөчү тарабынан угуучуга карама-каршы пикир айтылганда, логикалык басым аныкталат.

Мисалы: *Биз ал жакка бүгүн эмес, **эртең** барабыз. Алманын агын эмес, **кызылын** тандагын.*

Айрым сүйлөмдөрдү авторлор, атайын логикалык басымды бөлүш үчүн инверсиялык кубулушту пайдаланып, фразанын түз орун тартибин бузуп колдонушат..

Мисалы: *От боюнда сулап, **кыймылсыз жатты Гүлсары**. Жоргосу экөө тең картайып кеткенине **кейийт Танабай**.*

Мындай фразаларды көркөм окуучу сүйлөмдүн акырындагы логикалык басым түшкөн сөзгө карап, көтөрүңкү үн менен окуйт. Айтылган өзгөчөлүктөрдү көркөм сөз искусствосунун адистери, көбүнчө дикторлор окуганда логикалык басым түшкөн керектүү сөздү жайыраак, үнүн бийик көтөрүп окуйт. Көркөм окууга көнүккөн адистер бир ырды же чыгарманы аткарууда фразадагы каалаган сөздү ойдун негизи кылып алып, аны улам бир сөзгө жылдырып, андагы идеяны ишке ашырат. Мисалы:

***Ленин жолу** ташка тамга баскан жол*
*Ленин жолу **ташка тамга** баскан жол*
*Ленин жолу ташка **тамга** баскан жол*
***Эчен кыя**, белестерди ашкан жол.*

(Ж.Турусбеков)

Көркөм окууда колдонулуучу, өзгөчө эмоционалдык жактан жеткилең каныккан басымдын түрү – эмфатикалык басым. Эмфазаны – аткаруучу текстти окуганда, интонациялык жактан сөздүн же сүйлөмдүн бир элементи катары бөлүп көрсөтөт. Үндүк каражаттардын негизинде ички сезимди көркөм чагылдыруу менен бул

басым сүйлөмгө өзгөчө аффект түзүп (латын тилинде: катуу толкунданууу), тигил же бул сөз менен катуу толкунданууну, өкүнүч менен кубанычты кескин көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Л.В.Щербанын* байкоосуна караганда, логикалык басым угуучунун көңүлүн сөздүн маанисине бөлсө, эмфатикалык басым эмоционалдык ой толгоолорго: кайгыруу, өкүнүү, кыжырдануу же кубануу, шаттануу, ырахаттануу сыяктуу ички оң жана терс сезимдердин кескин өзгөрүүсүн билдирет. Ошентип, биринчи басымда сүйлөөчүнүн максатын, ойлогон оюн көрсөтсө, экинчисинде, түздөн-түз гана ички сезимин чагылдырат.

Ал эми эмфатикалык** басымдын үндүк каражаты болуп, басым түшкөн муундун кыска же узун (долгота) убакытка карай созулушу болуп эсептелет.

Мисалы: *«Апа-а! Алим-ан» деген кыйкырык... «Алиман! Алиман! Бул эмнең, кокуй! Токто! Токтогун!» дей эле бериптирмин.*

Мындай окшош сөздөрдүн эки же андан ашык кайталанышы, андагы интонация жөнүндө жогоруда сөз болгон. Ал эми эмфатикалык басым түшкөн сөздүн бир компоненти – *«Апа-а! Алим-ан»*, мындагы *«а»* тыбышынын созулуп айтылышын көрдүк.

Ошондой эле оозеки сүйлөөдө, көркөм чыгармаларда кездешүүчү сөздөргө да, мисалы: *Эң со-о-нун адам.*

Тап-тат-туу бал экен.
Ме-е-ни жай-ы-ы-ма койгула.
Ай бе-е-чара, бечара!
Шай-та-ан алгырдыкы десе! ж.б.

---

* Щерба Л.В. Фонетика французского языка. – М., 1953. – С. 133.

** Эмфаза – фр. интонациянын жардамы менен сүйлөөнүн бир элементинин бөлүнүп айтылышы. Караңыз: Эмфатикалык басым. Ахманова О.С. Словарь лингвистических терминов. – М., 1956. – С. 525.

эмфатикалык басым түшүп айтылат. Аталган басымды эмоционалдык басым менен чаташтырууга болбойт.

3. Сүйлөөнүн темпи

Сүйлөөнүн темпи, б.а., сүйлөөнүн интеллектуалдык (маанилик), эмоционалдык кыймылы, убакытка карай сүйлөөнүн тездиги же акырындашы.

Темп дегенде, биз сүйлөөнүн айтылышына карай үн узундугун, ылдамдыгын, жайланышын түшүнөбүз (жай, ылдам). Эгерде сүйлөө барган сайын татаалданып, эмоционалдуу-экспрессивдүү болсо, анын темпи да ар түрдүү болот. Бир темпте айтылган сүйлөө бир жактуу болуп, көркөмдүгү төмөндөйт Ошондуктан сүйлөөнүн темпин жайлатуу же ылдамдатуу менен аны көркөм элестүү, укмулуктуу кыла алабыз. Керектүү темпти чыгармадан табуу анын логикалык, эстетикалык, эмоционалдык маанисин туура баалоосунун натыйжасында гана мүмкүн болот. Бул өз кезегинде көркөм окуп жаткан адамга болгон сүрөттөөлөрдү, фактыларды же окуяларды көркөмдөөгө жардам берет Ошондуктан темп – тексттеги реалдуу чындык турмушту көркөмдөп көрсөткүч. Эгерде айтылып жаткан сүйлөөдөн темпти алып салсак, анда ал жансыз, көркүз болот. Темп биздин тексттеги ой-пикирибиздин, сезимибиздин көркөм чагылышын камсыз кылып, сүйлөшүүбүздү жандуу, көп кырдуу, кызыктуу кылат.

4. Ритм – ой жүгүртүүнүн кыймылы

Сүйлөө процессине үндүк тилдик каражаттардын белгилүү бир убакыт ичинде басым түшкөн, же басымсыз муундардын катар (кезеги менен) тартипте, же жайынча кыскарып, же узарып айтылышына карай ой кыймылынын бирдиги, өзгөрмөлүү ритм болуп эсептелет.

Ритм сүйлөмдөгү сөздөрдүн маанисине байланыштуу ишке ашат. Ритм интонация жана психологиялык тыным менен бирдикте сөздүн таасирдүүлүгүнүн негизин түзөт. Ритм ар бир кубулжуган үндүн бүтүшүн жана башкага өтүшүн белгилеп турат.

Ритм дегенибиз – белгилүү бир убакыттын ичинде сандаган милдеттерди иш жүзүнө ашыруу. Ошондуктан ритмди канчалык жандандырсак, (ошол белгилүү убакыттын ичинде) ошончолук ой кыймылын ишке ашырууга болот.

Көркөм сөз искусствосунда ритм эң зор роль ойнойт. Ритм кээ бир учурда өтө татаал сыяктанып, прозалык чыгармалардан айырмалоо кыйын болгон учурларда кезигет. Кээ бир учурларда окумуштуулар ритмди темп менен бирге карашат. Темп – сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн маанилик жактан айтылышына ылайык жайланышы же ылдамдашы. Бирок булардын бири-бирине окшоштугуна карабастан, ритмдин өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Сүйлөөнү тездетүүнү же жайлатууну мүнөздөөчү темптен айырмаланып, ритм дайыма курчап турган дүйнөнүн, айлана-чөйрөнүн бирдей кубулуштарынын кайталанышын, кезектешүүсүн билдирет. Буга спорттук колонналардын кыймылы, маятниктин кыймылы, деңиз толкундарынын кыймылы ж.б.у.с. кубулуштарды мисалга келтирүүгө болот. Ритм искусстводо чоң мааниге ээ. Ыр, бий, музыкалык пьеса, аңгеме белгилүү бир ритмге баш ийип турат. Ритмге образдардын психологиялык абалын ачуучу аткаруучулук мүнөз көз каранды. Ошондой эле өтүп кеткен же болуп жаткан окуялардын мүнөздөрүн жана аракет кылуучу каармандардын ички абалдарын так берүүдө ритмдин ролу чоң.*

---

* Язовицкий Е.В. Выразительное чтение как средство эстетического воспитания. – Л.: Учпедгиз, 1959. – С. 57.

Көңүлдүү оюн-шоок же спорттук мелдеш, айталы, автобусту же поезддди зарыгып күтүү ритминен айырмаланып турат. Ритмдин дагы бир түрү жабык же ачык ритм деп аталат. Ички ритм үн ритми менен айрым учурларда төп келишпей да калат. Ички ритмдер негизинен ой кыймылынын мурунтан белгиленген жерлеринде колдонулат. Ички ритмдин таасиринде угуучуда фантазиялык ойлор пайда болуп, угуп жаткан материалды тереңирээк кызыгып түшүнүүгө аракеттенет, кызыкчылыгы артат.

Бул ритмдер адам оюнун билдирүүсүнө, толкунданууусуна карай күтүлбөгөн сөздөрдө жана тынымдарда пайда болот. Бул кыйын жана кызыктуу ыкманы кайра-кайра, чаржайыт колдоно берсе, анда материал да чаржайыт ойлорду туудуруп, кызыгын жоготот.

«Автордук ритмди так табуу – көркөм окуучунун кыйын жана негизги милдеттеринин бири. Алгач ал көркөм окууну баштаардан мурун, андан кылдаттыкты, токтоолукту, чыгармачылыкты талап кылат. Ошондуктан көркөм окуучуга композитор айткан бир гана ритмди туура кабыл алып, аны колдоно билген адистей болгондо гана жакшы натыйжа берет * (К.Станиславский).

Темп менен ритм – сөздүн таасир этүүчү көркөм каражаты. Автордун текстти көркөм окуу процессинде интонация, психологиялык тыным сыяктуу эле темп менен ритм да эстетикалык кабылдоону толук камсыз кылат. Сүйлөөнүн темпи окулган материалдардын маанисине, мүнөзүнө, көркөм окуучунун максатына, чеберчилигине жараша тездеши же жайланышы мүмкүн. Сүйлөө канчалык эмоционалдык татаал мүнөзгө ээ

---

* Аксенов В. Искусство художественного слово (в разделе «Ритм»). – М.: ИАПН РСФСР, 1962. – С. 124.

болсо, анын темпи да ошончолук айкын жана ар түрдүү болот. Эгерде сүйлөөнүн темпи бир түрдүү, монотондуу болуп, маанисине шайкеш болбосо, көркүз, кунарсыз, уккулуксуз болот. Ал эми чебер сөз адиси чыгармадагы идеяга, окуяга ылайык мажбурланбаган эркин темп таап, окулуп жаткан чындыкка, шартка шайкеш эстетикалык баа бере алса, сүйлөө көркөм, элестүү, уккулуктуу болот.

Мугалимдин окуучулардан сүйлөөнүн темпин механикалык түрдө үйрөнүүсүн төмөндөгүдөй түзөтүүлөр менен талап кылышы өтө кечиримсиз жаңылыштык:

«Шашпай жай окугула, силер окуянын жай абалда жүрүп жатканын сезген жоксуңарбы?».

Же төмөндөгүдөй:

*Сен **шаттыкты жазасың** дейт бир акын,*
*Сен кайгыны **жазбайсың** дейт бир акын.*
*Угуп мындай **дооматтарды** үн катпай,*
***Колду шилтеп** коюуга да жок акым.*

(Абзий Кыдыров)

Акындын ыр саптарында айтылгандай, ритм чыгарманын логикалык негизине окуучунун мамилесин жана эмоционалдык жагына көңүлүн бурат Биз сүйлөөбүздө бир сөздү же көркөм каражаттарды (басым, тыным, ритм, темп, тембр ж.б.) алдыга жылдырып, экинчисин алып, бирин күчтөнтүп, дагы бирин ыкчамдатабыз, натыйжада сүйлөө жандуу, элестүү болуп, жагымдуулугу, ийкемдүүлүгү артат. Кыймыл-аракеттүү иш-аракеттер жандуу организм сыяктанат. Ошондуктан сүйлөөдөгү же тексттеги ой-максатка жетиш үчүн мүнөздөлгөн аң-сезимдүү күч-аракеттердин (турмуштук) негизи адам эркин чагылдыруучу ритм үндүк көркөм тилдик каражат болуп эсептелет.

Ритм жок жерде жашоо, турмуш-тиричилик жок, анткени табияттын, жашоонун баарында ритм болот. Мелодикасыз сүйлөө мааниден айрылат, ал эми тембр

жок жерде көңүл балкытып, ой эргитүүчү сезими жок. Ритмден ажыраган сүйлөөдө жандуу кыймыл, (жашоо) аткаруучу чагылдырган чындык жок. Логикалык ритм – фразадагы сөз маанисине карата ырааттуу кыймыл-аракеттерди уюштуруучу көркөм каражат. Биз сүйлөгөн сүйлөмдөгү сөздөрдүн ар бири логикалык жактан бирдей даражада эмес экендигин билебиз. Фразада өтө маанилүү, анчейин маанисиз жана кызматчы сөздөр бар экендиги да белгилүү. Бирок көркөм окуучу чыгармадагы өзү тандаган тексттеги мааниге, түшүнүгүнө, окуяга аралаша алышына жараша бирин атайылап дааналап басым коюп айтса, айрымдарын тез окуйт.* Мугалим: «А силер мындай ырды шашпай жай окугула, эмне үчүн силерге бул сценанын динамикасы жетпейт? Эми темпин өзгөртүп, тезирээк окугула» – дейт. Ошентип, окуучу мугалиминин көрсөтмөсүн аткарууга аракеттенип, аны тез окуйм деп жатып, чыгарманын эстетикалык сапатын бурмалап окуй баштайт. Андыктан окуунун темпи тексттин мүнөзү, мааниси, идеясы, сюжети, стили менен төп келип, жандуу, көркөм болуп, окуучунун өз оюнан жаралышы керек. Эгерде окуган текст окуучуну өзүнүн идеясы, мазмуну, мааниси менен толкундата албаган болсо, анда ал тезби же жай окуйбу, баары бир анын темпин аныктай албайт, жасалма бойдон кала берет.

Адетте, көп жылдык тажрыйбасы бар көркөм сөздүн адиси текстти тез окугандыгына карабастан шашылбайт, бирок эч ким анын темпин өзгөртүп айтуусун өтүнбөйт. Сүйлөөнүн темпи окуучу тарабынан (тексттеги) реалдуу чындыкты же көрүнүштү болуп жаткан окуяга байланыштыра билип, анын жандуу, элестүү картинасын сөз күчүнүн таасиринде тартып, андагы эстетикалык бааны так чагылдырат.

---

* Стержиникова В.К. Мастерство чтеца. – М., 1926.

Жогоруда темп жөнүндө айтылгандардын баары ритмге да тиешелүү, анткени бул эки көркөм каражат бири-бири менен байланыштуу.

5. Тыным (пауза). Аз убакытка сүйлөөнүн кармалуусу, токтолуусу, тыным, аралык

Адамдарды өз ара байланыштыруучу, пикир алыштыруучу каражат катары биздин сүйлөөбүз сөздөрдүн тынымсыз агымы катары каралбастан, фразанын ичинде маани жактан байланышкан сөздөрдүн группаларынын ортосу бир аз тынымдар (пауза) менен бөлүнүп, чектелип турат. Анткени тыным сөздөрдүн өз ара маанилик байланышына ылайык ачык, так окулушуна карай логикалык тынымдын жардамы менен бирин экинчисинен айырмалап, жиктеп бөлүп турат. Логикалык тыным – семантико-синтаксистик маанини жиктеш үчүн үндүн аз убакытка токтолушу. Тыным мезгилинде адамдын ою окуп жаткан мезгилге салыштырмалуу активдүү иштеп, көркөм текстти окуп жаткан адам чыгармада болуп жаткан чындыкты ишенимдүү, көркөм, таасын берүү үчүн ойдун негизин ээлеген сөздөрдү таап, кандай маанилик бирдиктердин ортосуна тыным жасаш керек экендигин жадысына сактап турат.

Туура эмес колдонулган тыным окуп жаткан адамдын оюн бузат, тексттин эстетикалык касиетин жоготот. К.С.Станиславский айткандай, автордук текстти билгичтик менен сүйлөөнүн звенолоруна бөлүү, чыгарманы эмоционалдык жактан кабыл алууга ыңгайлуу шарт түзөт.* Тексттерди маанилик сүйлөө звенолоруна бөлүүнү окуучу адамга көрсөтүүчү белги болуп, автордун койгон графикалык тыныш

---

* Станиславский К.С. Собр. сочин. Т. 3. – М.: Искусство, 1955. – С. 96–97.

белгилери алдын ала кабар берүүчү сигнал катары кызмат аткарат.

Ошентип, тыныш белгилери интонация менен тынымга тикеден-тике байланыштуу экендигин А.Пешковский туура белгилейт.* Көпчүлүк убакта тыныш белгилерине карап, кандай, кантип окууну аныктоого болот. Себеби канча тыныш белги болсо, ар кайсынысынын өзүнчө кызматы бар. Тыныш белгилери үндүн токтолгон жеринде тынымдан кийин коюлат.** Чекит, үтүрлүү чекит, илеп жана суроо белгилери сүйлөөнүн маанилик звеносунун бүткөндүгүн билдирет, бирок окуп жаткан учурда үтүргө бир аз тыным болот.

Мисалы, кимдир бирөөгө кайрылган сүйлөмдөрдө (мени кыйнаба, сулуу Марина); киринди сөздөрүндө (китеп, балким, ага керектир); же айрым байламталардан кийин (ошону менен, ошон үчүн).

Тыныш белгилери көркөм окуучуларга фразаны сүйлөө звенолоруна так бөлүштүрө билүүсүн жеңилдетет. Бирок өзүбүздүн күнүмдүк сүйлөөбүздө сүйлөп жаткан учурда же адабий чыгарманы көркөм окууда бизге тыным жасап, тыныш белгилерин колдонуу кыйын болуп калат. Ушунун натыйжасында сүйлөөнү оюбузда звенолорго бөлүүдө кыйынчылыктар туулат. Ошон үчүн фразаны тыныш белгилерине гана таянып окубастан, анын маанисине да көңүл буруу талапка ылайык келет. Ошондуктан, жатка айтууда кайсы жерде тыныш белгилери болсо, ошол жерге тыным кылбастан, тыныш белгиси жок жерде да маанисине, экспрессивдүүлүккө карата тыным коюшубуз да мүмкүн. Ал эми кээде тескерисинче да болот.*

---

* Пешковский А. Интонация и грамматика.// Изв. ОРЯС, т. 1., 1948. – С. 12.

** Нурмуханова А.Н. Типы предложений по модальеости и интонации в тюркских языках. – Ташкент, 1977. – С. 43.

* Блинов И.Я. Выразительное слово учителя словесника. – М.: Учпедгиз, 1963. – С.16.

Демек, ушундан улам дайыма эле тыныш белгилерине карап тыным кылбастан, оюбузда берилген фразанын мааниси боюнча да тыным кылууга мүмкүн.

Логикалык жана эмоционалдык багыттагы фразадагы ойдун негизги көрсөткүчтөрүнүн бири психологиялык тыным болуп эсептелет. Психологиялык тыным логикалык тынымга караганда алда канча активдүү көрүнгөн менен, логикалык тыным анчейин пассивдүү сыяктанганына карабастан, аткаруучу тарабынан формалдуулукка ээ. Психологиялык тыным тынымсыз сезимге таасир этип, дене толкуткан эмоция жаратуучу ички керемет мазмундарга бай келет.

Логикалык тыным адамдын акылына таасир этсе, психологиялык тыным сезимге таасир этет. Эгерде логикалык эле тыным болуп, психологиялык тыным катышпаса, анда сүйлөөбүз мазмунсуз, таасирсиз, жансыз сыяктанат. Ал эми психологиялык эле пауза болуп, логикалык пауза катышпаса, анда сүйлөө мааниге негизделбей курулган болуп калат.

Ошентип көркөм окуучу адам логикалык басым менен психологиялык басымды ажыратып биле албаган менен алардын колдонулушуна астейдил мамиле кылып, бирин экинчисинен айырмалап, ыктуу пайдаланууну өздөштүрүшү керек.

Тыным фразанын бирден-бир интонациялык жактан көрсөткүчү катары, айтылуучу ойду эмоционалдык жактан жеткилең деңгээлде уюштурат. Канчалык даражада эмотивдик тынымдын фразадагы айтылуучу ойдун модалдык-эмоционалдык маанисин, сүйлөмдүн типтерин (жай, суроолуу, илептүү), лексико-семантикалык составын, формалдык мүнөзүн (өзүнүн айланасындагы), контекстуалдык мамилесине карай чагылдыра алышына ылайык өзүнчө майда үч подтипке бөлүнүп, бир бүтүндүктү түзөт.

1. Тынымдын лексикалык жактан шартташкан түрү.

2. Тынымдын синтагмалык жана интонациялык жактан чектөөгө байланышкан түрү.

3. Тынымдын физикалык жактан, б.а., дем алып, дем чыгарыш үчүн токтолгон анчейин билинбеген түрү.*

Жогоруда айтылгандай, тынымдар аткарган кызматы, мүнөздөрү боюнча:

1. **Логикалык тыным**;

2. **Психологиялык тыным** болуп бөлүнөт.

Өз кезегинде психологиялык тынымдар да ич ара бөлүнүшөт:

1. **Эске түшүрүү тынымы**. Мындай тынымдар кандай гана текстте болбосун (айрыкча прозалык чыгармаларда), кээде бир кызыктуу жерге келип, негизги ойду баяндоодо же бир кызыктуу көрүнүштү, окуяны айтарда токтоп, элдин көңүлүн бурган учурлар көп кездешет, ошондо окуяны эске салып элестетип токтоп, угуучулардын ички сезимин козгоп, угууга аргасыз кылган түрү болуп эсептелет.

2. Үн катпай бир аз ой жүгүртүп, токтоп, айтылып бүткөн ойдун, подтекстин бирине же **негиздүү окуяга өткөндө колдонууга арналган тынымдар**.

3. Ыклас коюу тынымы.** Аталган тыным күтүлбөгөн жерден тык токтоо менен окуянын же ошол окуя болуп жаткан көрүнүштүн эң кызыктуу жеринде угуучулардын сезимине таасир этиш үчүн пайдаланылат.

6. Тембр – үнгө ар түрлүү көрк, кооздуктун берилиши.

Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикирине караганда, тембр балалык чактан өткөн соң, адамдын өмүрүнүн

---

* Сарсекеева Г Функциональный анализ паузы (экспериментальное фонетическое исследование). Автореф. канд. диссерт. – Алма-Ата, 1979.

** Аксенов В. Искусство художественного слова. – М., 1962.

акырына чейин өзгөрүлбөйт. Бирок дайыма көнүгүү жасоо аркылуу кырылдоо, энтигүү, маңкалануу сыяктуу тембрдеги кемчиликтерди болтурбай коюуга болот. Натыйжада, тембр аз да болсо бир аз тазаланып, тыбыштар өз орду менен айтылат.

Сүйлөөнүн эмоционалдуулугун арттырууда тембрдин ролу чоң. Анткени, адамдын үнүнөн толкунданууну, кайгыны, кубанычты, шайырдыкты ж.б. ички сезимдерди байкоого болот. Бул жөнүндө англиялык адвокат Р.Гаррис: «Үндүн модуляциясы – сүйлөөнү түзүүдөгү фонетикалык-суперсегменттик бирдиктерди колдонуу чечендиктин эң сонун касиеттеринин бири болуп саналат. Бул – сүйлөөнүн музыкасы»* – деген. Ички сезимдердин сүйлөө аркылуу көркөм чагылуусу (эмоционалдык кооздук) катары каралган менен тембралдык окрасканын өзү – чыныгы эмоционалдык кооздук. Ал тек гана пикир алышуудагы сүйлөшүүнүн кырдаалында да пайда болушу мүмкүн. Эгерде сүйлөшүү шарты ким менен, эмне жөнүндө аңгеме өткөрүүсүнө ылайык, аны толкундатууга шарт түзүлсө, сүйлөөнүн тембри кескин өзгөрөт.

Тембр – ар кандай пикир алышуунун шарттарына ылайык өзгөрүлмөлүү келип, фразанын маанилик бирдиги ошол катнашта гана (контекстте) кооздукка, көркөмдүүлүккө ээ болот. Тембр – бул көркөм каражат. Ал мелодиканы аныктайт жана аны менен органикалык түрдө байланышта болот. Тембрдин көркөм сүйлөөдө өзүнүн орду бар жана ал сүйлөөнүн негизги тонунун башка элементтерине эч көз каранды абалда болбойт. Ошондуктан тембрдин, негизги тондун үндүк кубулушта өз ара байланыштуу болгондугуна карабастан, интонациянын негизги компоненттеринин бири болуп саналат.**

---

* Об ораторском искусстве. – М.: Знание, 1980. – С. 73.

** Блинов И.Я. Выразительное чтение и культура устной речи. – М.: Учпедгиз, 1946. – С. 151.

Тембрди индивидуалдуу көрүнүш катары да кароого болот. Анткени, ар бир сүйлөөчү адамдын өзүнө тийиштүү, мүнөздүү тембри болот. Ал ушунчалык стилдүү болгондуктан, көрбөсөк да, үндүн тембри аркылуу бизге тааныш адамдын ким экенин биле алабыз. Ал эми тааныш эмес адамдын тембринен эле жашын, салмагын, жынысын айырмалап билүүгө болот.

Көркөм чыгармадагы персонаждардын үстүндө иштөөдө, актер ошол образдын тембрине өтөт. Жазуучу тарабынан сүрөттөлгөн ар бир образды окуганыбызда, ар биринин өзүнүн тембри кулагыбызга угулуп тургандай болот. Көркөм окуудагы мындай угуу жөндөмдүүлүгү көркөм сөз чеберлерине чоң ийгилик алып келет.

Көркөм окууну аткарууда же көркөм окууда окуучу андагы образдардын тембрдик өзгөчөлүктөрүн кантип сезет, угат? – деген суроо берилиши мүмкүн. Биринчиден, көркөм окуучу актердон айырмаланып, көптөгөн персонаждар менен иш алып барат. Актер бир гана образдын үстүндө иштейт, ал образды сценада ар тараптан көркөм, ачык кылып берет. Ал эми көркөм окуучу чыгармадагы болгон образдардын үстүндө иштеп, алардын кыймыл-аракетин, жазуучунун ал образга болгон мамилесин, идеясын, кейипкердин кылык-жоругу менен байланыштырып билет. Биринчиден, актер да, көркөм окуучу да берилген образдардын үстүндө иштөөдө ар биринин өзүнө тийиштүү тембрин чыгармачылык менен колдонушат.

Сөздү сүйлөөдөгү үндүн өзгөрүшү аркылуу автордун чыгармаларындагы кайгы-капаны, кубанычты, толкунданууну окуучуларга так, көрктүү кылып жеткирүү керек. Бир эле монотон менен окуу тембрдин жоюлушуна алып келет, адамды тажатып, уккусу келбейт. Тембралдык боёкчону пайда кылып окуу ар бир адамдын коомдук түшүнүгүнө, билим деңгээлине, чыгармачылыгына байланыштуу чебер ыкма менен айкашат. Бир көргөн

адамдан уккан үндүк тембралдык боёкчону угуучу туюмунда сактап, ким экенин анын өзүн көрбөй туруп эле айта ала турган болот.

Тембр – угуучуну окуяга аралаштырып, көрүнүштү таасирдүү кылып, обертондун жардамы менен бере билүүсү көркөм окуунун негизги куралы болуп саналат. Тембр адамдын үндүк сапатынын көрсөткүчү катары бааланат. Сүйлөөнүн эмоционалдуулугун аныктоодо тембрдин ролу зор.

Адабий чыгармадагы окуяга, образга карата кайгыруу, кубануу, толкунданuу, таң калуу – булардын бардыгы калтырак баскан үндүү боёкчо менен берилиши керек. Туталанган учурда үн каргылданып, кадимкидей эмес өзгөрүп кетет. Үндөгү мындай өзгөрүү, эмоционалдуу окраскалык боёк тембр деп аталат. Айтмакчы, атактуу радио-теле дикторубуз Левитандын согуш учурундагы тембралдык боёкчосу – каардуу окуяны билдирүүсү Гитлерди өтө таасирленткен. Ушундан уламбы, «согушта жеңсек, Левитандын тилин өз колум менен сууруп алам!» деп ал абдан каарданган дешет.

Мимика жана жест

Көркөм окуунун негизги каражаты интонацияга кошумча айтылбаган, сүйлөнбөгөн, өзгөчө таасир этүүчү мааниге ээ тилдик каражат жест жана мимика болуп эсептелет.

Көркөм окууда мимика кеңири колдонулат десек, жаңылышпайбыз. Мимика дегенибиз – көркөм окуу учурундагы окулуп жаткан чыгармадагы автордун оюна карата бет түзүлүшүнүн өзгөрүшү. Өтө берилүү менен чыгармадагы окуяга, образга сүңгүп кирип, тексттеги чындыкка бүт эркин берип окуган окуучулар жайдары, көтөрүңкү көңүлдө же ачууланган түр менен колдорун жаңсап, ж.б. кыймылдарды жасашат.

Ал эми бул мимикага кошумча жест же пантомимика болсо, мимика сыяктуу болгону менен, бүтүндөй дененин

күчөтүлгөн кыймылы жестти колдонуп окуган адам өзү ошол чыгармадагы ички сезимин ой толгонуулары менен окутат. Мыкты адистер ачуулуу, аянычтуу, боор оруй турган жерлерин күчтүү сезим менен үнүн жогору көтөрүп окуса, күлкүлүү жерине күлүп, кайгырса кайгырып, ушунчалык берилүү менен окушат. Психологиялык жест ошол чыгармадагы сүрөттөлүштү ачып берет. Бирок мектеп имаратында окуган мугалимдер мимиканы, жестти өтө этият пайдаланбаса, али түшүнүгү тар окуучуларга шылдың болот.

Бул мимика жана жест драма театрларындагы артисттерде абдан өнүккөн. Биз, мисалы, кино көрүп отурганда, оюн көрүп отурсак, ошол актерлор өздөрүнүн так мимикасы менен, жест менен адамды өзүнө тартып, кошо аралаштырып алат.*

Интонацияга жалпы мүнөздөмө

Интонация – оозеки пикир алышуунун, сүйлөөнүн реалдуу белгиси, көркөм окуунун негизги каражаты. Интонация сүйлөмдөгү айтылган ойду уюштуруп, ой-пикирди тактап, анын коммуникативдик маанисин жана эмоционалдык-экспрессивдик оттенокторун аныктайт.

Кыргыз тилинде интонация – азыркы учурга жете кеңири изилденилип, анын татаал тилдик кубулуштары такталып, толук жыйынтык чыга элек бөлүмдүн бири. Ошондуктан, бул проблемалар жөнүндө көптөгөн тилчи-окумуштуулары быздын бирдиктүү ой-пикири, так аныктамасы жокко эсе.

Бирок интонациянын оозеки сүйлөөдө эле эмес, жазуу речинде чагылдырылышы жөнүндө Л.В.Щербадан

---

* Горбушина Л.А., Николаичева А.П. Выразительное чтение и рассказывание детям дошкольного возраста. – М., 1983. – С. 60–65.

сырткары Н.И.Жинкин да жазууну, текстти окууда «интонациялык компонент... өтө зор роль ойнойт. Окуган адам тексттен жазуучу адамдын калтырган интонациясын окуйт. Ансыз текстти түшүнүп жана туура окууга мүмкүн эмес»* – деген.

Жазууда интонацияны болжолдуу түрдө көрсөтүүчү каражаттардын бири – графикалык (үтүр, илеп белгиси, суроо белгиси, сызыкча, кош чекит ж.б.) белгилер. Бирок орус тилинин текстинде пунктуациясыз эле берилген интонациялык ыкмалар бар экендиги далилденди.**

Албетте, жазуу речинде интонациянын бардык өзгөчөлүктөрү жана нюанстары чагылдырылбайт. Алсак, анда негизги тондун бийиктиги, үн узундугу жана күчү, тембри белгиленбейт. Ошого карабастан, сүйлөмдөрдүн маанисин туура түшүнүп, семантико-синтаксистик жактан маанилик бирдиктерге бөлүштүрүү менен байланыштуу сүйлөөнүн эмоционалдык-экспрессивдик боёкчолук (окраскалык) өзгөчөлүктөрүнүн окулушунда интонация олуттуу мааниге ээ. Үн кубулушунун мындай касиетин мектепте практикалык жактан окуп үйрөнүүнүн, жазуу жана оозеки сүйлөөдөгү прозалык, поэзиялык көркөм чыгармалардын интонациялык жактан экспрессивдүүлүгүн арттыруунун мааниси зор.

Сүйлөөдөгү үн кубулушунун маанисин туура түшүнүү үчүн үндүк каражаттардын эки тибин, б.а. сөздү уюштуруучу үндүк комплекстерден интонацияны ажырата билүү зарыл. Эгерде сөздүн үндүк кыртышы (просодия) ички мазмун менен шайкеш келгенде гана андагы белгилүү бир сөздөрдүн маанисине (М.: жар – мар, гара – кара), сүйлөм деңгээлиндеги негизги фонемалык сос-

---

* Жинкин Н.И. Механизм речи. – М., 1958. – С. 148– 149.

** Черемисина Н.В. Ритмико-интонационная структура предложения в русской художественной речи. В кн.: Синтаксис и интонация. – Уфа, 1969.

тавына «кошумча», өзгөчө-өзүнчө түр берүүчү каражат интонация болуп эсептелет.*

Мисалы, кыргыз тилиндеги лексико-грамматикалык составы жагынан окшош бир эле сүйлөм коммуникативдик максатка ылайык интонациялык жактан ар башка окулат, натыйжада ар башка мааниге ээ болуп, сүйлөмдүн башка коммунативдик тибине өтөт. Салыштырыңыз: *Кар жаап жатат.*

Кар жаап жатат?

Кар жаап жатат!

Интонациянын түзүлүшүнө, катышына карай ойду айтуунун коомуникативдик багыты, максаты, мааниси өзгөрдү.

Ошондой эле логикалык басымдын сүйлөмдөгү сөздүн башына, аягына, ортосуна жылдырып айтылышына шайкеш интонациясы өзгөрүп, сүйлөөчү адамдын коммуникативдик максатына карай сүйлөмдүн маанисин кошо өзгөртөт.

Мисалы: *Мен сага **бүгүн**// кечинде келем.*

*Мен **сага**// бүгүн кечинде келем.*

***Мен**// сага бүгүн кечинде келем.*

*Мен сага бүгүн **кечинде**// келем.*

Ошентип бир эле сүйлөм интонациянын жардамы аркасында семантико-синтаксистик жактан синтагмага бөлүнүп, логикалык басымды сүйлөөчүнүн оюнун негизин ээлеген предикат сөзгө жылдырып айтуу менен сүйлөмдүн маанилик оттенкасын өзгөртөт.

Ар башка лексико-грамматикалык составдагы суроолуу же жай сүйлөмдөрдүн интонациялык жактан айтылышы окшош болгон учурларын да байкоого болот.

Мисалы: *Сен киного барасыңбы?*

Сен кат жазасыңбы?

---

* Черемисина Н.В. Русская интонация: поэзия, проза, разговорная речь. – М.: Русский язык, 1982. – С. 12– 16.

Асан дептер сатып алды.
Роза гүлдөдү ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, интонация сүйлөмдүн айтылышына, окулушуна карай анын лексико-грамматикалык составына карабастан, өзүнчө өзгөчө автономдуулукка ээ.

Ошондуктан интонациялык каражаттар сөздүк кыртыштын үстүндө «экинчи катмарды» түзүп турат. Ушундан улам сүйлөөнүн эки линиялык катмары жөнүндө пикир адетке айланган.* Сөздүн үндүк катмарлары (оболочки слова) сүйлөөдөгү үн деңгээлинин сегментин түзөт.

Ал эми сегментти кабылдоодогу бөлүкчөлөрдү: тыбыш, анын айрым фонемалар менен өз ара байланышы, карым катышы линиялык катарын аныктайт (Ф. де Соссюр боюнча). Интонация менен басым фразанын айтылышындагы үндүк деңгээлдин экинчи катмарындагы суперсегменттик структураны түзөт.

Бул интонациялык (басымдар, интонация компоненттери менен кошо) үн кубулушунун экинчи, линиялык эмес, катмарынын айтылыш деңгээли белгилүү даражада өтө татаал түзүлүштө туруп, көптөгөн функцияларды аткарат.

Интонациянын аткарган кызматы, функциясы

«Интонация» деген термин латын тилиндеги intonare «громко произносить», б.а., катуу сүйлөө дегенди билдирет. Бирок азыркы мезгилде баштапкы сөздүн этимологиялык мааниси терминдин мазмунун ачуудан алыс калган. Анткени, катуу, көтөрүңкү сүйлөөдөн айырмаланып, интонация – азыр татаал үндүк кубулуш

---

* Смирницкий А.И. Синтаксис английского языка. – М., 1957. – С. 17.

экендиги, ал көптөгөн компоненттерден тура тургандыгы аныкталды.

Сөздү сүйлөө процессинде (же ырдоодо), сыртка абаны ооз көңдөйү аркылуу чыгарууда мезгил-мезгили менен үндүн термелүүсү болот. Мындай үн түйүнүндөгү үн толкундарынын татаал термелүүсүнөн чыккан үндүк кубулуштун натыйжасында – негизги тон жана обертондор пайда болот Үндүн негизги тонунун бийиктиги термелүүнүн жыштыгы менен аныкталат да, герц менен эсептелет (өлчөнөт, ченелет, аныкталат). Эгерде убакыттын бирдигине карай термелүүнүн жыштыгы көп болсо, негизги тондун бийиктиги да жогору болот.

Ошентип сүйлөө үн толкундарынын термелүү кубулушунан пайда болгондуктан, интонация анын негизин түзүп, төмөнкү акустикалык параметрлердин: негизги тондун жыштыгы (тондун бийиктиги), б.а., тондун жыштыгынын бир секунддагы бир термелүүсү бир герцке барабар, мындан сырткары тыбыштын спектри, интенсивдүүлүк жана үн узундугу болуп эсептелет.*

Интонация деп, биз тилдеги фонетикалык (физико-акустикалык) каражаттардын жыйындысынын негизинде оозеки сүйлөөнү ритмо-мелодикалык жактан уюштуруп, тилдин эмоционалдуу-экспрессивдүүлүгүн жана интеллектуалдуулугун билдирип, пикир алышууда ар кандай компоненттери менен адам оюн калыптандырган суперсегменттик бирдикти айтабыз.**

Кыргыз тилинин сүйлөөсүн (речин) уюштурууда интонациянын компоненттери төмөндөгүдөй функцияларды аткарат: коммуникативдик жана айырмалоочу (**фонологиялык**), кульминативдик (**бөлүп көрсөтүүчү**),

---

Черемисина Н.В. Русская интонация: поэзия, проза, разговоргая речь. – М.: Русский язык, 1982. – С. 9.

** Дүйшеев Ж. Кыргыз тилинин акцентологиясын изилдөөнүн кээ бир маселелери.// Вопросы киргизского языкознания (тематический сборник). – Ф., 1979. – 199- б.

синтездөөчү (б.а., бүтүнгө **бөлүктөрдү бириктирүүчү**), делимативдик (**чектеп көрсөтүүчү**) жана **эмоционалдык-экспрессивдик функциялар**.

Көптөгөн функциянын бири болгон интонациянын коммуникативдик функциясы пикир алышуунун минималдык бирдиги сүйлөмдү сөздөн жана сөз айкалышынан айырмалап, фразалык касиетке ээ кылып уюштурат. Интонация сүйлөөчүлөрдү өз ара контакт түзүүгө (көбүнчө императивдик же «кайрылуу» мелодикасы), өз ара мамиле түзүүнү көрсөтүүчү (көтөрүңкү тоналдык контур) сүйлөөнүн бүтө электигин же сүйлөнүп жаткан диалогду андан ары улантууну көрсөтөт же информативдик центрдин бөлүнүшү менен байланыштуу маектин бүткөнүн байкоого болот ж.б..у.с. Коммуникативдик функция (жеке, жалпы) менен калган интонациянын функциялары өз ара тыгыз байланыштуу.

Интонациянын өтө олуттуу функциясынын бири – фразанын, андагы сөздүн маанисин айырмалоосу. Сүйлөнгөн же баяндалып жаткан чындыктын маанисин же оттенкасын, боёкчолорун билдирүүдө интонация жардам берет. Орус тилинде маани берүүчү басым менен мелодика - негизги каражаттын бири.

Кыргыз тилинде сөздү сүйлөмдүн маанисинен айырмалоодо басымдын ролу жокко эсе экендиги илимпоздор тарабынан изилденген. Бирок ритмо-мелодикалык үндөштүк (сингармонизм + логикалык басым) мыйзам ченемдүүлүктүн ар түрдүү, ар башка позициясы (кыргыз тилинде) аны сөздүн маанисин айырмалоочу касиетке ээ кылат. Сүйлөмдөгү сөздүн семантикалык маанисин чектеп көрсөтүүдө тыным да зор роль ойнойт. Ар кандай семантико-синтаксистик мааанилик бирдиктерди интонациялык жактан уюштуруп, тыным менен синтагмага чектөөдө кошумча маани келип чыгат.

Салыштырыңыз:

*Асан// **байкуш козу** ачка болду деп тынчсызданды.*

***Асан байкуш//** козу ачка болду деп тынчсызданды.*

Сүйлөөдө сөздүн мааниси мелодика менен тембрдин карым-катышына карай өзгөчө оттенкага ээ болот.

Салыштырыңыз: ***кызматкер – кыз-ма-аткер.*** Бул сөз бирөөнү эркелетүү, мактап-кубаттоо, сүйүнүү маанисинде же жакшы, эң сонун ишмер деп мактоого татыктуу адам катары айтылса, тескерисинче, көрө албастык, ирониялык шылдың, какшык иретинде да айтылат Мындай эмфатикалык басымдагы үндүү тыбыштар атайын таң калган сезим менен узартылып, кайталанып, эмоционалдык абалдын оң жана терс көрүнүшүн белгилейт. Натыйжада интонация бир эле учурда маани айырмалоочу жана эмоционалдык-экспрессивдик функция да аткарат.

Маани айырмалоочу функция менен байланыштуу интонациянын түрү акулмилятивдүүлүгүндө, б.а., контекстке, сүйлөөнүн кырдаалына карай сөздүн маанисин өтмө мааниде колдонуу, мисалы, *кемпай, катын-эркек адам* жөнүндө. Пикир алышуудагы сүйлөөчүнүн максатына карай маанилүү деп эсептелген сөздү бөлүп көрсөтүүчү каражаттын бири маани ажыратуучу **логикалык басым** болуп эсептелет Мындай маанилик каражаттарды билдирүүчү каражаттар ар башка тилде ар түрдүүчө ишке ашат. **Логикалык басым** сүйлөмдүн кайсы жеринде (алдында, артында, ортосунда) болсун, басым түшкөн сөздөгү үндүү тыбыштын серпилүү күчү (интенсивдүүлүгү), үн узундугу (длительность) алда канча жогору болот. Айрым учурда негизги тон жогору көтөрүлүп, (бир эле мезгилде) үн катуу чыгат.

Эгерде логикалык басым сүйлөмдүн акырына түшсө, андагы сөздүн мууну кыскарып, маани берүүчү сөз өтө узарып, жай айтылат. Сүйлөмдөгү сөздүн жай айтылышы

анын маанилүүлүгүн, ойдун негизин ээлегенин билдирет, ал эми тескерисинче тез айтылышы ал сөздүн тексте анчейин, маани берүүчү сөзгө караганда, маани берилбестигинин көрсөткүчү, тилдик каражаттын эрежеси же белгилүү бир маанини чагылдыруучу үндүк бирдик катары эсептелет.

Интонация синтездөөчү (б.а., бөлүкчөлөрдү бүтүнгө бириктирүүчү) **функцияга ээ**. Интонациялык жактан эки же андан көп сөздөр маанилик жактан биригип, синтагманы түзөт. Синтагмалар биригип сүйлөмдү түзсө, бир абзацка жакын көлөмдөгү фразалык маанилик топтор да интонациялык (маанилик) жактан чектелип айтылат. Сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү бириктирүүчү каражаттын бири синтагмалык жана фразалык басымдар, мелодика болот. Мелодика сөздү жана сүйлөмдү бириктирет Ар бир сүйлөм өзүнчө бир тоналдык контурдун, мелодикалык үн кыймылынын ар түркүн ийри чиймесине ээ.

Интонациянын делимативдик (же чектеп көрсөтүүчү) **функциясы** сүйлөөнүн тынымсыз агымын сүйлөмгө, синтагмага, сөзгө, синтагмадан сырткары бирдиктерге чектеп көрсөтүүдөн билинет. Сүйлөөдөгү агымды чектөөчү каражаттардын катарына тыным (пауза) жана мелодика кирет. Булар сүйлөмдүн маанилик оттенкасын билдирип, сүйлөөнү синтаксистик жактан бөлүштүрөт.

Интонациянын эмоционалдык-экспрессивдик функциясы. Пикир алышуучу адам уккан, көргөн, билген же окуган чындыктарына карай толкунданат, аны интонация аркылуу гана чыгарат. Мындай эмоционалдык-экспрессивдикти билдирүүчү каражаттардан болуп, тембр жана мелодика, айрым учурда эмфетикалык, маанилик басымдар, сүйлөөнүн темпи да эсептелет. Мисалы, бир эле «эмгектенбей көлмөдөгү балыкты ала албайсың» деген макалды

тембралдык жагынан бир адам эмгегинин кубанычы, маңдай тердин жыйынтыгы катары окулса, экинчиси бир башка. Мисалы, жалкоонун сарсанаа болуп убайым чеккен абалы менен эмгексиз мүмкүн эместигин көрсөткөн пафосто башкача оттенкалык маани берет. Ошентип сүйлөөчүнүн баяндаган чындыгын же адресатка карата мамилесин чагылдырууда интонациянын эмоционалдык-экспрессивдик функциясы көрүнөт. Жыйынтыктап айтканда, интонация оозеки эле эмес, жазууда, текстте да чагылдырылгандыктан, сөздү, сүйлөмдү уюштырууда сөз жок катышуусу зарыл.

Бирок аны уюштырууга багытталган интонациянын компоненттеринин саны оозеки сүйлөөдө пикир алышуунун шартына, индивидиумдун толкунданууусуна, ж.б. жактарына караса, жазууда сөз чебери жараткан тексттеги автордун чыгармасындагы берейин деген идеясына, каармандын образына, эрдигине, сюжетине, стилине ж.б. жактарына ылайыктуу болот. Ал эми тиешелүү физикалык бөтөнчөлүктөрүнүн өз ара карым-катышы, компоненттеринин саны угуучунун ички сезимин козгоп, жан дүйнөсүн тазартып, асыл сапаттарга үндөп, аны эртеңкисинен үмүттөндүрүп, окуучуга эстетикалык асыл ойлорду, идеяларды тартуулайт.

Сүйлөөнүн техникасы

Конкреттүү пикир алышууда тил каражаттарын чебер ыкмада колдоно билүүнүн амал-айла, ыкмаларынын жыйындысын сүйлөөнүн техникасы дейбиз. Сүйлөөнүн техникасы деген түшүнүк: туура дем алууну, демди (сүйлөөнүн физиологиялык негизин), үндү (тыбышка бөлүнгөнүн) туура, так сүйлөөнү (дикция) өз ичине камтыйт.

а) Туура дем алуу

Дем, негизги, сырткы сүйлөнгөн сөз болуп эсептелинет. Туура дем алуудан үндүн тазалыгы, тактыгы, көркөмдүгү жана тоналдык оттенкалардын өзгөрүшүнө байланыштуу болот. Сүйлөөдөн мурун дем алуу керек. Дем алуу учурунда өпкө абага толот, көкүрөк клеткалары кеңейет, кабыргалар көтөрүлөт да, аба өткөрүүчү диафрагма пластинкалар ылдыйлайт. Аба өпкөдө кармалып турат, сүйлөп жаткан учурда акырындык менен керектелет.

Дем эки түрдүү болот. Эрксиз, айласыз дем алууга: дем тартуу – дем чыгаруу жана тыным кирет. Ал эми (каалоосу менен) ой жүгүртүү учурундагы – дем алып токтолгон тыным менен кошо күчү кеткен демди чыгарат. Туура дем чыгаруу үчүн ар түрдүү көнүгүүлөрдү аткаруу менен жатыктырылат. Мугалимдер сүйлөө техникасын өте кылдаттык менен үйрөнүүсү талапка ылайык келет. Анткени ал көптөгөн илим тармактарына байланыштуу көнүктүрүлөт.*

Көркөм окуучу туура, уккулуктуу кылып окушу (сүйлөшү) үчүн төмөнкү элементтерди жадысына жатка сактоо керек:

1. Дем алуу органдарын сүйлөмдүн узундугуна карай даярдап, туура жөндөө;
2. Үндүн жакшы чыгышын, уккулуктуу болушун камсыздоо;
3. Чыгарма сапаттуу окулуш үчүн сөздөрдү туура артикуляциялоо;
4. Орфоэпиялык жактан сүйлөгөн сөздүн туура, ыктуу вариантын адабий тилдик норманын негизинде иштеп чыгуу.

Дем алуу органдарын сүйлөөгө туура уюштуруу: биринчиден, абаны үнөмдүү, ченем менен пайдаланууга;

---

* Николаичева А.П. Выразительное чтение и рассказывание детям дошкольного возраста. – М.: Просвещение, 1978. – С. 7–8.

экинчиден, физикалык тынымдарда оор дем албастан, көкүрөктү абага толтуруп алууга көнүгүү зарыл.

Көркөм окуучунун үнү уккулуктуу, коңур, так, түшүнүктүү болууга тийш. Сүйлөп жатканда, фонетикалык эрежелерди бузбоого тийиш. Көркөм окуучунун үнү чыйпылдабай, корулдабай, уккулуктуу, коңур болуп, сөздөрдүн жасалышы туура жана так болууга тийиш. Эрксиз же туура эмес дем алууда көкүрөк клеткасынын бир гана бөлүгү иштеп, тез-тез дем тартып, алсыз, аргасыз иштейт. Мындай дем алуу көкүрөк клеткасына абаны тез соруугa аргасыз кылып, бат чарчатып, демди үнөмдүү пайдаланбастан чыгарып турат.

Андыктан туура, эркин дем алуучу аппараттарды көнүктүрүү үчүн белгиленген режимдик жатыктыруулар зарыл. Ал көнүгүүлөрдү аткаруу үчүн көркөм окууну жакшы өздөштүргөн жетекчи же атайын мугалимдер, окутуучулар керек. Мугалим кийинчерээк ошондой эле көнүгүүлөрдү өзүнчө аткарууга окуучуларды машыктыруусу керек.

Көнүгүүлөр: 1. Эңкейбей түз туруш керек. Негизинен ийинге жана моюнга күч келбегендей кылып, бир аз далыны кайрып койгон оң.

Диафрагманын (боор эттин) кыймылын көзөмөлгө алыш үчүн бир колун ичтин үстүңкү бөлүмүнө жана кабырганын кыймылын байкаш үчүн экинчи колун сүбөөнүн үстү жагына коюш керек.

Кенен дем алып, бир аз убакытка кармап, демди таза чыгарат.

Оозду жаап, мурун менен анчейин сезилбегендей дем алып, кайтып мурун көңдөйү менен (5 секунд) абаны чыгарууга болот. Дем алган абаны өпкөгө (2–3 секунд) кармап, акырындык менен чыгарып көнүгүүгө болот.

Оозду кенен ачып, «в» тыбышын айткан сыяктуу демди үнөм менен акырындап чыгарып, диафрагманын кыймылын (4–5 секунд) эсепке алып, кабыр-

ганын иш аракетин аз убакытка кармап, өпкөгө запас аба сакташ керек.

Сүйлөөнүн (сүйлөмдүн) техникасын сүйлөө органдары түзөт, анын негизи биринчи кезекте туура дем алып, акырындык менен дем чыгарууга байланыштуу болот. Адамдар сүйлөө, көрүү жана угуу мүчөлөрү аркылуу байланышып, көздүн кудуреттүү күчүнөн алган чындыктарды үн аркылуу берет. Угуучулар сөз чеберинин көркөм окуусун, ар түрдүү баяндоолорун кулагы менен угуп, ар түрдүү өңү-түсүн (мимикасы), кол жаңсоону, кыймыл-аракеттерин (пантомимикасын) көрүп канагат алат. Сөз кезегин алган ар бир адамдын дене түзүлүшү, өңү-түсү эле эмес, мыкты үнү, сүйлөөнүн кең диапозону, интервалы көп кырдуу болуп, ар түрдүү жатыктырылган үнү гана угуучуларды өзүнө тарта алат. Ошондуктан табигат тартуулаган эң сонун үн адамдарда да сейрек кездешет.

Ал эми үн көркөм, музыкалуу чыгышы үчүн туура дем алуунун ролу зор. Демди акырына жете чыгарууга же дем тартканда ийинди көтөрүп тартууга болбойт. Өпкөгө аба анчейин сезилбестен, адеттеги эле табигый тынымда төмөнкү дем алуу учурунда жогорку төш, сөөк менен кабырга бир аз көтөрүлүп, кыймылсыз абалда болуп, диафрагма (боор эт) гана кыймылдайт. Натыйжада, мындай дем алууну адетте кабырга-диафрагматикасы менен байланыштуу түрү (аргасыз дем алуудан айырмаланып), б.а., эркин дем алуу деп аталат.

2. **№ 1- көнүгүү сыяктуу болгону** менен, дем чыгаруунун убактысы 1 сек. башталып, 10 сек. чейин көбөйтүлөт (күнүгө көнүгүү керек).

3. 3 сек. дем алып, дем чыгарганда угулгандай кылып шашпай 1, 2, 3... 5 жете санаш керек.

1 сек. дем алып, кабыргаларды кыймылга келтирбей үн чыгарып, 1, 2, 3, 4, 5 жете так санаш керек. Кийинки көнүгүүлөрдө да 1 сек. дем алып, 1, 2, 3... 10 жете санап, андан соң үн чыгарып (11, 12, 13... 15), жайыраак шашпай санооого болот.

4. Өзүңөрдүн дем алууңарды төмөнкү текстти көркөм окуп көнүктүргүлө.

Боз үй

Күн ачылды, күлүп чыктык,
Этек-жеңдер сууланып.
Жамгыр кайта көккө кетти,
Үстүбүздөн буулануп.

Боз үй ушул, тоодон тоого,
Кете берчү шашылып.
Кыш бороондо кантип аман,
Калдык экен жашынып?!
(Аалы Токомбаев)

5. Төмөнкү текстти окуп, өзүңөрдүн дем алууңарды текшерип көргүлө. Окуп көргөндөн кийин өзүңөр кенен дем алып окуганда, кошумча аба талап кылгынча, чыгарманын канча жерине жете келгенин белгилеп алуу керек. Тексттеги диалогдун ичинде (ырдагы тыным) майда физикалык тынымдар кайсы сөздөн кийин келишин байкашы керек.

Телефон

– ***Алло, сен кимсиң?***
– *Маратмын.*
– *Атаң кайда?*
– *Үйдө жок. Бирөөлөр сураса, «үйдө жок» деп айтып кой деген.*

Телефондун трубкасын энтеңдеп беш жашар Анара көтөрдү.

– ***Алло, мен угуп жатам,*** *апа.*
– *Жекшен, эмне кылып жатат?*
– *Сабак окуп.*
– *Алтынайчы?*
– *Үйдү жыйнап.*

– А сен эмне кылып жатасың?

*– Сени менен сүйлөшүп.**

6. Алгач текст менен таанышып чыккыла. Үн кошуп окуп, дем алуунун эрежелерин сактагыла. Сөздөрдү ачык, так айтып көнүккүлө.

Кыз жеңесиникине кирип, кайра чыкты. «Тура турсун» дептир. «Жакшы болот» дедим. Турдум, көпкө турдум... Бир маалда эшик ачылды.

– Мүмкүнбү?

– Мүмкүн.

– Жакшыбы? – деп колумду сундум.

– Жакшы, – деди ал ыңгырана.

– Ден соолугуң?

– Жакшы.

– Стол которупсуң, иштериң?

– Жакшы.

– Мен сага бир нерсени акылдашайын деп келдим. Жакшы. – Ал колундагы саатын карап койду.

– Отпуска аламбы деп жатам.

– Жакшы.

– Алиман экөөбүз быйыл бир саякат жүргүзсөкпү дейм, айтор.

*– Жакшы.***

Үн – биздин искусствобузду плацдарм. *Үн менен сөздүн маанисин даана тарта аласың, үндү туюп жапа чегесиң, сүйүнөсүң, үн күчү менен деңиздеги, көк асмандагы, дүйнө жүзүндөгү окуяларды эле эмес, албетте, адам жөнүндө да баян этесиң.*

(В.Яхнотев)

б) Үн

Байланыштуу сүйлөөнү уюштурууда үн катышат. Үндүн угулушу, жаңырышы, анын татаал психологиялык

---

* Бала тили балдан таттуу.// Байчечекей, 1982, № 2. – 9- б.

** Каимов К. Акырын күтпө. – Ф., 1984.

ишмердүүлүгү, сүйлөөчүнүн интеллекттүү багыты, эмоциясы жана эркн. Сөздөрдү сүйлөөдө үн дем алуу менен байланышта болот.

Адам сүйлөрдөн мурда дем алат да, акырындык менен кайра чыгарат. Үн түйүнүндөгү үн жылчыкчасынын байланышын ажыратып жана бириктирүүнүн натыйжасында үн келип чыгат. Көкүрөк клеткасы, таңдай, мурун көңдөйү, тиштер, бет сөөктөрү (лобная пазуха) үн тыбыштарын көрсөткүч кызматын өтөйт.

Үндүн чыгышы, анын үн тыбыштарынын күчөткүчтөргө багытталышы жана анын кандай абалда тургандыгы үндүн күчүнө байланыштуу болот. Ар кимдин үнү добуштун (тембр) кубулушу менен айырмаланат, ушу сапат менен ким сүйлөп жаткандыгын айырмалоого болот.*

Мындан башка сүйлөөдө биз негизги тонду эле эмес, кошумча тонду (обертонду) да угабыз. Бирок мындай кошумча окраскалык индивидуалдык үн ал адамдын таңдайына, мурун, ооз көңдөйчөсүнө байланыштуу болот. Ушул кошумча тон менен жекече адамдын үнүнүн кубулушу жана жаңырышы түзүлөт. Ар бир адамдын үнү өзүнүн бийиктиги, узактыгы, алыска таралышы жагынан башка үндөрдөн бөлүнүп, айырмаланып турат. Өзүңдү курчап тургандардын эле эмес, өзүңдүн сөздөрүңө да кулак салсаң, үндүн чыгуу ылдамдыгын, бийиктигин байкоого болот.

Ар бир кишинин өзүнө туштук тембри болот. Анын тембринен ким сүйлөп жатканын билүүгө болот. Анткени адам үнүндөгү негизги тондон башка да кошумча обертондорду (тыбыштын негизги тонуна бөтөнчө түр берүүчү кошумча тон) угабыз. Тембр көркөм каражат катары адамдагы ар түрдүү ички сезимдерди (кубануу, кайгыруу, толкунданuу ж.б.) үндүн каргылдануусу,

---

* Николаичева А.П. Выразительное чтение и рассказывание детям дошкольного возраста. – М.: Просвещение, 1971. – С. 9–12.

эмоционалдык тембралдык окраскасы аркылуу берет. Мындай кошумча жеке үндүк касиеттер алардын ооз, мурун көңдөйү менен кекиртектеги үн чыгаруучу жылчыкчасынын түзүлүшүнө байланыштуу болот. Жогоркудай обертон менен жеке адамдын үндүк тембри калыптанат. Үн төмөндөгүдөй касиеттерге ээ. Үндөн анын бийиктигин (үн бийиктигин), үн узундугу (темп), үндүн таралуу чеги, б.а., башка үндөрдүн фонунда алыска бөлүнүүчү чегин, серпилүүсүн байкоого болот.

Үндүн күчү менен катуу айтылышынын айырмасын билүү керек. Катуу айтуу үндүн толук чыгышы менен шартталат. Үн күчүнүн ар түрдүү өзгөрүшү бирден-бир көркөм каражат катары эсептелет. Окуган материалдардын мазмунуна карата жай, орточо жана катуу сүйлөөгө да болот. Ылгый катуу же жай окуу бир түрдүүлүктү билдирет. Ошондуктан үндүн ар түрдүүлүгү угуучуларга көркөм, уккулуктуу кабылданат.

Үндүн да белгилүү даражада шакылдаган таасир этүүчү күчү болуш керек. Мындан сырткары, үндүн тазалыгы, б.а. ал уккулуктуу, көркөм болушу зарыл.

Мектептин мугалими (оңдоого болбогон) кирилдеген, кырылдаган, мурду менен сүйлөгөн жармач үнү менен иштөөсү мүмкүн эмес. Анткени менен мугалим өз үнүндөгү айрым бир олдоксон эмес көрүнүштөрдү жумшартып, атайын көнүгүүлөрдүн аркасында оңдосо да болот. Окутуучулар белгилүү режимдин негизинде өздөрүнүн үн түйүнүнө суук тийгизбөөдөн, ага күч келтирбеске, суук күндөрү сыртта көп сүйлөшүп турбоодон сактанышы талапка ылайык келет.

Кандайдыр бир окуяны көркөм баяндап же окуп жатканда үнгө көп күч келтирбегени оң. Мына ушундай жагдайда гана анын үнү көркөмдүктүн оттеногуна: жумшак, элпек, жатык же тескерисинче, чечкиндүү, таасирдүү боло алат.*

---

* Горбушина Л.А. Выразительное чтение и рассказывание. – М.: Просвещение, 1975. – С. 10.

Үн кыймылын төмөнкү ыр саптарынан байкап көрөлү:

Сүйүнгөндө адамдын
Кубана берет жүрөгү.
Өкмөткө ыракмат!
Карганда кайра сүрөдү.
(Ысак Шайбеков)

Үн толкундарынын ар түрдүү кыймылын баамдап, басым түшкөн муундун көтөрүлүшүнө да көңүл бурушу оң. Алгач көнүктүрүүчү окутуучу үндүн көп кырдуу кыймылын ичтен окуп даярдануунда, үн чыгарып айтып, мелодиканын чиймесин түшүрүп алуу да алгылыктуу иш.

1- көнүгүү. Үндүү, үнсүз тыбыштардын өз ара байланышын сактап, табигый угулушун эске тутуп, көтөрүңкү шаңкылдаган үндүн алыска таралышына жетишкиле.

2- көнүгүү. Мурунчул ***«ы»*** тыбышын акырын созуп айтуу менен, үндү көтөрүп катуу айткыла.

3- көнүгүү. Жайырак, созулуңку айтылган: ***ми, мэ, мо, му, мы, ма*** муундарын бир нотанын деңгээлинде ырдаган сыяктанып айткыла. Туура дем алууңарды байкагыла.

4- көнүгүү. Жогорку көнүгүүдөгү муундарды аягынан башын карай: ма, мы, му, мо, мэ, ми деп окуп көнүккүлө.

5- көнүгүү. Текстти маанисине карата үндү көтөрүп катуу шаңкылдап, бирде төмөндөтүп окугула.

Коңур күз

*Ой-тоого **алтын** чачкан күз,*
*Окууга **каалга ачкан күз.***
***Канатташ бардык** мезгилден*
***Жоомарттык жактан** ашкан күз...*

*Карасаң оң, сол **буруп күз,***
***Карыгың келбейт** жашап жүз.*

*Ырысы **жерде жайнаган***
***Маанилүү, сыйчыл** алтын күз.*

Ленин элге бак берген

*Самаганга жетпей **чалгын канатым**,*
*Талаадагы **чымчыктарга** зар айттым.*
***Улуу Ленин, Компартия** болбосо,*
*Мендейлерге **анда кайдан** таң атсын.*
*Улуу Октябрь **жарык нурун** чачканда,*
***Уюп калган жүрөк муңун** тараттым.*

(Абдрасул Токтомушев)

6- көнүгүү. Макал-ылакаптардан турган узун сүйлөмдөрдү окуганда демиңер канча жетишин байкап көнгүлө.

Дүйнө – толкуган океан; анда компас менен сүйгөн суучул бактылуу. Компас болсо – тарбия.

Н.Карамзин.

*Мээнеттен корксоң, **дөөлөткө** жетпейсиң.*
*Эмгектен корксоң, **бактылуу болбойсуң**.*
***Эмгеги аздын** – өрнөгү аз.*
***Эмгекти көрбөгөн,** **ырахаттын** кадырын билбейт.*
*Адам **эмгеги менен** **даңкталат**.*
*Адамды сөзүнөн **тааныбайт**, ишинен тааныйт.*
Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет.

в) Дикция

Ар бир тарбиячы, мугалим сөздөрдү туура, так, түшүнүктүү колдонууга тийиш. Анын сөзү балдар үчүн үлгү катары колдонулат, анткени жаш муундар улуулардай болууга аракеттенип, көбүнчө жаңылыш туурашат. Ошондуктан окутуучу шашпай, түшүнүктүү

кылып өзүнүн сөзүнөн эч кандай каталык кетирбөөгө аракет кылуусу керек. Үндү таза жана так айтууга системалуу түрдө көнүгүп, тигил же бул үндөрдү кайталоо менен иштелип чыгат.

Дикция бул үндүн таза, сөздөрдүн так, даана айтылышы болуп эсептелет.

Үндү ар кандай жатыктыруулар менен эриндердин ар түрдүү кыймылын, жаактын маталып калышын, тилдин жүүнү бош кыбыраңкы абалын, тамшанып, чулдурап, шашып сүйлөөнү, өтө эле жай кекечтенүүнү жоё алууга болот. Тыбыштардын артикуляциялык үндүк өзгөчөлүктөрү кыргыз тили сабагынын фонетика бөлүмүндө өтүлөт. Фонетиканы жакшы билген адам дикция боюнча көнүгүүлөрдү да мыкты аткарат Сөздүн так айтылуусун (тыбыштардын, муундардын) алгач мугалимдин көзөмөлү менен өткөрүп, кийинчерээк өздөрү көнүккөндө (алардын ыкмаларын толук өздөштүргөн соң), окуучулар өздөрүнчө жатыгышса да болот.*

Көнүгүүлөр:

1 Эриниңерди бекем кымтып, ышкыра турган сыяктанып алдыга жүткүнтүп, ооздун чормойгон калыбында эриндерди оңго, солго, жогору, төмөн түшүрүп көнүккөндөн кийин кайрадан түйгөн (тиштиккен) абалда болушу керек. Жылмайыңкы тартканда, жабылган эриндердин арасынан тиш көрүнбөгөндөй болсун.

Ылдыйкы эринди тартканда, астыңкы эриндер көрүнгүдөй, ал эми үстүңкү эринди өйдө көтөргөндө үстүңкү тиш гана көрүнгүдөй болсун.

Төмөнкү жаакты ылдый тартып, үн катыштырбай «а» тыбышын айтканда, тил түз абалда, б.а., ооздү кенен ачып эстегендегидей болушу зарыл. Кайрадан бошоңку

---

* Горбушина Л.А., Николаичева А.П. Выразительное чтение. – М.: Просвещение, 1978. – С. 15.

абалга келтирип, адеттегидей эркин айтып көнүккөнчө жатыгууну кайталай бериши оң.

2. Жогорку окуу жайларынын филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнүн студенттери үчүн арналган окуу китебинин* (Авторлор: Акматов Т., Давлетов С., Сартбаев К., Иманалиев С.) «Фонетика» бөлүмүн окуп чыккыла. (Тыбыш жасоочу органдар, алардын жасалышына көңүл бургула).

Үндүү тыбыштарды жогорудагы көрсөтүлгөн көнүгүү сыяктантып айтып көргүлө, эгерде так айта албасаңар, артикуляциялык жактан кайра-кайра кайталап жатыккыла. Окуучуларды дикцияга көнүктүрүү окуучунун алиппенин тамгасы менен таанышкан мезгилден башталат. Тамга менен бирге үндөрдү, тыбыштарды так айтуунун ыкмаларын үйрөтүү керек. Ушу мезгилде окуучулардын үндүү жана үнсүз тыбышты так айтуусуна, артикуляциялык жактан: *ю, е, ё, я* тамгаларын жана үнсүздөрдүн *г, к, х* тыбыштарынын так айтылышына айрыкча кунт коюу менен көз салышы зарыл. Анткени жаш өспүрүмдөр каткалаң үнсүздөр менен йоттошкон тамгаларды так айтуусу кыйынчылыкка турат Ошондуктан мугалимдердин колунда окуучуларды тамга менен тааныштырган мезгилинде эле муундук таблицасы болушу оң. Таблица вертикалдык багытта болуп, аны кошуп же бөлөк айтып жатыксын. Мисалы:

1.	ма	ша	ра	ла	на
	му	шу	ру	лу	ну
	мы	шы	ры	сы	ны

---

* Ахматов Т., Давлетов С., Сартбаев К., Иманалиев С. Тил илимине киришүү. – Ф.: Мектеп, 1980.

мо шо ро со но

ми ши ри си ни

2. па–да ли–па поп пил–ка

па–ша ли–пы пар пал–ка

па–ра ла–па суп пол–ка

па–рыз лам–пы пол вил–ка

Жогорку муундарды, сөздөрдү анчейин катуу эмес, бирдей күч менен так айтууга көнүксүн. Муундун башкы жана аяккы тыбышын айткандагы тактыгы текшерилсин.

Мугалим 2 – 3 – 4 – класстарда грамматиканын тыбышка тиешелүү бөлүмүн өтүүдө окуучулар менен басымсыз үндүүлөрдү, каткалаң жана жумшак үнсүздөрдү артикуляциялаганда так, ачык айтуусуна жетишүү керек.

Көнүгүүлөрдүн материалы болуп, атайын тандалып алынган чакан ыр түрүндөгү тексттер жана аңгемелер болушу мүмкүн.

Мисалы:

Жетим козу

Жетим козу, жетим козу,
Сөз сурайын токточу.
Кайда барасың?
– Отунга.
– Отунду не кыласың?
– Камыр жууруп нан кылам.

– Нанды не кыласың?
– Мейман болуп кетсин деп,
Үйүмө сотту чакырам.
– Сотту чакырып не кыласың?
– Атам менен энемди
Союп жеген беренди
Соттобогон немени
Уят кылып кызартам.

(Алыкул Осмонов)

Кимдин күүсүн ким чертет?

Ким ырдады, өксөп-өксөп,
Өлөр табын этектеп?
Байчыл акын
Ал ырдады,
Эстеп, эстеп,
Өткөндөрүн эсептеп.
Жапай турмуш,
Сасык айран
Көчкөндөрүн эскерет.
Ук! Большевик,
Рапорт берем,
Кимдин күүсүн ким чертет?
Айткылачы!
Акыйкатты
Өзүм кайдан табылдым?
Мен!
Бир кезекте тентек элем
Толкун кыял эселек.

(Жоомарт Бөкөнбаев)

Ак куу

Ак куу! Ак куу!
Апакай куу,
Аппак куу!
Ак канаттуу,
Жаш канаттуу,
Жапжаш куу!
Табигаттын көркүн ачып жандантkан
Таза кутсуң жаркын мүнөз, жакшы аттуу.

(Сооронбай Жусуев)

Кадам шилтеп

Билген эмес ардагым,
Бир күлкүдөн башканы.
Карап улам жан-жагын,
Там-туң этип басты ары.

Тай-тай, бөбөк, тай, бөбөк,
Таалай багы жай бөбөк.
Кыт-кыт күлүп басканың,
Кумар черин жазганың.

(Исабек Исаков)

Чолпонбай

Дон суусу кайда болсо, ***душмандар ошол жакта эле.*** *Душмандын дзотун талкалоо үчүн* ***биздин бөлүккө приказ берилет.*** *Ал приказды аткаруу үчүн* ***Чолпонбайлар жөнөп калышты.***

Бир аз убакыт өткөндөн кийин, ***Чолпонбайлар*** *Дон суусунун чыгыш жээгиндеги* ***камышка келип токтошту.*** *Чолпонбай дзотко жакындап,* ***жети баштуу желмогуздар***

*менен **арбашты**. Дзот кайда болсо, ошол жактан **каардуу душмандын** октору **мөндүрдөй жаап жатты**.*

Ошентип окуучулардын дикциясын оңдоо үчүн берилген тексттеги көнүгүүлөрдү, ар бир сөздү так, таасын айтуусун, ырдын ритмин таптап сүйлөөсүн талап кылбастан, мугалим тек гана артикуляциялык жактан бурмаланып айтылган сөз менен сөздөрдүн айкашын түзүү керек. Жаш жеткинчектер ырдын же прозалык чыгарманын маанисине туура түшүнүп, ага ылайык темп менен мүмкүн болушунча жөнөкөйлөнгөн көркөм окуунун айрым элементтерин байланыштырып окууга жатыгышы жетиштүү.

Так, даана, ачык окуй билүүнүн ыкмаларын окуучулар орто мектептин V классында «Фонетика» бөлүмүн өткөндө бекемдеп өнүктүрөт. Мына ушул сабактар алардын сүйлөөдөгү үндү уга билүүсүн, тыбыш менен тамганын төп келер-келбес айырмасын билүү үчүн андан ары өркүндөтө алгандай болуш керек. Көркөм окуунун практикасында өтө зарыл маселенин бири фонетика боюнча сабактын көргөзмөлүү өтүлүшүндө, б.а., теоретикалык алган (билимдеринин) маалыматтарынын негизинде тыбыштын жасалуу ыгын, жолдорун, ордун, каткалаң же жумшак үнсүздөрдөн айырмасын, артикуляцияланышын так ажырата алгандай болсун.*

---

* Язовицкий Е.В. Выразительное чтение как средство эстетического воспитания. – Л., 1959. – С. 21.

көркөм стиль

Функционалдык стилдин башка түрлөрүнөн айырмаланып, көркөм стиль адабият тармагындагы акын менен жазуучулардын чыгармаларында адамдын социалдык-коомдук турмушундагы болгон кайгы-капасын, жашоосун, сүйүүсүн ж.б. жактарын сөз күчү менен көркөм образдуу чагылдырат. Көркөм стиль жалпы элдик улуттук тилдеги кандай тилдик каражаттар болсо, аны толук пайдаланып, окурмандарга ойлонууга акыл, эстетикалык сезим тартуулайт Ал башка стилдин түрлөрү менен карым-катнашта, байланышта болуп, коммуникативдик эле эмес, эстетикалык да функция аткарат.

Көркөм стилдеги чыгармаларда каармандын иш-аракетине байланыштуу илимий далилдөөлөр, ачылыштар (илимий стиль) берилип, жыйналыштар болуп, токтомдор кабыл алынып арызданышат (официалдуу-иштиктүү стиль), айыл жергесиндеги адамдар өз ара карапайым эле жалпы элдик оозеки турмуштук сөздөр менен сүйлөшүшөт (оозеки сүйлөшүү стили), алардын сөзүндө публицистикалык стиль да аралаш колдонулат.

Программада көркөм стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш чөйрөлөрү, колдонулуш милдеттери (билдирүү, пикир алышуу, таасир этүү) сүйлөөнүн берилиш өзгөчөлүктөрү, колдонуу боюнча тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик)* болуп берилген.

---

* Кыргыз тилинин программасы. V–XI класстар үчүн. – Б.: Педагогика, 2000.

Көркөм чыгармалардын негизги каарманы – адам, анын руханий жашоо турмушу, ким экендиги, жыргалы менен кууралы, тарткан түйшүгү, күйүнүүчү, сүйүнүүчү, башка адамдарга кылган мамилеси, өңү-түсү, сулуулугу, портреттик сүрөттөө, ажайып көркөм табият сөз күчүндөгү түркүн түс боёктор аркылуу тартылат Адамдар ажайып сулуулукка суктанып, көркөм кеп эстетикалык каражатка, б.а., искусствонун бир формасына айланат Көркөм кептин дагы бир бөтөнчөлүгү – диалогдуулук жана көп үндүүлүктө. Көп үндүүлүк – бул бир эле адамдын үнү (автор менен кейипкердин) аркылуу бир нече үндүн бир эле негизде берилиши.* Ошентип адам сезимине таасир этүү жагынан көркөм адабият өзүнүн музыкалуулугу, сүрөт өнөрүндөгү живописттүүлүктүн сапаттары толук камтылгандыгын адистер билдиришкен.

Көркөм стилдеги негизги максат текстти окуучу адам тарабынан көркөм образдын түзүлүшүнө көңүл бурулат. Максатты ишке ашыруу үчүн жазуучу өтө керектүү, зарыл деп эсептеген сөздөрдү таап колдонот. Көркөм стиль индувидуалдуулукка, вариантуулукка ээ, ага ылайык тигил же бул автордун жеке чыгармачылыгы көркөм стилдин фонунда жаралат.

Демек, көркөм адабий чыгармадагы окуялар, анын идеясы, каармандын мүнөзү, пейзаждык сүрөттөөлөр, конфликттер – бардыгы сөз аркылуу, сүйлөмдөр менен, болгондо да өтмө маанидеги көркөм сөз каражаттары, троптор (метафора, метонимия, синекдоха, гипербола, эпитет, салыштыруу ж.б.) менен макал-ылакап, учкул сөздөрдү ыктуу колдонуп, адамдардын ички сезимин көркөм, элестүү чагылдырат. Ал ар бир автордун жекече чыгармачыл чеберчилигине, стилине байланыштуу болот. Мисалы,

---

* Усубалиев Б. Көркөм чыгармага лингвистикалык илик. – Б., 1994. – 195- б.

Жамийлада сүйүү сезими ойгоно баштаганда, *«баягы **тамашакөй, шайыр мүнөз** келин эмне үчүндүр **жоошуй түшүп**, анын мурда **ойноктогон өткүр көздөрү** эми **ичтен муңдана, тумандуу жазгы күн сыяктуу жылуу мээримге толуп назик тиктейт**. Жолдо кетип бара жатканыбызда, Жамийланын жүзүнөн дайым бир **ой кетпей, ээрдинде үлбүрөгөн күлкүнүн көлөкөсү адашып**, ал өзү гана билген кандайдыр бир нерсеге **ичи жылыгансып**, ошого **сүйүнгөн өңдүү** туюлат. Кээде болсо, тескерисинче, **эси чыккандай**... Жамийла ошондо илгери аттагандан **коркконсуп, дал болуп апкаарыйт**. Данияр болсо, **ал эмне үчүндүр жолобой, көзүн тик кароодон качып**, сырттап жүрдү. Жамийла ага мурункудай эле **назар салбагансып, тоотпой коюуга канчалык аракеттенсе да...****

Автор Жамийланын психологиялык өзгөрүүсүн кичине эле үзүндүдөгү карапайым тил аркылуу, стилдик боёкчолор менен туюндуруп берди. Мисалдагы: Жамийланын ***«жоошуй түшүп, ичтен муңдана, тумандуу жазгы күн сыяктуу жылуу мээримге толуп назик тиктегени»*** деген туюнтмада автор аталган каармандын сырткы турпатын карапайым эле элдик бай салыштырууну катыштырып, көркөм сөз каражаттарын колдонуп, образдуу, көркөм, таамай кылып сүрөттөп, ички ой дүрбөлөңүн чагылдырып берген. Бул стилдик боёкто ар түрдүү кошумча түс бар. Жамийланын **«муңайышында, назик тиктешинде» ички жанга тынчтык бербеген дүрбөлөң**, ысык сүйүү сезими, кусалык, арзуу, жылуулук, оор санаа, Данияргa карата ашып-ташкан махабат көрүнүп турат. **«Алда эмнеден эси чыккандай»** дегенде: ой багуу, апкаруу, сар – санаанын шооласы берилген.

---

* Айтматов Ч. Үч томдон турган чыгармалар жыйнагы, 1 т. – Ф., 1982. – 228- б.

Жогоруда Жамийланын алгачкы сүйүү башатындагы ички сезими, андагы психологизм, образдуулук, негизинен, жогоруда биз сөз кылган троптун түрлөрү аркылуу берилди. Чыгармада сөздөр түз мааниде эмес, өтмө мааниде, бирде сүрөттөө, баалоо, баяндоону камтыган сөздөр катары менен колдонулуп, анын образы жекече мүнөзгө ээ болду.

Көркөм адабияттын стилинде тилдик каражаттарды колдонуу жагынан төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр бар:

1. Лексиканы метофоризациялык ыкмада колдонуу менен образ түзүүдө өтмө маанидеги сөздөр, экспрессивдүү көркөм тилдик каражаттар көп колдонулат.

2. Фразеологизмдер, макал-ылакаптар, учкул сөздөр, идиомалар, туруктуу сөз тизмектери ыктуу пайдаланылат.

3. Синтаксистик системалык жагынан көркөм адабияттын стили оозеки тилдин синтаксисине жакыныраак болот.

4. Көркөм адабияттын стилинде колдонулуучу сүйлөөнү эки түргө бөлүүгө болот:

а) автордун (речь) сүйлөөсү;

б) персонаждын (речь) сүйлөөсү.

Автордун сүйлөөсү ар дайым адабий тилдин нормасына жооп берет, андан чыгууга болбойт. Ал эми персонаждын сүйлөөсү адабий тилдин нормасынан сырткары, образ түзүүгө байланыштуу мезгилдик өзгөчөлүктөрдү көрсөтүш үчүн тарыхый (историзм) сөздөр жана жергиликтүү тилдик айырмачылыктарды: диалектизмди, говорлорду да колдонот.

Мисалы, Ошто чай куйган (чайханада иштеген) адамдын образы ошол жердик тилдик говорго төп келбесе, анын чыныгы жүзү ачылбайт, аны окугандар да ишенбейт. Ошондуктан чайханщик көп акча алуу үчүн чай иччүлөргө жагалданган мүнөздө:

– Ашыр акоов!!

– Лоопбай!

– Битта чой.

– Хоп, ака, хоп! Азыр дояр боладу – дейт.

Жазуучу көркөм чыгармада өзүнүн каарманынын ким экендигине, кайсы доордо, мезгилде жашагандыгына, билимине, социалдык жашоо турмушуна, өнөр-кесибине ылайык, анын өзүнө шайкеш образын ачыш үчүн архаизм, историзм, неологизм, кесиптик сөздөр, диалектизмдер менен сүрөттөөдө стилизациялык ыкманы колдонот. Б.а., стилизациялык ыкма деп, көөнөргөн (адабий тилде эмес) сөздөрдү стилдик максатта колдонууну айтабыз. Мисалы, Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романындагы «Любанын келиши» деген бөлүмдө Украинаны немецтер басып киргенинен улам Касенге кокустан жолуккан Любаны өкмөт Кыргызстанга жашоого жиберип жатканын көрүп, адресин берет: «барсаң, мени аман-эсен жүрөт, салам айтты деп айта бар» десе, айылдагы орусча тил билбеген ата-энелер: Касен келинчек алып жиберген экен деп, тиги тилмеч Бурманы чакыртышат. Бурма: «Аткел, маржа, придеш» – дейт, өзү анын айтканын түшүнбөгөн тилмечке келген жаш аял Касендин келинчегиндей болуп кабылданып, жыйынтыгында кой союп, боорсок бышырып, тойго камынышат. «Батийна» романында молдонун образын анын жаргону менен ачат. «Олуям, биз акрасул алланын пенделери, аллага күнөөлүү – күнайымбыз» – дейт.

Ошентип, диалектизм көркөм чыгармада стилистикалык функцияны аткарат. Ал жергиликтүү улуттук колоритти ачып берүүдө каармандын сүйлөөсүндө колдонулат.

Көркөм адабияттын стили жалпы элдик тилге жакын, көпчүлүккө түшүнүктүү жалпак, элпек, жатык тил менен жазылат. Адабий чыгармалардын стили көпчүлүк окурмандар барктоочу, баалоочу жогорку сапаттагы

стиль, анын тили тилдин өнүгүшүнө таасир этүүчү, сөздөрдү орду менен ыктуу колдонуш жагынан үлгү болуучу тил катары каралат. Көркөм адабияттын тилин, стилин өнүктүрүүчүлөр сөз чеберлери, мыкты акындар, жазуучулар болот. Калем тартууга уста, тилге бай жазуучулар зор таасир этишет Прозалык стилде поэзиялык стилден айырмаланып, азыркы учурдагы активдүү сөздөр колдонулат.

Поэзияда көбүнчө ритмге, рифмага байланыштуу сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартибин алмаштырып, синтаксистик инверсия менен берилет. Максаты, биринчиден, эмоция жаратуу болсо, экинчиден, уйкаштыкка байланыштуу.

Көркөм адабияттарда индивидуалдык лексика көп учурайт. М.: *учак, Жылдызкан, Маңкурт* ж.б. Мында айрым авторлор кайсы бир максатта өз каалоосу менен жаңы сөз жасайт. Бирок ар бир жазуучу каалаганындай атоо менен лексиканы башаламандыкка кириптер кылганы болбойт. Мындай сөз жасоочулук айрым гана учурда, табигый зарылдыктан улам келип чыгат.

Көркөм чыгарманын стилинин башка функционалдык стилдин түрлөрүнөн айырмасы, өзгөчөлүгү, андагы социалдык-коммуникативдик жана эстетикалык функциянын бирдигинде, көп стилдүүлүгүндө, образдуулугунда, көп үндүүлүгүндө. Айрыкча, көркөм тилдик каражаттардын (троптордун), өтмө маанидеги сөздөрдүн, туруктуу сөз айкаштарынын (фразеологизм, идиома ж.б.) кенен колдонулуп, ички сезимди экспрессивдүү чагылдыргандыгында. Ошондой эле адабий чыгармада автордук жекече стилдик чыгармачылыгынын көрүнүшү, стилизациялык ыктын (архаизм, историзм, диалектизм) кеңири колдонулушунда. Жогоруда айтылган көркөм стилдин эмоционалдуу экспрессивдүүлүгү жана типтүү образдын көркөм адабий чыгарманын негизги айырмачылыгы болуп эсептелет.

Көркөм чыгармадагы образдуулук карапайым эле сөздөн жаралат. Мисалы: ***Түлкү*** *– жүнү жакага жарактуу жаныбар*. Мындагы негизги мааниден жакшы көрүү же жаман көрүүгө окшогон баалоо туюнтулбады. Ал эми адамды **«түлкү»** десе, өтмө маанидеги метафора – куу, алдамчы деген баалоо касиетине ээ болот. Көгүчкөн – көбүнчө ак түстөгү канаттуу куш, аны метафоризациялоо менен мааниси башкача бааланып калат. Мисалы: *тынчтыктын* ***көгүчкөндөрү,*** *менин* ***көгүчкөнүм*** *(сүйгөн кыз)* ж.б.

Көркөм адабияттын стили – элибиздин жазма адабиятындагы өнүккөн, калыптанган стилдердин бири. Мындай стилди чыгармачылык менен кайсы бир залкар идеяны ишке ашырыш үчүн жазуучулар белгилүү бир максатта, чөйрөдө образ жаратып, ага ылайык тилдин лексикасы, морфологиялык жана синтаксистик каражаттары тандалып алынат. Стилдин башка түрлөрүнө караганда көркөм адабияттын стилинде тилдик каражаттарды автор кенен, эркин колдонуп, максатын ишке ашыруу үчүн тилдин оозеки жана жазуу түрүндөгү сүйлөөгө мүнөздүү болгон сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдүн бардык түрлөрү кездешет. Авторлор болсо аларды өз лабораториясында иштеп чыгып, нечен электен өткөрүп, анан колдонот.

Ошонун негизинде көркөм стилде сөздөр көп мааниде, өтмө мааниде, ошондой эле эмоционалдуу-экспрессивдүү мааниде да кеңири колдонулат.

ОФИЦИАЛДУУ-ИШТИКТҮҮ СТИЛЬ

Кыргыз Республикасы түзүлүп, өзүнчө конституциясы иштелип чыккандан тартып, өзгөчө официалдуу (расмий) документтердин стили тездик менен өнүктү. Анткени, тилибиздин коомдун ар кандай тармактарында колдонулуш чөйрөсү артып, анын зарылчылыгынан кыргыз тилинде официалдуу-иштиктүү стиль келип чыкты.

Официалдуу (расмий) стилдин негизги милдети ар түрдүү мекемелердин бири-бири менен болгон мамилесин жөнгө салуу, мамлекеттик бийликтин башкаруу органдары менен укуктук мамилелерге тиешелүү калкты өз ара байланыштыруу менен аларды кызмат ишине карай бир тартипке келтирип, баш коштуруу болуп саналат. Ошондуктан официалдуу стилдин негизги максаты өз ара кызыкчылыгы бар эки жактык маанилүү мамилеге жетишин камсыз кылыш үчүн белгилүү бир шарт түзүү болуп эсептелет.*

Официалдуу (расмий) документтердин жогорудагыдай милдети, ал стилде тил каражаттарынын белгилүү тартипте, белгилүү формада колдонулушуна мүмкүнчүлүк түзүлөт. Кыргыз тилинде жазылуучу иш кагаздарындагы жогорку талаптардын туура аткарылышына жетишүү үчүн орус тилиндеги иш кагаздарын которуу жолу (туура жол болуп таанылды) менен кыргыз тилинде иш кагаздарынын үлгүлөрүн иштеп чыгып, пайдаланыла баштады. Иш кагаздарын которууда көбүнчө документтердин башталыш жана аякталыш тартиби, ойдун берилиш ыкмасы өздөштүрүлдү.

---

* Гальперин И.Р. Очерки по стилистике английского языка. – М., 1958. – 431- б.

Ошентсе да официалдуу (расмий) документтердин стилдик, тилдик колдонулуш чөйрөсүнө, өзгөчөлүктөрүнө карай стилдин аталышы да азыркы мезгилге чейин ар башка аталып келет. Приказ тили, канцелярдык тил, официалдык-канцелярдык стиль, официалдык иш кагаздарынын стили, официалдуу документтердин стили, официалдуу-иштиктүү стиль, акырында иш стили. Жогорудагы аталган терминдердин ичинен аткарган функциясы, камтыган чөйрөсү жана ар биринин өзүнө тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрүнө караганда **«официалдуу-иштиктүү стиль»** деген терминди, биздин пикирибизче, ылайык көрөбүз.

Кыргыз тилиндеги официалдуу документтер негизинен эки топко бөлүнөт:

1. Ири официалдуу документтер.

2. Күндөлүк коомдук иштерде колдонулуучу иштиктүү иштер (документтер).

а) Ири официалдуу документтерге, өкмөт тарабынан чыгарылган мыйзам маанисиндеги документтерге, ар кандай мазмундагы мыйзамдар, уставдар, граждандык (укуктук) жана кылмыш (уголовный) актылары, токтомдор, договорлор, жоболор, мамлекеттик билдирүүлөр, указдар, референдумдар, кодекстер ж.б. кирет.

б) Күндөлүк мекеме иштеринде колдонулуучу административдик-кеңселик иш кагаздары, айрым адамдардын арасындагы күндөлүк болуп туруучу иштин жүрүшүндө керек кылынуучу иш кагаздары. Буларга мүнөздөмө, рапорт, приказдар, актылар, справкалар, кулактандыруулар, доклад, билдирүү, күбөлүк, ишеним кат (расписка), тил кат (доверенность) ж.б. камтылат.

в) Официалдуу (расмий) документтердин, б.а., дипломатиялык мамилелерге тиешелүү иштер: коммюнике, конвенция, меморандум, нота, келишим ж.б.

Расмий тил – советтик юристтер, мыйзам чыгаруучулар, лингвисттер жана советтик маданияттын өкүлдөрү иштеп чыккан тил. Аларды иштеп чыгууда бүткүл совет эли түздөн-түз катышкан.

«Советтик мыйзамдардын тили жазма тил болуп саналат. Ал мыйзамдардын тилинин бирден бир гана формасы боло албайт. Анын белгилүү бир этабында оозеки формасы да жашап келгендиги белгилүү».* Бул факт кыргыз тилине да туура келет, анткени кыргыз тилинде адамдардын жүрүш-туруш нормалары, кодекси, өз ара мамилелери, укуктары кат жүзүндө иштелип чыкпаса да, ал жөнүндө айтылган айрым макалалардын, маалыматтардын, оозеки билдирүүлөрдүн бар экендигин байкоого болот.

Өкмөттүк билдирүүлөр, келишимдер сыяктуу официалдуу документтер үчүн саясий-коомдук, илимий-техникалык терминдердин кеңири колдонулушу, анда ойдун бүдөмүк болбостон так берилиши, ар түрдүү татаал сүйлөмдөрдүн орун алышы сыяктуулар мүнөздүү. Бул стиль үчүн экспрессивдүүлүк, образдуулук, эмоционалдуулук мүнөздүү эмес. Сүйлөмдөрдө ар түрдүү метафоралардын ойду каймана билдирүүсү орун албайт.

Кыскасы, иш кагаздары менен мамлекеттик документтердин ар биринин стилдик колдонулушун өзүнчө, жекеме-жеке кароого да болот. Мисалы, иш кагаздарынын ичинен справканы жазганда инверсия жолу менен сүйлөмдүн ээсинен мурда баяндоочунун колдонулушу мүнөздүү. М.: *Берилет ушул справка Акматов Асанга*.

Жогорку Кеңештин указдарында сыйлоо жөнүндө сөз болгондо, сүйлөмдүн «сыйлансын», «дайындалсын»,

---

* Ушаков А.А. Очерки советской законодательной стилистики. – Пермь, 1967. – С. 848.

«бекитилсин» деген этиштердин III жагынын жекелик түрдө колдонулушу мүнөздүү. Ошентип, иш кагаздарын түзүүдө алардын ар биринин мазмунуна жараша сөздөр, сөз тизмектери тандалып, түзүлүшү жагынан сүйлөмдөрүндө кандайдыр стандарт, штамп бар. Демек, жалпы жонунан официалдуу-иштиктүү стиль болуп аталса да, мындай стилди бөтөнчөлүктөрүнө карата өз ара бир нече түргө бөлүштүрүп кароого мүмкүн.

Мамлекеттик масштабда колдонулуучу документтердин (мыйзамдардын, уставдардын ж.б.) тили өтө так келип, ар кандай туура эмес ой жоруулардын болушуна жол берилбейт. Негизги максат документтердин тилине тез түшүнүүдө эмес, туура түшүнүүдө болот, анткени бул документке кызыккан жана аны пайдалануучу адам ага түшүнүш үчүн бир нече жолу кайталап окуп чыгыштан баш тартпайт.* Ар кандай канцелярдык иш кагаздарынын тили түшүнүүгө жеңил, айтылуучу ою кыска жана так берилиши зарыл.

Канцелярдык иш кагаздары болуп жаткан, боло турган ар кандай иштердин түрдүү кырдаалы, андан келип чыгуучу тыянак менен бирге көрсөтүлөт. Справканы кимге, кайда бергени, эмне үчүн берилип жаткандыгы, алган адам кандай жыйынтыкка жетише ала тургандыгы билинип турат. Айтылуучу ойдун берилишине, максаты менен милдетине карай иш кагаздарын **иш жүргүзүү (деловой)** жана **кат жазышуу** тибиндеги кагаздар деп бөлүүгө болот.

Иш жүргүзүү тибиндеги кагаздарда мекемеден же адамдан жооп келишин талап кылбайт, жөн гана ал иштен кабар алат. Мындай кагаздарга: арыз, справка, күбөлүк кат, договор, акт, мүнөздөмө, кулактандыруулар ж.б.

---

* Щерба Л.В. Современный русский литературный язык.// Русский язык в школе, 1939, № 4. – С. 22.

кирет. Бул кагаздардын тили кыска, так болуп, жазуучу тарабынан берилүүчү ой белгилүү бир калыпка (трафаретка) салынып берилет, ар кандай башка кошумчаларга жол берилбейт. Мында башка стилдерден айырмалай турган бирден бир негизги өзгөчөлүк шаблондуулук жана стандарттуулук. Бул өзгөчөлүк тилдин табиятынан келип чыкпастан, официалдуу сүйлөөнүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу келип чыгат. Официалдуу сүйлөөнүн максаты айтылуучу ойдун так, ачык, таамай болушун талап кылат Ошондуктан кээ бир убактарда айтылуучу ой-пикир так, таамай болсун үчүн, бир эле сөздү же терминди бир нече жолу кайталоодон белгилүү бир стандарттуулуктун пайда болушуна алып келет. Бул стилде стандарттуулук (ар түрдүүчө) бир эле сөздүн же фразанын улам-улам кайталанып туруусу аркылуу, ошондой эле тилдик штамптарды колдонуу аркылуу келип чыгат Булардын бардыгы документтердин тилинин так, таамай болушуна багытталган. **«Шаблон»** иштиктүү документтерде көбүнчө ой-пикирди жалпыга түшүнүктүү, конкреттүү берүү жагынан каршы эмес, жардамчы* сапатка ээ болот.

Официалдуу (расмий) документтердин стилине (официалдуу-иштиктүү стиль) документалдык-коммуникациялык функция мүнөздүү. Официалдуу-иштиктүү стиль менен жазылуучу иш кагаздарынын, документтердин үлгүлөрү көп, алар мазмунуна карата төмөндөгүдөй болуп бөлүнүшү мүмкүн:

1. Ар бир киши түздөн-түз өзү жазууга тиешелүү болгон иш кагаздары: *арыз, рапорт, доклад, билдирүү, анкета, мүнөздөмө* ж.б.

---

* Логинова К.А. Деловая речь и её стилистические изменения в советскую эпоху. Сб. «Развитие функциональных стилей современного русского языка». – М.: Наука, 1968. – С. 186.

2. Жеке киши өзүн күбөлөндүрүүчү, кубаттоочу иш кагаздары: *справка, күбөлүк, ишеним кат, расписка* ж.б.

3. Окуяны, фактыны билдирүүчү иш кагаздары* ж.б.

Официалдуу стилде өкмөттүк билдирүүлөр, келишимдер, указдар, буйруктар жана башка официалдуу мүнөздөгү мамлекеттик мааниси бар документтер жазылат.

Официалдуу расмий стилдин советтик доордо өнүгүшүнүн натыйжасында, мейли жеке кишиге тиешелүү иш кагаздары болсун, мейли мамлекеттик мааниси бар иш кагаздары болсун, алардын стилиндеги жалпы окшоштуктар менен бирге, ар бирине таандык болгон өз ара бөтөнчөлүктөрү да бар. Ал бөтөнчөлүктөр сөздөрдү, сөз тизмектерин, сүйлөмдөрдү тандап колдонуудан, берген маалыматынан, ички мазмунунан байкалат.

Жалпылап алганда, мекеме иш кагаздары менен мамлекеттик документтер ички мазмуну, тышкы түзүлүшү жана көлөмү жагынан бирдей эмес, ар башка, алар бири-биринен айырмаланат.

Официалдуу расмий документтердин тили адабий тилдин бир түрү катары тилдин башка стилдеринен өзүнө мүнөздүү болгон лексика-грамматикалык (морфологиялык, синтаксистик) өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Бул стилдин маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – аларда айтылган ойдун так, таамай болушу. Айтылуучу ой канчалык так жана таамай болсо, ал ошончолук түшүнүктүү болот.

Официалдуу стиль башка стилдерден өзүнүн стандарттуулугу жана шаблондуулугу менен айырмаланып турат. Официалдуу сүйлөө өзүнүн табиятына карай айтылуучу ойдун так, ачык, таамай айтылышын

** Сартбаев К. К. Функционалдык стилдер жөнүндө.// Эл агартуу, 1977, № 1.

талап кылат. Ошондуктан айтылуучу ой-пикир так, таамай болсун үчүн, бир эле сөздү, бир эле терминди бир нече жолу кайталоо да белгилүү бир стандарттын пайда болушуна алып келет. Белгилүү бир стандартка жана шаблонго салынып жазылган иш эч кандай көркөмдүктү, эмоционалдуулукту талап кылбайт, башка кошумчаларга (автордун жазуу же сүйлөө манерасына байланыштуу болгон ар кандай өзгөчөлүктөргө) жол бербейт.

Официалдуу расмий тилде автордун индивидуалдуу өзгөчөлүгүн киргизүүгө болбойт. Ошондуктан иш кагаздарында, официалдуу стилге тийиштүү китептерде (конституция, мыйзамдар жыйнагы ж.б.) айрым адамдар жекече көз карашын, ой пикирин жана ага болгон мамилесин айта албайт, анткени андай документтер бир гана адамдын кызыкчылыгын көздөбөйт. Себеби официалдуу документтер бир гана кишинин жараткан эмгеги эмес, ал бүтүндөй бир коомчулуктун же бүткүл элдин жараткан эмгеги болуп саналат.

Официалдуу (расмий) стилдин тилинин көбүрөөк изилденгени – анын лексикасы. Бул стилдин лексикасынан стилдик өзгөчөлүктөр көбүрөөк байкалат. Ал өзгөчөлүктөр төмөнкүлөр:

1. адабий тилдин нормасынан тышкары турган (диалектизмдер, жаргондук лексикалар) сөздөрдүн жоктугу;
2. эмоционалдык жана экспрессивдүүлүк касиетке ээ болбогон, термин катары колдонулган фразеологиялык айкалыштардын колдонулушу;
3. терминдердин кеңири колдонулушу;
4. башка тилдерден өздөштүрүлүп алынган сөздөрдүн жана терминдердин көптүгү;
5. архаизм жана историзм сөздөрдүн жоктугу.

Морфологиялык жактан официалдуу стиль башка стилдерге салыштырганда анчалык деле өзгөчөлүктөргө ээ эмес. Бирок ар бир стиль өздөрүнүн спецификалык

максаттарына ылайык бардык сөздөрдү алардын бардык формаларын бирдей даражада колдоно бербейт. Мисалы, официалдуу стилден төмөнкүдөй бөтөнчөлүктөр байкалат:

1. эркелетүү, урматтоо, кичирейтүү маанисин билдирүүчү мүчөлөрдүн жоктугу;

2. кыскартылган сөздөрдүн көп колдонулушу;

3. зат атоочтордун кеңири колдонулушу;

4. сапаттык сындарга караганда катыштык сындардын көптүгү;

5. Этиш сөздөрдүн көпчүлүгү учур, келер чактын негизги жана туюк мамиледе учурашы;

6. байламталардын көп колдонулушу;

7 сырдык сөздөрдүн жана тууранды сөздөрдүн жоктугу.

Бул стилде айтылуучу ой-пикир эреже катары жайынча баяндалат. Ошондуктан, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөр кездешпейт да, өңчөй жай сүйлөмдөр колдонулат.

Официалдуу стилдин синтаксистик өзгөчөлүгү-баарынан мурда айтылуучу ой-пикирдин (уютумдуу) өз ара ажырагыс түрдө байланыштуу берилишинде. Ошондуктан бирдиктүү логикалык ойду түшүндүрүү үчүн ар түрдүү синтаксистик конструкциялар катышкан кошмо сүйлөмдөр кеңири колдонулат.

Официалдуу (расмий) стилдин синтаксистик өзгөчөлүктөрүнүн бири – анда колдонулган сүйлөм мүчөлөрүнүн туруктуу орун тартиби:

а) сүйлөмдүн ээси баяндоочтон мурун келип, сүйлөмдүн баш жагынан орун алат;

б) аныктооч өзүнүн аныкталгычынын алдында келет;

в) толуктооч өзү толуктаган сөздүн алдына келет;

г) бышыктоочтор өздөрү бышыктаган сөзгө жакын жерден орун алышат.

Окуу программасында официалдуу иштиктүү стиль, анын түрлөрү жөнүндө жалпы маалымат (официалдуу жана официалдуу эмес иш кагаздары) берүү жагы каралган. Официалдуу эмес иш кагаздары, анын мүнөздүү белгилери; кулактандыруу, арыз, рапорт, чакыруу билети, справка, тил кат, ишеним катты үйрөнүү маселеси коюлган.

Акыркы жылдары стилистика илимин изилдөөчүлөр, официалдуу (расмий) стилди ар кандай чөйрөдө, максатта, аспектиде колдонулушуна карай төмөндөгүдөй классификациялашты (биздин пикирге шайкеш келгендери):

1. Формасы боюнча:

а) Оозеки формадагы иш тексти (оозеки тапшырмалар, доклад, жарыш сөздөр);

б) Жазуу формасындагы иш тексттери (маалыматтама, билдирүү).

2. Мазмуну жана арналышы боюнча:

а) **Өздүк иш тексттери** (арыз, өмүр баян, түшүнүк кат, тил кат, кызмат сапар отчету ж.б.);

б) **Расмий иш тексттери** (кеңседе аткарылган бардык документтер, буйрук, отчет ж.б.);

в) **Дипломатиялык иш тексттери** (нота, билдирүү, меморандум ж.б.).*

3. Жалпы табияты боюнча:

а) **Расмий иш тексттери**. Буга мыйзам түрүндөгү жана дипломатиялык иш тексттери кирет (мыйзам, указ, программа, токтом, келишим, жобо, меморандум, буйрук, билдирүү);

б) **Расмий эмес иш тексттери**. Буга административдик-кеңсе жана жеке мүнөздөгү иш тексттери

---

* Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. Функционалдык стилдер. – Б., 2004.

кирет (маалымдама мүнөздөмө, тизме, токтом, буйрук, көрсөтмө, арыз, өмүр баян, ишеним кат, түшүнүк кат, келишим, эсеп-кысап, акт, билдирүү ж.б.).*

Жыйынтыктап айтканда официалдуу-иштиктүү стилдин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү төмөндөгүдөй:

1. **Тактык**. Б.а., айтылган түшүнүктүүлүгү башкача талкуулоого жол бербестик. Мындай тактыкты сактоо үчүн эң зарыл каражаттардын бири күн мурун даярдалган бланктарга таандык.

2. **Стандартталгандык**. Б.а., үлгүнүн негизинде бир типтеги документтер менен окшош жазылгандыгында... Айрыкча, башкарууга байланыштуу иш кагаздары атайын кабыл алынган формулярга ылайык жазылат. Үлгү боюнча даярдалган (басмадан чыгарылган), стандарттуулукка негизделген трафареттүү бланктарда ар бир адам өзүн жазуучу бош саптарды кол жазма менен толтурат да, калганы окшош болот.

3. **Жалпыланган жаксыздык**. Б.а., императивдүүлүк, латын тилиндеги – буйруу, буйрук берүү. Административдик башкарууда айрым иш кагаздары мекеменин, ишкананын, уюмдун, фонддун көбүнүн документтери жеке адамдын атынан эмес, бүтүндөй бир (мекеме, уюм, фонддун) мамлекеттин атынан жиберилет.

Документтердин реквизити дегенибиз – бул иш кагаздарынын айрым түрүнө эң зарыл болгон болгон юридикалык документ. Реквизити, б.а., документтин аталышы, автору, адресаты, тексти, индекси, датасы, коюлган колу болбосо, андай иштер жараксыз деп табылат. Кошумча реквизит катары: приказдар үчүн жарыяланган орду, токтомдор үчүн катышуучулардын составы** ж.б. берилет.

---

* Маразыков Т. Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы. II китеп. – Б., 2005. – 45- б.

** Давлетов С.А. Байланыштуу речь. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б., 1999. – 46–47- бб.

Ишеним кат (расписка) – жеке адамдардын, же мекеме, ишкана, окуу жайлар тарабынан көрсөтүлгөн кандайдыр бир ишти аткаруу үчүн же берүү үчүн ишеним документ. Ишеним кат официалдуу, иштиктүү, б.а., кызматтык жана адамдардын ортосундагы мамиле иретинде жазылат.

Официалдуу ишеним болсо, жеке адам, мекеме тарабынан өзүнүн кызматкерин бир коомдук, кызматтык ишти аткаруу үчүн берилет. Башка уюм, мекеме, окуу жайлар менен келишим түзүп, окууга ж.б. кабыл алат.

Официалдуу ишеним каттар эрежеге ылайык типтүү бланкага жазылып, ал белгилүү бир мөөнөткө жете берилет. Аталган каттын мүнөздүү өзгөчөлүгү: кыска мөөнөттө, бир нече жолу узартылышында; ишеним берген, ишеним көрсөткөн жактар кол коюп, мөөрүн басат. Көбүнчө эмгек акы алууда, пенсияны, стипендияны, бир нерсени сатып же сатып алууда ж.б. учурларда колдонулат.

Текстинин структурасы:

1. Ишеним берген жана ишеним кат алган тараптын толук аты-жөнү;
2. Ишеним каттын мазмуну;
3. Ишеним берген адамдын колу, күбөлөндүрүүчү күбөлүгү;
4. Мөөрү.

Официалдуу-иштиктүү стилдин расмий эмес түрлөрүнө үлгү берилди.

Справка

Бул справка Акжигитов Бакытка берилет, себеби ал 1993–94- окуу жылынын 1- сентябрынан баштап Жумгал районундагы Мыскал Өмүрканова атындагы орто мектептин IX классында окуп жатат.

Мекеменин штампы, датасы, айы,

жылы

Справка Талас райондук балдар ооруканасына көрсөтүү үчүн берилет.

Мектептин директору: Керимов К.

Ишеним кат

Чарбанын штампы, датасы, айы, жылы

Бул ишеним кат Кемин ОСОО чарбасынын бухгалтери Молдоев Канатка берилет, себеби бул адам 14- февралда чарбадан беш кап буудай алат. Паспорту V–ГС № 644750. Кемин райондук ички иштер бөлүмү тарабынан 1990-дын 16- январында берилген. Молдоев Канаттын колун күбөлөндүрөм.

Чарбанын баш бухгалтери: Аманов А.

(колу, мөөрү)

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин ректору А.Ч.Какеевге ушул эле университеттин кыргыз филологиясы факультетинин V курсунун студенти Асанов Акматтан

Арыз

Мага 2004–2005- окуу жылында бюджеттик бөлүмдө кыргыз тил илими кафедрасынан тема алып,

аспирантурадан окууга уруксаат берүүңүздү өтүнөм.

Арыз ээси: А.Асанов.
9- сентябрь, 2004- жыл.

Тил кат. Тил кат (доверенность) окуу жайларында, мекемелер менен коомдук уюмдар, жеке адамдар тарабынан берилет. Булар (мекемелерде, уюмдарда) атайын типтүү бланкаларга жазылат. Жеке адамдарга берилүүчү тил каттар актай кагазга жазылып, аны күбөлөндүрүүчү документи толук катталат. Тил катты бирөөлөрдөн карызга акча же материалдык буюм алганда, белгилүү бир мөөнөткө арендага жер, дүкөн алганда, алган убактысы жана кайтарып алуу күнү так көрсөтүлөт.

Тил кат берүүдө:

1. Берилген акчанын суммасы жазуу түрүндө алган адам тарабынан өз колу (подчерки) менен жазылып, анын паспортунун толук көчүрмөсү, дареги берилет.
2. Тил кат берген адамдын иштеген, окуган жери, дареги,
3. Алып жаткан буюмдун саны, баасы (цифра жана жазуу түрүндө) көрсөтүлөт;
4. Тил каттын мазмунунда алыштын максаты,
5. Кайтарып берүүнүн мөөнөтү чагылдырылат;
6. Тил кат берүүчүнүн толук аты-жөнү, берген жылы, күнү жазылып, колу коюлат;
7. Тил катты күбөлөндүрүүчүнүн ким экени, иштеген же окуган жери көрсөтүлүп, колу коюлат.

Тил кат (үлгү)

Мен, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетинин III

курсунун студенти Ашымов Алмаз ТСО бөлүмүнүн башчысы Акматов Ашымдан студенттер күнүнө карата өткөрүлүүчү кечеге керек болгон магнитофон (1 даана), микрофон (2 даана) алгандыгым үчүн тил кат берем.

Ушул айдын он бешине (15- июнь) чейин кайра өткөрүүгө милдеттенем.*

Ашымов Алмаз (колу)
(күнү, айы, жылы)
Декан күбөлөндүрөт (колу)
(Мөөрү басылат)

Өмүр баян

Мен, Осмонова Гүлбара, 1970 жылы 8 мартта Базар-Коргон районундагы Каба айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулгам.

1977- жылы Талды-Булак колхозундагы Катар-Жаңгак орто мектебинин 1 - классына бардым.

1987- жылы Уркуя Салиева атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктадым.

1989- жылы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтуна кирип, 1993- жылы бүтүрдүм.

1993- жылы 17 ноябрдан баштап, Бишкек шаарындагы мугалимдерди кайра даярдоо факультетинин кыргыз тилинен орус мектепте сабак берүүчү мугалим адистигине окуп жатам.

15.04. 1994.

(колу) Г.Осмонова

---

* Кептин официалдуу иш стили. – Б., 1999. – 23- б.

Ишеним кат

Мен, Асанова Салтанат, мага тиешелүү 1990- жылдын сентябрь айындагы 200 (эки жүз) сом айлык акымды алууну жолдошум Ташиев Жолчуга ишенем.

Паспорт сериясы

№

Катталган жери:

(колу) С.Асанова

5.04. 1990.

Асанова Салтанаттын колун күбөлөндүрөмүн.

5.04. 1990.

Мектептин директору Б.Алымов

(Мектептин мөөрү)

Справка

Бул справка Саматов Алмазга берилет, себеби ал 1990–1991- окуу жылынан баштап Ноокен районундагы Манас орто мектебинин III классында окуп жатат.

Справка Ноокен райондук билим берүү бөлүмүнө көрсөтүү үчүн берилди.

Мектептин директору: (колу)

Катчысы (колу)

(Мектептин мөөрү)

Жарыя

20–24- апрелде Салиева атындагы колхоздо «Күлкү менен, ыр менен» аттуу чоң программадагы концерт болот.

Башталышы: саат 17.00дө.
Билеттин баасы – 10 сом
Айылдык маданият үйүндө өтөт.
15.04. 1994- жыл.

Мүнөздөмө

Бул мүнөздөмө Нарын областынын Жумгал районундагы Чоң-Арык орто мектебинин бүтүрүүчүсү Турдалиева Бактыгүлгө берилди.

Турдалиева Бактыгүл 1970- жылы Жумгал районундагы Кыз-Арт айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1977- жылы Чоң-Арык орто мектебинин 1- классына кирип, 10- классты 1987- жылы бүтүрдү.

Мектепте жакшы окугандыгы жана үлгүлүү жүрүш-турушу менен окуучулардын арасында кадыр-баркка ээ болуп, коомдук иштерге активдүү катышкан.

Мектепте мугалимдин берген тапшырмаларын так аткарып, окуучуларга үлгү көрсөттү. VII класстан баштап эле химия, биология сабактарына көңүл буруп, ийримдерге активдүү катышты.

Бактыгүл кичи пейилдиги, үлгүлүү жүрүш-турушу менен бир нече мактоо грамоталарына ээ болду.

Мүнөздөмө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин биология факультетине кирүү үчүн берилет.

Мектептин директору: Асанов А.
Класс жетекчиси: Нурбекова С.

18.06. 2005- ж. (Мектеп директорунун мөөрү)

Токтом № 1.

5-а классынын окуучуларынын жыйналышы.
20- сентябрь, 1993- жыл.
25 окуучу катышты.

Жыйналыштын төрагасы – А.Касымов.
Жыйналыштын катчысы – Б.Бектурганова.
Күн тартиби:
1. Биринчи чейректин жетишүү жыйналышы.
2. Консультация өткөрүүнүн иши жөнүндө.

Угулду: Класс жетекчиси З.Сарылбекова окуучлардын жетишүү, катышуусу боюнча баяндама жасады.

Экинчи маселеге байланыштуу А.Эшенкулова тарых сабагы боюнча өз ара жардамдашуу тобун түзүүнү, консультациялар өткөрүлүшүн сунуш кылды.

Жарыш сөзгө окуучулар: К.Турумбекова, К.Медетовдор чыгышып, өз ойлорун ортого салышты.

Жыйналыш токтом кылат:

1. Биринчи чейректе жетишпегендерди шефке алууну уюштуруу класс жетекчисине тапшырылсын.

2. Тарых сабагынын мугалими Т.Бекешовдон кошумча консультация өтүп берүү жагы суралсын.

Жыйналыштын төрагасы: А.Касымов.
Жыйналыштын катчысы: Б.Бектурганова.

Кулактандыруу

1994- жылдын 24- майында Бишкек шаарынын Орто-Сай базарында чоң ярмарка өткөрүлөт.

Анда төмөндөгүлөр сатылат:

1. Элге керектелүүчү чарба буюмдары.

2. Убактылуу колдонулуучу үй буюмдары.
3. Мектеп окуучуларына керектүү окуу куралдары.

23- май, 1994- жыл.
Орто-Сай базарынын администратору.

Көңүл бургула!

Жаңы жылдык кечени өткөрүүгө белгилүү драматург Мар Байжиев жетектеген жазуучулар тобу келишти. Кечеге бардык мугалимдер катышыңыздар.

Кече мектептин чоң залында 2004- жылдын 15- июнь күнү саат 17.00дө башталат.

Мектеп администрациясы.

илимий стиль

Аталган стилдин негизги максаты – илимдин ар кандай чөйрөсүндө (илимий-педагогикалык) илимий мекемелер менен окуу жайларындагы ачылыштар, жаңылыктарды так, логикалуу билдирүү.

Илимий стилдин аткарган негизги функциясы тек гана логикалык информацияны билдирүү эмес, анын чындыгын факты-материалдар, аргументтер менен далилдөө, айрыкча ал ачылыштын жаңылыгын, баалуулугун көрсөтүүдө болуп эсептелет. Далилдөөнүн мындай функциясы формалдуу түрдө стилдик структурасында катталган. Алсак, математикалык илим тармагында аргументтин өзү илимий далилдөөгө негиз боло алат.

Илимий стилдин экинчи функциясы анын негизги функциясынын негизинде (угуучулардын) логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Илимий-окуу подстили катары (б.а., илимий стилдин ичиндеги майда, өзгөчөлөнгөн стилдик бөлүкчө) аталган стиль өзгөчө биринчи катардагы мааниге ээ болот. Ал эми **илимий-популярдык подстилдин** максаты – илим тармагы боюнча адис эмес адамдардын көңүлүн бөлүп, аларды жаңы информациялар менен жабдып кызыктыруу.

Илимий стиль негизинен илимдин үч тармагына шайкеш үч подстилге бөлүнөт: 1) **таза илимий стиль**, буга илимий ачылыштар, илимий изилдөө иштери (кандидаттык, докторлук диссертациялык эмгектер), монография менен макалалар, реферат, автореферат, илимий билдирүүлөр, илимий докладдар ж.б. кирет; 2) **илимий-окуу тармагынын стили** окуу китептерин, методикалык окуу куралын, илимий докладдын тезисин, дипломдук, курстук иштерди, илимий рефератты ж.б. өзүнө камтыйт; 3) **илимий-популярдык подстиль** эсебине

(точечный) аныктап туура массаждоо, дары чөптөр, дене тарбиялык көнүгүүлөр, чуркоо менен дарылануу, суу менен дарылануу ж.б. жөнүндөгү жалпы эл массасы үчүн чыгарылган адабиятты кошсо болот.

Мындан сырткары, илимий стилдин түрлөрү ар кандай илимдин циклинде ар башкача болот. Мисалы, физика-математикалык жана коомдук-саясий илимдердин стилдик өзгөчөлүктөрү ар башка. Ошол эле физика-математикалык түрүндө негизги маани берүүчү системалык каражат математикалык символика же математиканын «тили» болуп эсептелет. Мындай илимий стилдин түрүндө эмоционалдуулукка, сүйлөө лексикасына орун жок.* Бирок илимдин ар башка тармагында илимий стилдин ыкмасы жагынан аздыр-көптүр айырма болушу мүмкүн, аны толук чагылдыруунун эч негизи жок.

Окуучулар илимий стиль, анын мүнөздүү белгилерин: колдонулуш чөйрөлөрүн, колдонулуш милдеттерин, сүйлөөнүн берилиш өзгөчөлүктөрүн, тил каражаттарын окуп үйрөнүшөт. (Кыргыз тилинин программасы).

Изилдөөчү адистердин аныктоосунда илимдин максаты – коомдогу, дүйнөдөгү кубулуштарды объективдүү чагылдырып, андагы илимий ачылыштын чындыкка дал келерин аныктоо. Ар кандай илимий стилдеги эмгектерде илимпоздор өзү тандаган теманы изилдөөгө ылайык, анын методуна, окумуштуулардын эмгектерине таянып, теориялык чындыктарды бай аргументтердин, фактылык материалдардын негизине таянып далилдейт. Анын жыйынтыктары (чындыктар) жалпылаштырылат, б.а., индукция методу колдонулат. Анын тескерисинче, жалпы окшош фактылар өз ара салыштырылып, жеке көрүнүштөргө да өтөт, ошонун негизинде дедукция методу менен да изилденет.

Мисалы: «Тарыхый-хроникалык **маалыматтарга караганда**, биздин доордун **башкы кылымдарында** эле

---

* Барлас Л.Г Русский язык. Стилистика. – М., 1978. – С.59.

Борбордук жана Орто Азияда көчмөн уруулар жашап, булардын түпкү теги хун* жана динлиндердин уруу бирикмесине **барып такалат**. Динлин жана хун деген ат менен ал кездеги **турмуш-тиричилиги окшош** келген көчмөн уруулар аталган деген **ойлор айтылууда**».**

Көрсөтүлгөн мисалдагы илимий стиль менен берилген текстте «хроникалык» фактыга таянып, илимий адабияттардын негизинде жалпыланган тил каражаттары, б.а., ***маалыматтарга караганда, башкы кылымдарында, барып такалат, турмуш-тиричилиги окшош, ойлор айтылууда*** деген туюнтмаларды, сөз тизмектерин колдонгон. Берилген мисалда ырааттуулук, логикалуулук сакталып, факты-материалдарга, маалыматтарга ой калчап пикир айтылды.***

Окуу китептеринде, илимий-методикалык мүнөздөгү илимий адабияттарда, айрыкча, илимий-популярдык макалаларда адис эмес окуучуларга – элдин калың катмарына арналгандыктан, андай чыгармаларда терминдер түшүндүрүлүп берилет, образдык салыштыруулар колдонулуп, тактыктын даражасы төмөндөп, анда темага тиешеси бар да, жок да маселелер кенен камтылат. Ошентип илимий стиль өзүнүн мүнөздүү өзгөчө сапаттарынан айырмалуу өзүнчө **илимий-популярдык стилдин подстилдик түрүнө** өтөт.

Илимий стилде жазылган чыгармалардын максаты – сунуш кылынган гипотезанын чындыган далилдөө. **Ошондуктан илимий тексттеги бардык тилдик каражаттар эки негизги милдетти аткарууга багытталат. Алар: информативдик жана таасир этүүчүлүк**. Бирок, таасир этүү публицистикалык стилден айырмаланып, илимий текстте автор тарабынан берилген аргументтүү далил-

---

* Бернштам А.Н. Очерки истории хуннов. – Л., 1951.

** Орхон-Енисей тексттери. – Ф., 1982. – 6- б.

*** Кожина М.Н. Стилистика русского языка. – М., 1977. – С. 160–161.

дөөсүндө андагы ойдун логикалык жактан ачык, так берилишине байланыштуу көңүлдүн борборунда болот.

Логикалуулук, тактык, ачыктык жалаң эле илимий стилге тиешелүү сапат эмес. Мындай сапат – публицистикага, ал тургай оозеки сүйлөшүү стилине да зарыл сапат. Бирок илимий стилдеги чыгармалар мындай сапатсыз жазылышы, сүйлөнүшү мүмкүн эмес.*

Жыйынтыктап айтканда, **илимий стилдин эң негизги өзгөчөлүктөрү**:

1. Логикалуулук. Илимий стилдеги бардык тексттин бирдиги, маанилик жактан ажырагыс болуп, катар тартипте, ырааттуулук менен жайгашат. Анын мүнөздүү белгилеринин бири мазмунга маани берүүчү кичине бөлүкчөлөр айкашып, ой жүгүртүүнүн жекеден жалпыга, же жалпыдан жекеге карай себеп менен натыйжаны аныктоо үчүн ырааттуулукта туюндурууну максат кылып коёт. Логикалуулукту билдирүүчү тил каражаттары болуп, ***биринчиден, экинчиден*** деген сыяктуу киринди сөздөр, шартты, шартталгандыкты билгизүүчү татаал сүйлөмдөр, ой корутунду чыгаруучу сөздөр, ***демек, ошентип, ошондуктан, анын натыйжасында,*** мисал, атоочтуктар, чакчыл түрмөктөр эсептелинет.

2. Тактык. Илимий стилдеги тактык сапаты көрсөтүлгөн, айтылган ой-пикирди угуучу, окуучу адам туура түшүнсүн үчүн терминдерди, сөздөрдү түз маанисинде, так колдонот. Терминдер так болсо да бир түшүнүктү билдирип, илимий тактыкты камсыз кылат.

Илимий тексттеги тактыкка коюлган катуу талап анда образдык, тилдик каражаттарды – метафораны, эпитетти, же көркөм салыштырууларды, макалдарды, эмоционалдык-экспрессивдик каражаттарды колдонууда чек коюлат. Бирок мындай тилдик каражаттар эгерде сейрек болсо да илимий чыгармаларда колдонулуп калса, анда илимий стилдиги далилдөөнүн жөн эле

---

* Стилистика русского языка. – Л., 1982. – С. 197–200.

тактыгын эмес, аны көрүнүктүү, далилдүү да кылып берүүгө жардам берет.

Ар бир илим тармагынын терминдери болот. Алсак, тил илиминин фонетика бөлүмүндө: эксперименталдык фонетика, суперсегменттер (интонация, басым), синтагма, физикалык-акустикалык тилдик каражаттар ж.б. Лексикада семантика, лексикология, морфология менен синтаксисте да ар бирине ылайык терминдер көп. Мындай көп сөз менен түшүндүрүлө турган терминдерди маанилик жактан жалпылап колдонуу менен илимий стилдин тактыгын арттырат.

3. Жалпылангандык. Илимий стилде тигил же бул конкреттүү көрүнүштүн керт башына тиешелүү жеке бөтөнчөлүктөрдү эмес, ***жалпысынан алганда, мүнөздүү түрдө, эреже катары, көбүнчө, басымдуу түрдө*** деген сыяктуу сөз тизмектери колдонулат. Изилдөөчү автордун жөнөкөйлүгүн, карапайымдуулугун билдирип, «мен» ат атоочунун ордуна «биз» деген ат атоочту пайдалануу менен жалпылангандыкты билдирет. М.: ***биздин оюбузча, биздин пикирде, биздин көз карашта, бизче*** ж.б.

4. Объективдүүлүк. Илимде изилдөөгө алган теманын өз табиятына ылайык баяндоо менен жекече сезимдерге берилбестен, факты-материалдарга, аргументтерге таянып, окумуштуулардын (айтылган темада) иштеген эмгектеринен цитата түрүндө алган пикирин өзүндөй кылып шилтеме берип, ага акыл калчап, анан объективдүү жыйынтыкка келет. Мына ушундай объективдүүлүк сакталган учурда ички сезимди билдирүүчү эркелетүүгө, жек көрүүгө, сыйлоого, урматтоого ж.б. маанидеги илептүү сүйлөмдөр негизинен колдонулбайт.

Ал эми изилдөөчү илимпоз башка адамдардын ой-пикирин урматтоо үчүн анын оюнча, анын пикирине караганда, Сиздин пикириңиз боюнча ж.б. кириндиси сөздөрдү да пайдаланат.*

---

* Давлетов С.А. Байланыштуу речь. Мугалимдер үчүн колдонмо. – Б., 1999. – 47- б.

Илимий стилде жазылган курстук, дипломдук (реферат) же башка илимий изилдөөлөрдө болсун, өзүн алган теманын тандалышына, актуалдуулугуна, жаңылыгына, максатына, изилдөөнүн методуна, андагы негизги маселеге, тарыхына, изилденишине кыскача кириш бөлүмүндө обзор берилет.

Андан соң илимий иш главларга (баптарга) бөлүнүп, анын аталышы берилет. Главалар, баптар параграфтарга – майда бөлүктөргө бөлүнүп, анын да аталышы болот.

Айтылуучу ой-пикир **логикалык** байланышта туруп, ырааттуулук сакталат. Аталган стилдеги **тактык**, б.а., тилдик каражаттарды, терминдерди, сөздөрдү түз маанисинде ыктуу колдонот. **Логикалык ой** главаларда, параграфта бири-бирин толуктап, маанисин, жаңылыктарды, ачылыштарды оңой түшүнүүгө жетишүү керек. Өзгөчө сапаттын бири болгон **жалпылагандык**, б.а., илимпоздун «мен» деген ат атоочту колдонбой, өзүнүн жөнөкөйлүгүн билгизген ***биздин оюбузча, биздин пикирибизче, биз ойлосок, биз баамдасак*** деген сөз айкаштарын колдонот.

М.: *Сиз тандаган теманын өз табиятына карай жеке сезимдерге берилип кетпестен, сизге жете ал теманы изилдеген окумуштуулардын илимий эмгегин сыйлап, алардан алган цитаталарды тырмакчага алып, шилтеме беришиңиз керек.*

Мындайча башка адамдардын пикирин урматтоо илимде **объективдүүлүк** деп аталат. Стилде мындай сапат сакталышы керек.

Ошентип өзү тандаган баяндоонун, билдирүүнүн тибине таянып, ар бир главага кыскача ой корутунду чыгарып, акырында бардык илимий жыйынтыгы корутундуда берилет. Акырында колдонулган адабияттардын толук тизмеси (алфавиттик тартипте) берилет.

Мисалдар, далилдер, ишенимдер түшүнүктүү, тыянактуу болушу керек.

ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК СТИЛЬ

Публицистикалык стиль белгилүү бир коомдук саясий чөйрөдөгү сүйлөөнүн функционалдык түрүн тейлейт. Ал коомдогу саясий-идеологиялык, экономикалык, маданий, спорттук билдирүүлөрдү радио-телеберүүдө, күндөлүк басма сөздө угуучуларга, окуучуларга тез, так, таасирлүү, көркөм, элестүү кылып берет. Аталган стилдеги **«публико»** – көпчүлүк, угуучулар (коом) деген түшүнүк берет. Бул стилдин максаты – биздин өлкөдөгү, чет элдеги болуп жаткан саясий окуялардан, кокустуктардан өз учурунда тез жана сапаттуу түрдө маалымат берип, калайык калкка коомдук ой жаратып, аны жактыруу-жактырбоо, кубаттоо же ага каршы аракеттенүүсүн пайда кылуу.

Стилдин жазуу түрүндө күндөлүк басма сөздүн, газета-журналдын түрү, оозекисине: радио-телеберүүлөр, публикалык лекция, чоң жыйындардагы агитация жана пропаганда, ораторлук сүйлөө кирет. Стилдин бул түрүндө берилген билдирүүлөр, маалыматтар көпчүлүктү коомдогу саясий жаңылануу, ой-пикирге ынандырууга, ага чакырууга, уюштырууга, элди демократиялык адилеттүүлүккө тарбиялоого негизделет. Демек, бул стилде сүйлөөнүн кайсы түрү болбосун, көпчүлүктүн тигил же бул саясий көз карашка үгүттөөгө арналгандыктан, анда коомдук саясий сөздөр, эмоционалдуу-экспрессивдүү чакырыкка ылайык тилдик каражаттар колдонулат.

Газетага, журналга жарыяланган материалдардын баары эле аталган стилге толук тиешелүү эмес, анткени анда көркөм чыгармалардан (аңгеме, повесть, роман) үзүндү, мамлекеттик документтер (мыйзам, указ, токтом

ж.б.) да басылат, алар публицистикалык материал боло албайт. Бирок аталган стилде билдирүү, маалымат берүүдө колдонулат. Ошентип, массалык маалымат каражаттары жаңылыктарды тез, өз убагында чагылдырат, мындай иш-аракет алардын маалыматты берүүчү кызматына туура келет.

Ал эми алгачкы маалыматты журналист фактыга, чындыкка таянып, угуучуларды, көрүүчүлөрдү ошол учурда болуп жаткан көрүнүшкө, окуяга аралашып жүрүп, өзү эң мүнөздүү деп эсептеген чындыкка талдоо жүргүзүп, ар бирин атап көрсөтөт. Алсак, өкмөттүн сырткы саясатын, ички тартиптин чыңалышын, бажы кызматынын (таможнянын), бийлик башындагы кызматкерлердин пара албай калганын факты менен далилдеп, качан, кайсы убакта өз көзү менен көргөн, билген адамдардан сурамжылап, маалымат берет. Мындай учурда түз маанидеги сөз айкаштары, коомдук саясий терминдер, мекемелердин, уюмдардын, кишилердин географиялык аттары ж.б. колдонулат.

Жерин айдап, эгинин себе албай, күйүүчү майы, себүүгө уругу жок отургандарды көрүп эле тим болбостон, журналист ага өз мамилесин билдирип, суроо-жооп менен дагы тактап, аларга таасир этиш үчүн аны пропагандалоо, үгүттөө максатында ал адамдардын айылдык банктарга кайрылып, кышында эле жазга камынбагандыгын, аракетсиздигин, кенебестигин билгизип, окуяга акыйкаттык менен коомдук позициядан туруп мамиле жасайт.

Журналисттин алган темасына, максатына карата окуяны элестүү, көрктүү кылып, ой-пикирин фактыга, материалдарга таянып көрсөтүп бериш үчүн **көркөм-публицистикалык жанрды тандайт.**

Мисалы, **«Карылар үйү керекпи?»** деген темада алгач журналист ой жүгүртөт. Бала бакча керек, ал эми карылар үйүчү?! Ал адамдардын балдары болсо,

карыганда бакпай, карабай койдубу, чын эле керекпи? Аңдай үйлөр барбы?! Кыргыз элиндеги менталитет, элдик салт, ата-эненин орду, боорукерчилик, адамкерчилик, ыймандуулук кайда? – деген суроолорго жооп издеп, аргументтүү факты-материалдарды жыйнайт. Өкмөт жардам бердиби? Ал жетиштүүбү? Ал жайда, карылар үйүндө, кимдер, кандай адамдар жатат? Эмне үчүн?!.. Ошондой ырайымсыз балдардан кор болгон ата-энеге эл шайлаган депутаттар кандай жардам көрсөттү? Алардын татаал тагдырына боорукерлик менен мамиле кылып, талаада калган ата-энеге депутаттар мыйзам чыгарып, алимент чектеп бердиби? Эмне үчүн?.. – деген суроолордун үстүндө баш катырып, маселенин түпкү негизин, сырын ачып, жан дилинде күйүп-бышып, калайык-калкка жалындуу чакырык таштоого, ан үчүн интервью алып, репортаж берүүсү да керек.

Мындай публицистикалык макаланы жазууда сүйлөөнүн ар кандай функционалдык типтерине (баяндоо, билдирүү, ой жүгүртүү, сүрөттөө) өзүнө шайкеш стилдик ыкма менен автордун максаты, тандаган темасы, жанрдын өзгөчөлүгүнө карай анын чиелениши, чечилиши, ага карата жеке ой-пикири, сунушу, акырында ой корутунду чыгарат.

Ой корутундусунда кайсы депутатка, өкмөттүн бийлигине, шаардын мэрине, райондун администрациясына, социалдык фонддун (республикалык) төрагасына барганда берген жообу, аны комментариялоо менен аналитикалык ой жүгүртүп, ага ылайык конкреттүү сунуштарын көрсөтөт.

Ошентип, публицистиканын негизги максаты өтө кенен чөйрөдөгү угуучулар менен көрүүчүлөргө азыркы учурдагы актуалдуу деп эсептелген маселелерден информация берет. Ал журналист өзүнүн жалындуу чакырыгы менен белгилүү бир коомдук аң-сезимге, угуучулардын ой-пикирине таасир этип, аларды акыл калчоого калыптандырып, ишендире алышы керек.

«Советтик публицистика гана коомду башкарып, аларды уюштуруу милдетин аткарат. Газета – коллективдүү пропагандист эле эмес, ал коллективдүү агитатор, ошондой эле коллективдүү уюштургуч»*, – деген В.И.Ленин. Публицистиканын мындай функциясы бири-бирине өтө тыгыз байланышта болуп, бир учурда ишке ашат..

Публицистикалык материалдын мазмуну, анын тандалышы информативдик жана баалоочулук сыяктуу эки элементтен туруп, факты-материалдарды ошол коомдун саясий позициясына (көз карашына) карай иштеп чыгып, анализдеп, аны социалдык-практикалык мүнөздөгү иш-аракеттердин жыйынтыгы менен айкалыштырып, сөздөн ишке өтүүгө жетишиши керек.**

Публицистикалык стилдин тексттеринде кенен колдонулган баалык, өзгөчө экспрессивдик макалалар бар: жаман жактарын, коомго жат көрүнүштөрдү билдирүүчү: кара тамандар, кызыл кулактар, боевиктер, фашисттик көз караштагылар, уят-сыйытсыз кутурган жаштар жана ачык таасирдүү: кайраттуу каарман, баатырларча көрсөткөн эрдик, тайманбастык, жемиштүү, натыйжалуу ийгилик, эпкиндүү сокку уруучу бригада, баалуу, барктуу ж.б. сөздөр публицистикалык стилдин негизги таасир этүүчү милдетине (функциясына) таандык. Массалык маалыматта таркатылган маалыматтардын мазмуну калың элдин катмарына, рухий, социалдык укуктун нормаларына ылайык коомдун калыптануусуна негизделген билдирүүлөр угуучуларга идеологиялык жактан таасир этип, алардын бир бөлүгүнүн көңүлүн, ой-пикирин иштин чечилишине, баалуулугуна карай буруп, көпчүлүк элди ынандырып, аларга оң таасир этип, артынан ээрчитет *** Мына

---

* Ленин В.И. С чего начать? Полн. собр. соч, т. 5. – С. 11.

** Стилистика русского языка. – Л., 1982. – С. 225.

*** Социальная психология. – М., 1975. – С. 169.

ушундай бир адамга эмес, көпчүлүк эл масасына таасир этүү – публицистикалык стилге мүнөздүү көрүнүш. Мындай типтүү көрүнүштөгү стандарттын экспрессияга өтүүсү жаңы тилдик каражаттардын тандалып айтылышына байланыштуу болот Мисалы, *кансыз согуш, агрессивдүү таймаш, абалдын курчушу, жабыла куралдануу, куралдын дүрмөтүн алуу* сыяктуу метафоралар стандарттык колдонуштан түз эле ал сөздөр коомдук-саясий термин катары кабылданылат.*

Журналист болуп жаткан чындыкты, окуяны, көрүнүштү өзү көрүп, билип туруп, аны таасирдүү, жеткиликтүү кылып, ошого аралашкан адамдарды күбөгө тартып, маалымат берүү максатын көздөсө, анда информациялык жанрдын түрлөрү: заметка, репортаж, отчет, интервьюну пайдаланат.

Ал эми көргөн-билген фактылар талданып, жалпыланып, анын негизинде белгилүү бир проблемалык маселелер көтөрүлүп, аны ар тараптан кароонун зарылчылыгы туулса, **анда журналист аналитикалык жанрга**, б.а., статья (макала) рецензия (сын пикир), басма сөздөгү билдирүүлөргө жалпы обзор берилип, талап коюучулук менен элдин атынан кайрылат.

Ошентип, фактылар арткы планга жылдырылып, андан алынган ой корутундуларды, чындыктарды көркөм, элестүү, образдуу кылып чагылдыруу максатын көздөсө, **көркөм публицистикалык жанр тандалат**.**

Публицистикалык стилдин бир түрү болгон **ораторлук стиль** оозеки түрдө эл массасына таасир этиш үчүн колдонулат. Ораторлук стилдин негизги стил-

---

* Сиротинина О.Б. Русская разговорная речь. – М., 1983. – С. 9.

** Давлетов С.А. Байланыштуу речь. Мугалимдер үчүн колдонмо. – Б., 1999. – 52- б.

дик каражаты болуп, сүйлөөнү түзүүдө угуучуга өзгөчө таасир этүүчү (период) пикирди толук айтуу үчүн кайталануучу мөөнөттүк бирдик **анафора** болуп эсептелет. Алар: лексикалык, синтаксистик, фонетикалык анафоралар сүйлөөнүн стилистикалык фигуралары, б.а., биринчи окшош сөздү сүйлөөдө, ар бир параллелдик кайталоодо угуучунун, окуучунун ой сезимине окшош эмес экспрессивдүү стилдик ыкма менен таасир этүү. Мисалы:

Энесай, сендей жаркын өзөн барбы?
Энесай, сендей жаркын мекен барбы?
Энесай, сендей кыйын азап барбы?
Энесай, сендей ыйык азат барбы?

Энесай, сендей жаркын өзөн болбос,
Энесай, сендей жаркын мекен болбос!
Энесай, сендей кыйын азап болбос,
Энесай, сендей ыйык азат болбос!*

Публицистикалык стилде таасир берүүчү функция, маалымат берүүчү функция менен бириктирилип, анда кенен тематикадагы суроолор көтөрүлүп, учурдун актуалдуу проблемалары, коомдук кызыкчылыкта жаратуучу саясат, экономикалык, моралдык, философиялык, маданияттык маселелер чагылдырылат. Публицистикалык стилде коомдук-саясий адабияттарда, мезгилдүү басмада, саясий чыгып сүйлөөлөрдө, газет-журналдарда маалыматтын кенен таралышына чоң маани берилет.

Газеттик тилдин негизги өзгөчөлүктөрү булар:

1. Тилдик каражаттарды үнөмдүү колдонуу менен, маалымат берүүдөгү сүйлөөнүн тактыгы, логикалуулугу;

2. Тилдик каражаттарды жеткилең кылып бериш үчүн (газета ж.б. массалык маалымат каражаттарынын

---

* Айтматов Ч. Гүлсарат. – Ф., 1978. – 223- б.

түрлөрүнүн колдонулушу) аныктап, талдап, жалпак, жатык тил менен жалпы элдин калың катмарына оңой, жеткиликтүү түшүндүрүү;

3. Коомдук-саясий лексиканын, фразеологизмдин, идиоманын, көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу, башка стилдердин ой жүгүртүүсүнө (көбүнчө терминологиялык) окшоштугу, байланышы;

4. Берилген стилге стереотиптердин (б.а., өзгөртпөй кайталап колдонулган) мүнөздүү түрдөгү пайдаланылышы;

5. Жанрдык ар түрдүүлүк жана тилдик каражаттарды колдонуудагы стилдик жактан сөздүн көп маанилүүлүгү, жаңы сөздүн пайда болушундагы тышкы жана ички ресурстар (автордук неологизмдер), экспрессивдик тилдик каражаттар;

6. Публицистикалык стил менен кошо башка функционалдык стилдердин биригүү мүнөздөрү (илимий, официалдуу, иштиктүү, көркөм, сүйлөшүү), тематикасы менен айрым жанрдын түрлөрүн шарттуу түрдө өзүнө сиңирип, аларды билдирүү, маалымат берүү үчүн колдонулат;

7 Тилдик көркөм каражаттарды, көбүнчө стилистикалык, синтаксистик каражаттарды (риторикалык суроолор, илептүү сүйлөмдөр, параллелизмдер, каймана маани менен инверсия ж.б.) колдонуу менен айырмаланат.

КОРУТУНДУ

Бир китепти экиге бөлгөндө, адепкисинен ашып калган бөлүм кийинки экинчи китепке кошулду.

Сүйлөө маданиятын теориялык жактан негиздөөчү белгилердин бири тил менен сүйлөөнү айырмаладык.

Сүйлөө жана анын мүнөздүү белгилери, ага аныктама, анын стилдери; стиль, анын түрлөрү жана сүйлөөнүн оозеки жана жазуу стили жөнүндө теориялык пикир айтылды.

Оозеки сүйлөшүү стили, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш чөйрөсү, милдети, өзгөчөлүктөрү, андагы тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик), көркөм стиль, анын мүнөздүү өзгөчөлүгү, колдонулуш чөйрөсү, милдеттери (билдирүү, пикир алышуу, таасир этүү), тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик), сүйлөө стилдеринин стилдик белгилери ар кандай чөйрөдө колдонулушу боюнча өз ара карым-катышы, бөлүнүшү, функционалдык стиль, анын бөлүнүшүнө тиешелүү пикирлер ортого салынды.

Официалдуу-иштиктүү стиль, анын түрлөрү. Официалдуу эмес иш кагаздары, анын мүнөздүү белгилери. Кулактандыруу, арыз, рапорт, чакыруу билети. Өмүр баян, мүнөздөмө, аннотация, түшүнүк кат, тил кат, токтом (жыйналыш), отчет.

Илимий стиль, анын (мүнөздүү белгилери) колдонулуш чөйрөсү, милдети, өзгөчөлүгү, колдонулуучу тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, стилистикалык). Илимий стилде аткарылуучу практикалык иштер: реферат, конспект, цитата.

Публицистикалык стиль боюнча жалпы маалымат. Анын колдонулушу, милдеттери, чөйрөсү, колдонулган тил каражаттары.

Публицистикалык стилде аткарылуучу практикалык иштерге мүнөздөмө (макала, дубал газета). Гезиттик жана журналдык кабарлар, жаңылыктар. Сын пикир (окуган китебине, фильмдерге). Интервью, репортаж, портреттик очерк. Макала, очерк, фельетон, эл аралык кабар.

Сүйлөөнүн стилдери боюнча машыгуу иштери: оозеки жана жазма стилдин үлгүсүндө салыштыруу, окуучуларга диалог курдуруу. Көркөм стилди оозеки стиль менен салыштыруу. Үлгүнүн негизин берүү. Кулактандыруу, арыз ж.б. Сүйлөөнүн стилдеринде тил каражаттарынын колдонулушу, сүйлөөнүн типтери (сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү) боюнча жалпылыкты, айырмачылыкты өздөштүрүп, бирин экинчисинен айрмалай алууга машыктыруу жагдайында ой айтылып, мисалдар берилди.

Ой жүгүртүүнүн структурасы: тезис, далилдер, тыянак, аларды байланыштыруучу грамматикалык каражаттар ой жүгүртүүнүн баяндоо менен сүрөттөөдөн айырмачылыгы – сүйлөөнүн түрлөрү менен сүйлөөнүн стилдеринин карым-катышы: ой жүгүртүүнүн илимий стилдеги орду.

Стиль жана стилистика. Стилистика, анын милдети жана изилдөө объектиси. Кыргыз адабий жазма тилинин өнүгүү этаптарында пайда болгон функционалдык стилдер жөнүндө маалымат. Стиль, аны тар, кең мааниде түшүнүү. Стилдин образ түзүүдө адабияттын теориясы, лингвистика менен карым-катышы, Стилистика, анын бөлүнүшү.

Стилистика, анын мазмунун түзүүчү:

адабий тилдин нормасы,

стиль,

стилдик маани (стилдик окраска).

Стилдик маани эки түрдүү бирдиктен турат:

а) функционалдык мааниде;

б) экспрессивдик мааниде ж.б. айтылуучу ойдун көркөмдүгү.

Функционалдык стилдин түрлөрүнө мүнөздөмө.

Стилистиканын башка илим тармактары (логика, психология, социология, педагогика) менен болгон катышы.

Стилистиканын тилдик системасына, структуралык бирдигине карай бөлүнүшү:

а) фоностилистика;

б) лексикалык стилистика;

в) морфологиялык,

г) синтаксистик стилистика.

Функционалдык стилдин стилистикалык системасы – анын объектиси. Функционалдык стилистика – сүйлөөнү окутуучу илим.

Функционалдык стилдин түрлөрү, алардын мүнөздүү белгилери.

Стилдик ката.

Стилдик боёкчо жөнүндө да пикир айтылып, мисалдар менен толукталды. Биздин окуу куралы катары жазылган эмгекте алиге тактоону талап кылуучу, так чечиле элек терминдер, теориялык маселелер да жок эмес. Ошондуктан, мүмкүн болсо кийинки жылы теориялык ой-пикирлерди практикалык көнүгүүлөр, тексттер, так маалыматтар менен толуктайбыз деген ой бар.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Азыркы кыргыз тили. – Ф.: Мектеп, 1978.

2. Айтматов Ч. Гүлсарат. – Ф.: "Кыргызстан", 1978.

3. Айтматов Ч. Үч томдон турган чыгармалар жыйнагы. – Ф., 1982.

4. Айтматов Ч. Саманчынын жолу. – Ф., 1963.

5. Айтматов Ч.// Кыргызстан маданияты, 1977, 1-январь.

6. Акматов Т., Давлетов С., Сартбаев К., Иманалиев С. Тил илимине киришүү. – Ф.: Мектеп, 1980.

7. Аксенов В. Искусство художественного слово (в разделе «Ритм»). – М.: ИАПН РСФСР, 1962.

8. Актуальные проблемы культуры речи. М.: Наука, 1970.

9. Александрова З.Е. Словарь синонимов русского языка.// СЭМ, 1971.

10. Алымов Б.А. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. – Ф.: «Мектеп», 1981.

11. Античные теории языка и стиля. – М., 1936.

12. Арнольд И.В. Стилистика современного английского языка. – М.: Высшая школа, 1990.

13. Артемов В.А. Курс лекций по психологии. – М., 1958.

14. Артемьев В.А. Экспериментальная фонетика. – М., 1956.

15. Ахматов Т Звуковой строй современного кыргызского литературного языка. II часть. – Ф.: «Мектеп», 1970.

16. Ахматов Т Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, лексика. – Ф.: «Мектеп», 1976.

17. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. – Ош, 2000.

18. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. Функционалдык стилдер. – Б., 2004.

19. Бала тили балдан таттуу.// Байчечекей, 1982, № 2.
20 Барлас Л.Г Русский язык. Стилистика. – М.: Учпедгиз, 1978.
21. Бархударов С.Г., Крючков С.Е., Максимов Л.Ю., Чешко Л.А. Русский язык. – М. 1982.
22. Бернштам А.Н. Очерки истории хуннов. – Л., 1951.
23. Биялиев А. Кыргыз адабий тили жана анын адабий нормасы. – Б.: Учкун, 2002.
24. Блинов И.Я. Выразительное слово учителя словесника. – М.: Учпедгиз, 1963.
25. Блинов И.Я. Выразительное чтение и культура устной речи. – М.: Учпедгиз, 1946.
26. Блинов И.Я. О культуре речи. – М.: Гослитиздат, 1959.
27. Бородич А.М. Методика развития речи детей. – М.: Просвещение, 1981.
28. Буланин Л.Л. Фонетика современного русского языка. – М.: Учпедгиз, 1970.
29. Введение в языкознания, ч. II. М., 1950.
30. Вестник Московского университета, 1951.
31. Виноградов В.В. Избранные труды. – М., 1975.
32. Виноградов В.В. О теории художественной речи. – М., 1971.
33. Виноградов В.В. О языке художественной литературы. – М., 1959.
34. Виноградов В.В. Проблемы авторства и теория стилей. – М. 1961.
35. Виноградов В.В. Проблемы культуры речи и некоторые задачи русского языкознания.// Вопросы языкознания, 1964, № 3.
36. Виноградов В.В. Проблемы русской стилистики. – М., 1981.
37. Виноградов В.В. Стилистика. Теория поэтической речи. Поэтика. – М., 1963.
38. Винокур Г.О. Избранные работы по русскому языку. – М.: Госиздат, 1959.

39. Вопросы культуры речи. Вып. 1–8. – М., 1955–1962.

40. Выразительное чтение. Сборник очерков. – М., 1963.

41. Гальперин И.Р. Очерки по стилистике английского языка. – М., 1958.

42. Гершун С.И., Жоокаев Ж., Токторов Г Т Психология боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Ф.: Илим, 1983.

43. Головин Б.Н. Основы культуры речи. – М.: Высшая школа, 1980.

44. Голуб Б. Стилистика современного русского языка. – М., 1986.

45. Горбушина Л.А. Выразительное чтение и рассказывание. – М.: Просвещение, 1975.

46. Горбушина Л.А., Николаичева А.П. Выразительное чтение и рассказывание детям дошкольного возраста. – М., 1983.

47. Горбушина Л.А., Николаичева А.П. Выразительное чтение. – М.: Просвещение, 1978.

48. Давлетов С.А. Байланыштуу речь. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: Мектеп, 1999.

49. Давлетов С.А. Эмне үчүн өнөр алды – кызыл тил?// Ленинчил жаш, 1977, 11- июнь.

50. Дүйшеев Ж. Кыргыз тилинин акцентологиясын изилдөөнүн кээ бир маселелери.// Вопросы киргизского языкознания (тематический сборник). – Ф., 1979.

51. Дүйшеев Ж. Мектепте көркөм окуунун методикасы. Мугалимдер үчүн колдонмо. – Б.: Мектеп, 1988.

52. Дүйшеев Ж. Функционалдык стиль жөнүндө кыскача маалымат. В кн.: Проблемы терминологии и грамматическая структура киргизского языка. Сборник научных трудов. – Ф., 1984.

53. Дүйшеев Ж. Эмоционалдуу-экспрессивдүү лексиканын көркөм окуудагы кээ бир өзгөчөлүктөрү.// Эл агартуу, 1978, № 5.

54. Дуйшеев Ж. Интонация простого повествовательного предложения в современном кыргызском языке (опыт экспериментального фонетического исследования). Автореф. канд. диссерт. – Ф., 1980.

55. Ефимов А.Н. Некоторые задачи изучения образной речи.// Русский язык в школе, 1960, № 3.

56. Жанбалаев А. Туура сүйлөөгө үйрөнсөк.// Ленинчил жаш, 1982, 24- август.

57. Жантөшев К. Каныбек. – Ф.: Кыргызстан, 1972.

58. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Ф.: Мектеп, 1979.

59. Жапаров А., Орузбаева Б., Абдулдаев Э. Кыргыз тили. IX–X класстар үчүн окуу китеби. – Ф.: Мектеп, 1968.

60. Жапаров Ш., Сейдакматов К. Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү. – Ф.: Илим, 1984.

61. Жинкин Н.И. Механизм речи. – М., 1958.

62. Зиндер Л.Р. Общая фонетика. – Л.: Наука, 1960.

63. Зиндер Л.Р Общая фонетика. – М.: Высшая школа, 1979.

64. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1976.

65. Иманалиев С. Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр. – Ф.: Мектеп, 1969.

66. Өмүралиев Б. Кыргыз тили. II бөлүк. Синтаксис. Жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин IX классы үчүн окуу китеби. – Б., 2004.

67. Өмүралиева С. Көркөм текстти лингвистикалык талдоо боюнча (Ч.Айтматовдун «Жамийла» повести) окуу-методикалык колдонмо. – Ф., 1987

68. Каимов К. Акырын күтпө. – Ф., 1984.

69. Карасаев Х.К. Өздөштүрүлгөн сөздөр. – Ф., 1986.

70. Касымбеков Т. Сынган кылыч. – Ф., 1979.

71. Кептин официалдуу иш стили. – Б., 1999.

72. Кожина М.Н. Стилистика русского языка. – М.: Просвещение, 1977.

73. Команский Б. Логика в структуре языка. – М., 1965.

74. Костомаров В.Г Проблемы культуры речи. В кн.: Теоретические проблемы советского языкознания. – М., 1968.

75. Костомаров В.Г Леонтьев А.А. Некоторые теоретические вопросы культуры речи.// «ВЯ», 1966, № 5.

76. Курманалы уулу К., Айылчы кызы Т. Окуу жайларда иш кагаздарды жүргүзүү боюнча нуска. – Б., 1995.

77. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. I бөлүм. Фонетика жана морфология. – Ф.: Илим, 1980.

78. Кыргыз тили жана адабиятынын программасы. – Ф.: Мектеп, 1987.

79. Кыргыз тилинин программасы. V–XI класстар үчүн. – Б.: Педагогика, 2000.

80. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын очерки. – Ф.: Илим, 1973.

81. Кыргызча-орусча сөздүк. Түзгөн К.К.Юдахин. – М., 1965.

82. Ленин В.И. С чего начать? Полн. собр. соч, т. 5.

83. Логинова К.А. Деловая речь и её стилистические изменения в советскую эпоху. Сб. «развитие функциональных стилей современного русского языка». – М.: Наука, 1968.

84. Маразыков Т. Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар. III китеп. – Б.: Бийиктик, 2005.

85. Маразыков Т. Текст таануу жана анын айрым маселелери. I китеп. – Б.: Бийиктик, 2005.

86. Маразыков Т. Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы. II китеп. – Б.: Бийиктик, 2005.

87. Матиев К. Турмуш художниктин көзү менен. – Ф., 1970.

88. Методика развития речи на уроках русского языка. – М., 1980.

89. Мусаев С. Кеп маданияты жана норма. – Б., 1999.

90.Мусаев С. Кеп маданиятынын маселелери. – Б., 1993.

91. Николаичева А.П. Выразительное чтение и

рассказывание детям дошкольного возраста. – М.: Просвещение, 1978.

92. Ножин Е.А. Основы советского ораторского искусства. – М.: Знание, 1973.

93. Нурмуханова А.Н. Менерлеп оку маселелери. – Алматы: Китеп, 1976.

94. Нурмуханова А.Н. Типы предложений по модальности и интонации в тюркских языках. – Ташкент, 1977

95. Нурмуханова А.Н. Типы простого предложения в тюркских языках. – Алма-Ата, 1965.

96. Об ораторском искусстве. – М.: Знание, 1980.

97 Орхон-Енисей тексттери. – Ф., 1982.

98. Осмонкулов А. Фонетиканы окутуу жөнүндө. – Ф.: Мектеп, 1965.

99. Основы культуры речи. Хрестоматия. – М.: Высшая школа, 1984.

100. Пешковский А. Интонация и грамматика.// Изв. ОРЯС, т. 1., 1948.

101. Программа дициплины «Основы культуры речи и стилистики». Для государственных университетов. Специальность 2001 – Русский язык и литература. – М.: МГУ, 1986.

102. Пустовалов П.С., Сенкевич Н.П. Пособие по развитию речи. – М.: Просвещение, 1976.

103. Разинкина Н.М. Функциональная стилистика английского языка. – М., 1989.

104. Розенталь Д.Э., Теленкова М.А. Словарь лингвистических терминов. – М., 1085.

105. Русские писатели о языке. Хрестоматия. – Л., 1955.

106. Русско-киргизский словарь. Под ред. К.К.Юдахина. – М., 1957

107 Рыбникова М.А. Очерки по методике литературного чтения. – М., 1963.

108. Садабаев А. Сөз маданиятын өстүрүү. – Ф.: Мектеп, 1967.

109. Салиев А. Акыл-эс дүйнөсү жана көркөм элес. –

Ф.: Мектеп, 1981.

110. Сарсекеева Г Функциональный анализ паузы (экспериментальное фонетическое исследование). Автореф. канд. диссерт. – Алма-Ата, 1979.

111. Сартбаев К. К. Функционалдык стилдер жөнүндө./ / Эл агартуу, 1977, № 1.

112. Сартбаев К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1971.

113. Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1984.

114. Сартбаев К.К. Тил илиминин маселелери. – Ф.: Мектеп, 1987.

115. Сиротинина О.Б. Русская разговорная речь. – М., 1983.

116. Скворцов Л.И. Актуальные проблемы культуры речи. – М.: Просвещение, 1970.

117. Скворцов Л.И. Теоретические основы культуры речи. – М.: Просвещение, 1980.

118. Смирницкий А.И. Синтаксис английского языка. – М., 1957

119. Социальная психология. – М., 1975.

120. Станиславский К.С. Собр. сочин. Т. 3. – М.: Искусство, 1955.

121. Стержиникова В.К. Мастерство чтеца. – М., 1926.

122. Стилистика русского языка. – Л., 1982.

123. Суранчиева Б. Синонимы в киргизском языке. Автореферат канд. диссерт. – Ф., 1971.

124. Сыдыкбеков Т. Тил – биримдикке өбөлгө.// Кыргызстан маданияты, 1986, № 12, 20- март.

125. Сыдыков Ж. Байыркы кыргыз эли – кыргыз тили (тарыхый этнографиялык очерк). – Б., 2002.

126. Тезисы доклада Э.Г.Ризель в сб.: «Проблемы лингвистической стилистики. – М., 1969.

127. Турсунов А. Кыргыз тилинин тыныш белгилери. – Ф.: Мектеп, 1969.

128. Усубалиев Б. Көркөм чыгармага лингвистикалык илик. – Б., 1994.

129. Ушаков А.А. Очерки советской законодательной стилистики. – Пермь, 1967.

130. Фирсов Г.П. Значение работы над интонацией для усвоение синтаксиса и пунктуации в школе. – М.: Изд. АПН РСФСР, 1962.

131. Хангибекова Ш. Синонимы в татарском языке. Автореферат канд. диссерт. – Казань, 1962.

132. Чалкан, 1983, № 6.

133. Чалкан, 1983, № 9.

134. Черемисина Н.В. Ритмико-интонационная структура предложения в русской художественной речи. В кн.: Синтаксис и интонация. – Уфа, 1969.

135. Черемисина Н.В. Русская интонация: поэзия, проза, разговоргая речь. – М.: Русский язык, 1982.

136. Чижова Т.И. Основы методики обучения стилистики в средней школе. – М.: Просвещение, 1987.

137 Чыманов Ж. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери. – Б., 1997

138. Шарь Балли. Французская стилистика. – М.: ИЯ, 1961.

139. Щерба Л.В. Современный русский литературный язык.// Русский язык в школе, 1939, № 4.

140. Щерба Л.В. Фонетика французского языка. – М., 1953.

141. Элебаев М. Кыйын кезең. – Ф., 1980.

142. Эшиев М. Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн айрым жолдору (VI–VII класстар). – Б., 1995.

145. Юнусалиев Б.М. Адабий тилибиздин кээ бир маселелери. Китепте: Тандалган эмгектер. – Ф., 1985.

144.Язовицкий Е.В. Выразительное чтение как средство эстетического воспитания. – Л.: Ленучпедгиз, 1963.

МАЗМУНУ

КИРИШ СӨЗ.....3
СТИЛИСТИКА.....6
Жалпы элдик тил.....14
Жазма адабий тил.....15
Тил илиминин бөлүмдөрүнө стилистиканын катышы.....16
Көркөм адабий чыгармаларда эмоционалдуу-экспрессивдүү лексикалардын стилдик максатта колдонулушу.....18
Стилистикалык функция жөнүндө түшүнүк.....25
Стилистикалык каражатттар.....30
Сүйлөө маданияты жана стилистикалык норма.....32
Стилистиканын негизги категориясы, проблемасы жөнүндө түшүнүк.....37
Функционалдык стилистика.....44
Синоним жана анын айрым масселелери.....47
Синономия кубулушу жана анын түзүлүшүндөгү жергиликтүү тилдик айырмалардын ролу.....49
Орус тилинен кирген сөздөр менен төл сөздөрдүн эсебинен түзүлгөн синонимдердин стилдик өзгөчөлүктөрү.....51
Синонимдердин семантикалык-стилистикалык өзгөчөлүктөрү. Семантикалык синонимдер.....52
Стилистикалык синонимдер.....56
Фразеологиялык синонимдер.....58
Өтмө маани жана синонимия.....60

Көп маанилүүлүк жана синонимия.....62
Эвфемизмдик синонимдер.....63
Контексттик синонимдер.....64
ООЗЕКИ СҮЙЛӨШҮҮ СТИЛИ.....65
Оозеки сүйлөшүүнүн фонетикалык нормасы.....73
Көркөм окуунун, сүйлөөнүн эстетикалык өзгөчөлүктөрү.....81
Интонациянын негизги компоненттеринин сүйлөөдө, көркөм окууда колдонулушу.....91
Интонацияга жалпы мүнөздөмө.....117
Сүйлөөнүн техникасы.....125
КӨРКӨМ СТИЛЬ.....141
ОФИЦИАЛДУУ-ИШТИКТҮҮ СТИЛЬ.....148
ИЛИМИЙ СТИЛЬ.....166
ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК СТИЛЬ.....172
КОРУТУНДУ.....179
ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР.....182

Дүйшеев Жумакадыр

Культура речи и стилистика. Книга II.

Рекомендован Министерством образования Кыргызской Республики в качестве учебное пособие для учителей, студентов филологических факультетов

Учебное пособие для студентов и учителей

(на кыргызском языке)

Компьютерде верстkалаган: Б.К.Оторбаев
Корректор: Тайматова Үмүт

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун
басмаканасында басылды.
391 Бишкек шаары, Манас проспектиси, 101.

Терүүгө 2007 жылы берилди.
Басууга 2007 жылы кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16, «Прагматика V» ариби.
Офистик кагаз.
Көлөмү - 12 басма табак. Нускасы - 1000 даана.
Келишим баада.